Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза

IPHR International Partnership for Human Rights

Юристы за права человека

АКЫЙКАТ КАРЕГИ

НАЦИОНАЛЬНАЯ СЕТЬ ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА ПО МОНИТОРИНГУ СЕКТОРА ПРАВОСУДИЯ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

2- Чөйрө. Сот тутуму

Бишкек

2025

Бул аналитикалык отчет Европа Биримдигинин колдоосу астында "Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк" уюму жана "Юристтер адам укуктары үчүн" коомдук фонду (КФ) тарабынан ишке ашырылган долбоордун алкагында "Коомдук анализ институту" коомдук фонду (КФ) тарабынан жүргүзгөн мониторингдин негизинде даярдалган.

Отчет долбоордун алкагында эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндөгү сот тутуму деген аталыштагы 2-чөйрөнү камтыйт. [1] Бул отчет «Акыйкат Кареги» улуттук тармагынын мүчөлөрү жана долбоордук эксперттердин колдоосу менен жаңы усулдаманы колдонуу менен жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде даярдалган аналитикалык отчеттордун сериясына кирет.

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Басыл-манын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

[1] Усулдама (орус жана кыргыз тилдеринде) төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: https://iphronline.org/articles/new-methodology-for-.monitoring-the-criminal-justice-sector-developed/

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 1
КЫСКАРТУУЛАР 4
НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 5
УСУЛДАМА 26
БААЛООНУН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ 32
1. Соттордун түзүлүшү 32
2. Судьялар корпусун түзүүгө жооптуу органдар. Судьяларды тандоо, дайындоо жана алардын кызматтык көтөрүлүүсү 35
3. Судьяларды кызматтан бошотуу же убактылуу кызматынан четтетүү жоопкерчилиги жана негиздери 79
4. Сот төрагаларынын ролу жана макамы 112
5. Сот тутумун каржылоо 129
6. Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы 140
ЧӨЙРӨНҮ БААЛОО 147
КОРУТУНДУ 157

КИРИШҮҮ

Кыргызстандын сот тутумуна **мониторинг жүргүзүү** жана баа берүү **зарылдыгы** акыркы жылдары жүргүзүлүп жаткан реформалар менен шартталган. Бул реформалар судьялардын көз карандысыздыгын, сот органдарынын өз алдынчалыгын бекемдөөгө, адамдын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган адилеттүү жана натыйжалуу иштеген сот адилеттиги тутумун түзүүгө багытталган. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында сот реформасы үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет, бирок Кыргыз Республикасында сот тутумунун көз карандысыздыгы чакырыктардын бири бойдон калууда. Мисалы, 2023-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасында судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу милдети артыкчылыктуу багыттардын иерархиясында биринчи орунда турат[2].

2021-жылы[3] кабыл алынган жаңы Конституция менен сот реформасынын жаңы этабы башталып, сот тутумундагы кадр маселелерин чечүүгө Президенттин активдүү катышуусу кайра жандандырылды. Сот тутумунун өзүндө бийлик негизинен соттордун төрагаларынын, айрыкча Жогорку соттун төрагасынын колунда топтолгон вертикалдуу түзүм калыптанууда. Мындай шартта сот тутумунун абалын көз карандысыз баалоо өзгөчө актуалдуу маселе катары каралат. Мониторинг жүргүзүү аркылуу көйгөйлөрдү өз убагында аныктап, реформанын максаттарына ылайык, соттун чыныгы көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн сунуштар иштелип чыгышы мүмкүн. Бул иш-чаралар Кыргыз Республикасынын 2023–2026-жылдарга карата “Сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасынын алкагындагы максаттарга жооп берет.

Бүгүнкү күндө сот бийлигинин жана судьялардын көз карандысыздыгы өзгөчө маанеге ээ болуп жатат, анткени көз карандысыз сот жарандардын адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө жана өз укуктарын коргоого үмүт арта ала турган кепилдик болуп эсептелет.

Мониторингдин максаты Кыргыз Республикасында сот реформасынын учурдагы этабындагы негизги чакырыктарды аныктоо болуп саналат. Өзгөчө көңүл судьялардын жана сот бийлигинин көз карандысыздыгына таасир этүүчү тобокелдиктерди аныктоого бурулган. Бул максатка жетүү үчүн изилдөөчүлөр **ишти эки багытта** жүргүзүштү: 1) судьяларды тандоо жана дайындоо, жоопкерчиликке тартуу, сот кеңештерин түзүү жол-жоболорун мониторинг кылуу; 2) мыйзамдарды жана эл аралык стандарттарды изилдөө, ошондой эле мыйзамдардын колдонулушун талдоо аркылуу судьялардын жана сот бийлигинин көз карандысыздыгына таасир эткен негизги факторлорду аныктоо.

Изилдөөчүлөрдүн тобу сот тутумун толугу менен мониторинг жүргүзүүнү жана талдоону максат кылган эмес, алардын көңүлү негизинен эки багытка бурулган: биринчи кезекте, башка бийлик бутактарынын таасирине эң алсыз болгон аспектилерге жана экинчиден, коомдук көзөмөлгө жеткиликтүү болгон тармактарга. Айрыкча, судьяларды тандоо процессине байкоо жүргүзүлгөн. Мыйзам жана абийир менен белгиленген калыс жана адилеттүү чечимдерди

[2] Кыргыз Республикасынын 2023–2026-жылдарга карата “Сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасы. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-мартындагы №47 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2023–2026-жылдарга карата Сот адилеттиги тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасы жөнүндө.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/434916/edition/1234928/ru

[3] Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Мыйзамы URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112215/edition/1078264/ru

кабыл ала турган судьяларды дайындалышына коомдун принципиалдуу кызыкчылыгы бар экени анык.

Соттук ыйгарым укуктар берилүүчү адамдарды тандоо – жөн гана техникалык маселе эмес, ал сот тутумунун сапатын жана көзкарандысыздыгын камсыз кылуу, мыйзам үстөмдүгүнүн жана адам укуктарын коргоо, ошондой эле адилет сотко жетүүнү камсыз кылуу үчүн өтө маанилүү негизги маселе болуп саналат. Ушундай эле мааниге судьяларды жоопкерчиликке тартуу жаатында Судьяларды кеңешинин ишмердүүлүгүн изилдөө да ээ. Бул ишмердүүлүк судьялардын көзкарандысыз жана калыс иштөөсү үчүн зарыл шарттар түзүлөбү же жокпу, — дал ошого байланыштуу. Анткени тартиптик тутум судьялардын ыйгарым укуктарынын негизсиз токтотулушунан коргоону камсыз кылат же жок дегенде камсыз кылууга тийиш, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген судьяларды кызмат мөөнөттөрүнүн сакталышын камсыз кылууга багытталган. Мындан тышкары, тартиптик тутум сот тутумун терс көрүнүштөрдөн жана анын аброюна шек келтирген судьялардан тазалоо каражаты болуп кызмат кылууга тийиш жана ошол аркылуу коомчулуктун сот тутумуна болгон ишенимин бекемдейт.

Мыйзамдарды талдоо ошондой эле судьяларды дайындоо жана кызматтан алуу маселелеринде аткаруу бийлигинин ролу жана таасири, судьялардын өз алдынча башкаруу органдарынын жана сот төрагаларынын судьялардын көзкарандысыздыкты камсыз кылуудагы ролу, сот бийлигинин каржылык көзкарандысыздыгынын кепилдигин сактоо ж.б. сыяктуу маанилүү аспектилерге көңүл бурду.

Изилдөө иштери объективдүүлүк принциптерине таянуу менен жүргүзүлдү. Изилдөөчүлөр так жана ишенимдүү маалыматтарды чогултууга жана алынган маалыматтарды калыс баалоого умтулушту. Изилдөө атайын түзүлгөн суроолор менен баалоо критерийлерине негизделди. Мониторинг учурунда Адилет иштери боюнча кеңеш жана Судьялар кеңеши менен өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга өзгөчө көңүл бурулду. Мониторингдин негизги ыкмалары төмөнкүлөрдү камтыды:

- негизги органдардын ишмердүүлүгүн жана жол-жоболорун байкоо,
- адвокаттар жана судьялар менен сурамжылоо жүргүзүү,
- негизги мамлекеттик органдарга суроо-талаптарды жөнөтүү жана аларды талдоо,
- расмий веб-сайттарды изилдөө,
- сынак аркылуу тандоого катышкан тараптар, тартиптик жоопкерчиликке тартылган судьялар жана судьяларга даттанган жарандар менен маектешүүлөрдү өткөрүү.

Отчеттун структурасы алты негизги бөлүмдөн турат. *1-бөлүм "Соттордуу түзүү"*– Кыргыз Республикасында соттордуу түзүү жана жоюу тартибин сүрөттөйт. *2-бөлүм "Судьялар корпусун түзүүгө жооптуу органдар. Судьяларды тандоо, дайындоо жана кызматтык көтөрүлүүсү"*. Адилет иштери боюнча кеңеш менен Судьялар кеңешинин түзүлүшү, курамы жана укуктук макамы боюнча изилдөөлөрдү камтыйт. Бул бөлүм Кыргыз Республикасындагы судьялар тандоо тартибине кенен талдоо берет. *3-бөлүм "Судьялардын жоопкерчилиги жана кызматтан алуу (четтетүү) негиздери"* – судьяларды жоопкерчиликке тартуу тартибин жана укуктук колдонмолорду талдайт. Бул бөлүмдө судьяларды кылмыш жоопкерчилигине тартуу маселелери, тартиптик жаза менен бузуунун ылайыктуулугу, ошондой эле тартиптик жоопкерчилик негиздерин аныктоодогу укуктук аныктуулук маселелери каралат. *4-бөлүм "Сот төрагаларынын ролу жана макамы"* – Кыргыз Республикасында сот төрагаларынын дайындалышы, укуктук макамы жана алардын судьялардын көзкарандысыздыгына тийгизген таасирин изилдейт. *5-бөлүм "Сот тутумун каржылоо"* – сот тутумунун бюджети кандайча түзүлөрүн жана судьялардын материалдык-финансылык жана социалдык корголушу маселелерин сүрөттөйт. 6-бөлүм "Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы" –

судьялардын алмашкыс болушу принцибин колдонуудагы учурдагы маселелерди жана аны коргоого багытталган мыйзамдык жана институционалдык чараларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды камтыйт.

Учурдагы изилдөө:

- Кыргызстандын сот тутуму бийлик бутактарынын бөлүнүшү принцибине ылайык кандайча иштеп жатканын аныктоого жардам берет;
- улуттук сот тутумунунун эл аралык стандарттарга канчалык деңгээлде шайкеш келерин аныктоого мүмкүндүк берет. Улуттук сот тутумунунун эл аралык стандарттарга шайкеш келиши — адам укуктарын коргоонун, мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөнүн, сот адилеттигине болгон ишенимди жогорулатуунун жана өлкөнүн эл аралык аренада туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү шарты болуп саналат;
- судьяларды дайындоо, ротациялоо жана тартиптик жоопкерчиликке тартуу жол-жоболору сыяктуу сот тутумдагы негизги чакырыктарды аныктоого мүмкүндүк берет. Бул талдоонун негизинде сот тутумун реформалоо боюнча анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган конкреттүү сунуштар иштелип чыккан;
- играет важную роль в повышении прозрачности работы судов и повышении доверия общества к судебной системе;
- Сот органдарынын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатып, коомдун сот тутумуна болгон ишенимин арттырууда маанилүү роль ойнойт;
- изилдөөнүн жыйынтыктары судьялардын көз карандысыздыгын бекемдөөгө жана сот органдарынын ишин жакшыртууга багытталган мыйзам чыгаруу жана институционалдык реформалар үчүн негиз болуп бере алат. Бул туруктуу жана адилеттүү сот адилеттиги тутумун түзүүгө көмөктөшөт.

Изилдөө бир катар чектөөлөргө туш болду. Алар маалыматка жетүүнүн чектелгендиги, Судьялар кеңешинин жана анын Тартип комиссиясынын жыйындарынын жабык мүнөзү, аккредитация жана меморандум талаптары, ошондой эле Судьялар кеңешинин жана Сот адилеттиги боюнча кеңештин веб-сайттарынын жетишсиз ачык-айкындуулугу менен байланыштуу болду.

Изилдөөчүлөрдүн тобу бул долбоорду колдогон бардык катышуучуларга — жергиликтүү эксперттерге, сот тутумунун өкүлдөрүнө, эл аралык консультанттарга жана донорлорго ыраазычылык билдирет.

КЫСКАРТУУЛАР

АМТ	Автоматташтырылган маалыматтык тутум
ИФТБ	Иштерди автоматтык түрдө бөлүштүрүү
КРСА	Кыргыз Республикасынын судьялардын ассоциациясы
САЖМ	Сот адилеттигинин жогорку мектеби
ММП	Мамлекеттик максаттуу программа
СК ТК	Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы
ЖК	Жогорку Кенеш
КР	Кыргызская Республика
КМ	Конституциялык мыйзам
КК	Көзөмөлдөөчү көрсөткүч
Усулдама	Жазык сот адилеттиги тутумун мониторинг жүргүзүү усулдамасы
ЖСУЭП	Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт
ЖКУ	Жарандык коом уюмдары
ЖӨБО	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
САК	Сот адилеттиги боюнча кеңеш
ММК	Массалык маалымат каражаттары
СК	Судьялар кеңеши

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР
Кыргыз Республикасында соттордү түзүү, кайра түзүү жана жоюу маселелери Конституция деңгээлинде бекитилген, бул соттук тутумдун туруктуулугун камсыз кылып, аткаруу бийлигинин негизсиз кийлигишүүсүн четтетет. Бирок институционалдык көз карандысыздык формалдуу түрдө корголгону менен, жергиликтүү соттордү түзүү жана кайра түзүү тартиби так жана деталдуу жөнгө салынган эмес. Бул коомдук кызыкчылыктар жана соттордун өз алдынча башкаруу органдарынын пикири эске алынбастан чечимдердин кабыл алынышына алып келүү коркунучун жаратат. Ошондой эле бул сот тутумун уюштуруудагы процесстердин ачык-айкындуулугун жана алдын ала божомолдонуусун жогорулатууга багытталган мыйзамдык базаны өркүндөтүүнүн зарылдыгын көрсөтөт. Кыргыз Республикасында судьялар корпусун түзүү үчүн судьялардын өз алдынча башкаруу принциптерине жана сынак ыкмасына негизделген база түзүлгөн. Ошол эле учурда, ачык-айкындуулукту, инклюзивдүүлүктү жана жол-жоболордун институционалдык көз карандысыздыгын камсыз кылууга байланыштуу айрым чакырыктар сакталып калууда. Сот адилеттиги боюнча кеңеште саясий органдардын өкүлчүлүгү судьяларды тандоо жана дайындоо чечимдерине таасир этүүгө жол бербөө максатында мындан ары тең салмактуулукту талап кылат. Судьялар кеңешинин иш тартиби жана практикасы, анын ичинде жыныстык жана региондук өкүлчүлүк маселелери, ошондой эле жол-жоболордун ачык-айкындуулугу эл аралык стандарттарга ылайык кошумча өркүндөтүлүшү мүмкүн. Кадрдык чечимдерди, анын ичинде жогорку сот кызматтарына дайындоону кабыл алууда объективдүүлүктү жана калыстыкты камсыз кылуу өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин аткаруу бийлигине каржылык көз карандылыгы, анын билим берүү программаларынын жогорку потенциалына жана актуалдуулугуна карабастан, судьялардын квалификациясын жогорулатуу тутумунун институционалдык автономиясын чектейт. Жалпысынан, ачык-айкындуулук, отчеттуулук жана кесипкөй коомчулуктун катышуусу механизмдерин өнүктүрүү судьялык өз алдынча башкаруучу институттарга болгон ишенимди бекемдөө үчүн маанилүү багыт бойдон калууда. Мамлекетте судьялардын тартиптик жоопкерчилигинин мыйзам менен бекитилген негиздери каралган, алар укуктук аныктуулук принцибине шайкеш келет. Ошол эле учурда, айрым баалоочу мүнөздөгү жоболор мыйзам деңгээлинде так көрсөтүлбөй калган, бул нормаларды бир түрдө колдонууга тоскоолдук жаратат. Тартиптик жана этикалык бузууларды так ажыратуу зарылдыгы, ошондой эле бузуулардын оордук даражасына жараша градациясынын жоктугу, укуктук базаны өркүндөтүү потенциалын көрсөтөт. Тартип комиссиясынын түзүмү жана анын Судьялар кеңеши менен болгон байланышы тартиптик өндүрүштүн көз карандысыздыгы менен калыстыгын камсыз кылуу кепилдиктерин мындан ары бекемдөөнү талап кылат. Судьяларды мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу жол-жоболоруна саясий органдардын катышуусу сезимтал маселе бойдон калууда жана сот тутумуна басым жасоого жол бербөө максатында кошумча тең салмактуулукту талап кылат. Мындан тышкары, тартиптик чечимдерге апелляциялык даттануу механизмдеринин жоктугу, мындай өндүрүштөр боюнча маалыматтын чектелүү ачыктыгы жана судьяларга карата кылмыш ишин козгоонун алгачкы этаптарындагы жол-жоболордун жөнгө салынбагандыгы судьялардын көз карандысыздыгы менен сот бийлигинин жоопкерчилигине коркунуч

жаратат. Ушул контекстте адилет жол-жобонун жана судьялардын көз карандысыздыгынын институционалдык механизмдеринин кепилдиктерин бекемдөө артыкчылыктуу милдет бойдон калууда.

Соттордун, айрыкча Жогорку соттун төрагаларынын ролу учурдагы башкаруу моделинин шартында кыйла жогорулады. Жогорку соттун төрагасын дайындоо боюнча көп баскычтуу тартиби бар экенине карабастан — Судьялар кеңеши, Президент жана Жогорку Кеңеш катышкан — бул процесстин бардык баскычтарында ачыктыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылууда көйгөйлөр сакталып келет. Жол-жоболордун так жөнгө салынбагандыгы жана ачык добуш берүүнүн практикасы Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнө саясий басым көрсөтүү жана процесстин саясатташуу коркунучун жаратат. Жергиликтүү соттордун төрагаларына Жогорку соттун төрагасы тарабынан дайындоо соттук тутумдун ичиндеги вертикалды күчөтүп, иш бөлүштүрүү жана кадр маселелеринде ыйгарым укуктардын топтолушуна алып келет. Өлкөдө эл аралык стандарттарга ылайык автоматташтырылган иш бөлүштүрүү тутуму киргизилгенине карабастан, төрагалардын тартиптик өндүрүштү баштоо, судьяларды которуу жана ротациялоо боюнча ыйгарым укуктары кошумча кепилдиктерди талап кылат. Бул судьялардын институционалдык көз карандысыздыгын сактоо жана мүмкүн болгон басымдын алдын алуу үчүн маанилүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары сот бийлигинин каржылык көз карандысыздыгы үчүн негиз түзөт. Бул бюджеттик суроо-талаптарды өз алдынча даярдоо укугун жана судьялар үчүн материалдык жана социалдык камсыздоо механизмдерин камтыйт. Ошол эле учурда, каржылоонун жетиштүүлүк критерийлери боюнча маселелер чечилбей келет: сотторго бөлүнгөн каражаттар дайыма эле суралган көлөмдөн аз болуп, сот тутумуна кеткен чыгымдардын үлүшүн көбөйтүүгө багытталган мамлекеттик программалардын көрсөткүчтөрү жетишилбей келет. Бул сот бийлигинин институционалдык өнүгүүсүн жана адилеттиктин натыйжалуулугун чектеши мүмкүн. Президент тарабынан белгиленген эмгек акы шарттары жана материалдык камсыздоо боюнча маалыматтын жабыктыгы ачык-айкындуулукту чектеп, судьяларды көз карандысыздыгынын кабыл алынышына таасир этүүчү фактор катары кабылданышы мүмкүн. Ошол эле учурда, социалдык кепилдиктердин жана мамлекеттик коргоо чараларынын болушу судьялардын туруктуулугуна жана коопсуздугуна оң таасир берип, судья кызматын туруктуу жүргүзүүгө шарт түзөт.

Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы принциби Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында бекитилген, бирок анын иш жүзүндө жүзөгө ашырылышы айрым чектөөлөргө туш болууда. Жергиликтүү соттордун судьялары алгач беш жылдык мөөнөткө дайындалып, ыйгарым укуктарын узартуу үчүн кайрадан сынактын жол-жоболорунан өтүүгө милдеттүү, анын ичинде Президент тарабынан бекитилүү талап кылынат. Бул ыйгарым укуктарды узартуунун көп баскычтуу тутуму, оң баалоо жыйынтыктары болгондо да автоматтык түрдө дайындоо кепилдигинин жоктугу, белгисиздикти жана тышкы таасирге алсыздыкты жаратат. Кесиптик баалоо механизми бар болсо да, оң сунуштар дайыма эле ыйгарым укуктардын узартылышына алып келбейт, бул сот кызматын туруктуу жүргүзүүнү алсыратат. Бул укуктук жана жол-жоболук белгисиздиктерди жоюу судьялардын институционалдык көз карандысыздыгынын кепилдиктерин бекемдөөгө жана сот адилеттигине болгон ишенимди жогорулатууга өбөлгө түзмөк.

2- Чөйрө, Сот тутуму боюнча жалпы жыйынтыктоочу баалоосу: мүмкүн болгон 22 баллдан 11,5 балл.

Соттордун түзүлүшү

Макам жана чакырыктар	Сунуштамалар
1.1- көзөмөлдөөчү көрсөткүч Соттордү түзүү, кайра түзүү жана жоюу мыйзамдын негизинде жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында сот тутумунун туруктуулугу Конституция деңгээлинде камсыздалган. Өлкөнүн сот тутуму Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Конституция өзгөчө сотторду түзүүгө түз тыюу салат. Сот тутумуна өзгөртүүлөрдү же толуктоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгү Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен гана ишке ашат. Бул болсо сот реформасын татаалдаштырып, кеңири мыйзамдык негиздөөнү гана эмес, коомчулуктун колдоосун да талап кылат. Сот тутумунун айрым элементтери, мисалы, жалпы юрисдикциядагы соттордү (жергиликтүү соттордү) түзүү, кайра түзүү же жоюу маселелери Кыргыз Республикасынын атайын мыйзамдары менен жөнгө салынат. Жергиликтүү соттордун түзүмүнө байланыштуу ар кандай өзгөртүүлөр тиешелүү мыйзам актыларын кабыл алуу аркылуу гана ишке ашырылышы мүмкүн, бул аткаруу бийлигинин негизсиз аракеттерин четтетет. Бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү соттордү түзүү, кайра түзүү жана жоюу процесси так жана деталдуу жөнгө салынган эмес. Соттордун ишмердүүлүгүн жөнгө салган нормалар бар болгонуна карабастан, мыйзам сот тутумун өзгөртүү тартибинин так негиздерин жана эрежелерин камсыз кылбайт. Бул жалпы маанидеги кызыкчылыктарды жана судьялардын өз алдынча башкаруу органдарынын пикирин эске албастан чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн жаратат.	1.1- көзөмөлдөөчү көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Жогорку сотуна Кыргыз Республикасынын “Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Конституциялык мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат: 32-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: *“2. Жергиликтүү соттордү түзүү, кайра түзүү жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде гана жүзөгө ашырылат.* *Жергиликтүү соттордү кайра түзүү деп төмөнкүлөр түшүнүлөт:* *- бириктирүү – эки же андан көп сотту бир сотко айкалыштыруу;* *- бөлүү – бир соттун негизинде эки же андан көп сотту түзүү;* *- кошуу – бир сотту башка сотко кошуу менен биринин ишмердүүлүгүн токтотуу;* *- кайра багыттоо – соттун ишмердүүлүгүн токтотпостон, анын аймактык юрисдикциясын же адистигин өзгөртүү.* *2-1. Жергиликтүү соттордү түзүүнүн, кайра түзүүнүн же жоюунун негиздери болуп төмөнкүлөр саналат:* *1) тиешелүү аймактагы калктын санынын өзгөрүшү;* *2)аймактык жана административдик өзгөртүүлөр;* *3)келип түшкөн иштердин көлөмүнүн жана судьялардын жүктөмүнүн өзгөрүшү;* *4)сот адилеттигине жетүүнү жогорулатуу зарылдыгы;* *5)мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу пайдалануу.* *2-2. Жоюлган же кайра түзүлгөн соттордун судьялары өз макамын, алардын деңгээлин жана судьялык иш тажрыйбасын сактоо менен башка сотторго, сынактан өтпөстөн которулат (эгерде жогорулатуу же адистиктин алмашуусу болбосо). Которуу судьянын пикирин эске алуу менен жана сот тутумунун үзгүлтүксүз иштешин

	камсыз кылуу максатында жүзөгө ашырылат”.
Судьялар корпусун түзүүгө жооптуу органдар. Судьяларды тандоо, дайындоо жана алардын кызматтык көтөрүлүүсү.	
Макам жана чакырыктар КК 2.1. Сот адилеттиги боюнча кеңеш 12 мүчөдөн турат жана анын курамынын кеминде үчтөн эки бөлүгүн судьялар түзөт. Калган үчтөн бир бөлүгүн Президенттин, Жогорку Кеңештин, Элдик Курултайдын жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү түзөт. Эл аралык стандарттар Судьялар кеңештерин түзүүдө саясий органдардын минималдуу катышуусуна жол берет, эгерде бул сот бийлигинин көз карандысыздыгына таасир этпесе. Мындай учурда саясий органдардын катышуусу так чектелген жана үстөмдүк кылбаган болушу керек. Президент менен Жогорку Кеңеш судьяларды дайындоо жана кызматтан бошотуу маселелеринде олуттуу ролду ойношкондуктан, бул органдардын өкүлдөрүнүн судьяларды тандоо жол-жоболоруна катышуусу, айрыкча талапкерлерди көрсөтүү жана шайлоо жол-жоболорунун ачык-айкындуулугу менен так эрежелеринин жоктугу шартында, судьяларды тандоого саясий таасир этүү коркунучун жаратат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Сот адилеттиги боюнча кеңешке талапкерлерди көрсөтүү боюнча Судьялар кеңеши, Президент, Жогорку Кеңеш, Элдик Курултай же юридикалык коомчулук сыяктуу субъекттер үчүн так жана бирдиктүү жол-жоболорду белгилебейт. Жөнгө салынган механизмдердин жоктугу Кеңешти түзүү процессинин ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн алсыратат. Айрыкча, Элдик Курултайдан өкүл көрсөтүү мыйзамда каралбаган жол-жоболор менен ишке ашырылган, бул өкүлдүн легитимдүүлүгүнө жана Кеңештин ишине катышуусунун мыйзамдуулугуна шек жаратат. Сот адилеттиги боюнча кеңешке талапкерлерди көрсөтүү жол-жоболору көп учурда коомчулук үчүн жабык бойдон	**Сунуштамалар** КК 2.1. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Президенттик администрацияга төмөнкү сунуштар берилет: 1) Кыргыз Республикасынын Конституциялык “Сот адилеттиги боюнча кеңеш жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү: - 2-беренеге төмөнкүдөй редакцияны киргизүү: *“Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги боюнча кеңеши (мындан ары – Кеңеш) — Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык түзүлгөн көз карандысыз коллегиалдык орган болуп саналат. Кеңеш мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынан, ошондой эле саясий партиялардан, коомдук жана диний бирикмелерден көз карандысыз иш жүргүзөт. Мамлекеттик бийлик органдарынын, алардын кызмат адамдарынын же башка адамдардын жана уюмдардын Кеңештин ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат”.* - 8-беренеге толуктоо: *“2–6-бөлүктөрдө көрсөтүлгөн* субъекттерден Кеңешке өкүлдөрдү дайындоо же шайлоо төмөнкүдөй так белгиленген жол-жоболорго ылайык *жүргүзүлөт:* *-талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосунун башталгандыгы тууралуу алдын ала ачык жарыялоо;* *-талапкерлер жөнүндө маалыматтарды (өмүр баяны, иш тажрыйбасы, билими жана кесиптик аброю) чогултуу жана расмий жарыялоо;* *-талапкерлерди тиешелүү органда ачык жыйындарда талкуулоо;* *-бардык талапкерлер үчүн тең жана дискриминациясыз катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;*

калууда. Парламент менен Президенттин өкүлдөрү талапкерлерге коюлган кесиптик жана репутациялык талаптар сакталбастан дайындалышы мүмкүн, бул Кеңешти түзүү процессинин саясатташуу коркунучун жаратат. Жарандык коом Сот адилеттиги боюнча кеңеште өкүлчүлүк кылуу мүмкүнчүлүгүндө чектелүү, анткени мыйзам талапкерлерди көрсөтүүнү юристтердин коомдук бирикмелеринен гана карайт. Бул башка укук коргоочу жана юридикалык уюмдардын катышуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. КК 3.1. Судьялардын өзүн-өзү башкаруусунун көз карандысыз органы болгон Судьялар кеңеши Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана «Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын негизинде түзүлгөн. КК 3.2. СК макамы эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ал судьялар тарабынан түздөн-түз шайлануучу өз алдынча башкаруу органы болуп саналат, бул анын көзкарандылыгын жана өз алдынчалыгын камсыздайт. Кеңештин курамы да эл аралык талаптарга жооп берет, анткени ал толугу менен судьялардын куралган. Биринчи инстанциядагы соттордун (райондук жана шаардык соттор) Судьялар кеңешине талапкерлерди көрсөтүү укугунун чектелиши бардык судьялар үчүн бирдиктүү макам принцибине каршы келет. Судьялардын басымдуу бөлүгү дал ушул соттордо иштешет, бирок алар өз өкүлдөрүн сунуштоо укугунан ажыратылган. Бул дисбаланс инклюзивдүүлүк жана ачык-айкындуулук принциптерине каршы келет жана кайра каралышы зарыл. Судьялар курултайында Судьялар кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо талапкерлерди ар тараптуу талкуулоосуз өтөт, атаандаштык, альтернативдүү талапкерлер жана ачык талкуулар жок экени байкалат. Бул шайлоо процессинин демократиялуулугуна жана ачык-айкындуулугуна шек жаратат.	*-кесиптик компетенттүүлүк, кемчиликсиз аброй, тажрыйба жана талапкердин көз карандысыздыгы сыяктуу критерийлердин болушу жана сакталышы.”* - 8-берененин 6-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо: *Юридикалык коомчулуктун өкүлдөрүн Кеңешке талапкер катары көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган, юриспруденция, адам укуктары, укуктук реформа же юридикалык билим берүү тармагында кеминде 5 жыл иш алып барган жарандык коом уюмдарына берилет.* *Ар бир уюм 4 талапкерге чейин көрсөтө алат.* *Талапкерлерди көрсөтүү чечими уюмдун уставдык документтерине ылайык кабыл алынып, мамлекеттик каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү жана тиешелүү тармактагы ишмердүүлүк тажрыйбасын тастыктаган документтер менен кошо Жогорку Кеңешке жөнөтүлөт”.* *2)* Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна толуктоо киргизүү: Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине сунуштар: 1) Судьялар кеңешинин Регламентине өзгөртүү киргизип, райондук, шаардык жана райондук соттордун судьялар жыйынына САКка талапкерлерди көрсөтүү укугун берүү; 2) Судьялар кеңешинин Регламентинде Адилет сот иштери боюнча кеңешке талапкерлерди тандоо боюнча жыйындардын ачык өтүшүн камсыз кылган укуктук норманы бекитүү (купуялуулук талап кылынган учурлардан сырткары); 3) Кеңештин Регламентинен кеңешүүчү бөлмө тууралуу жобону алып салуу, анткени ал Судьялар кеңешинин ачык коомдук функциясына каршы келет; 4) Регламентте добуш берүүнүн формасын (купуя/ачык), добуштарды эсептөө тартибин, шайлоо үчүн талап кылынган добуштардын санын (мисалы, жөнөкөй көпчүлүк) жана жыйын

СК мүчөлөрдү Судьялар курултайында шайлоо талапкерлерди кеңири талкуулабастан өтөт, атаандаштык жок, альтернативдүү талапкерлер сунушталбайт жана ачык талкуу жүрбөйт. Бул шайлоо процессинин демократиялуулугуна жана ачык-айкындыгына шек туудурат. Судьялар кеңешинин 15 мүчөсүнүн ичинен 9 судья Бишкек шаарындагы соттордуөкүлчүлүк кылат. Ал эми Талас, Баткен, Нарын жана Ысык-Көл облустарынын соттору СКда таптакыр өкүлчүлүккө ээ эмес. Бул мыйзамда каралган регионалдык тең салмак талаптарына каршы келет жана ал аймактардагы соттордун муктаждыктары эске алынбай калышы мүмкүн. Кеңештин курамында болгону 4 аял мүчө бар (27%), бул болсо жыныстык тең салмак боюнча мыйзамдагы талаптарга толук жооп бербейт, анткени мыйзам бир жыныстын өкүлчүлүгүн 70% менен чектейт. Демек, Судьялар кеңешин түзүүдө гендердик теңдик толук камсыздалбай жатат. КК 3.3. Судьялар кеңешинин ишмердүүлүгүндө ачык-айкындуулук принциби мыйзамда формалдуу түрдө каралган, бирок иш жүзүндө толук кандуу ишке ашырылбайт, анткени аны жүзөгө ашыруу үчүн деталдуу механизмдер каралган эмес. Мыйзамда судьялардын тартип жоопкерчилиги боюнча маселелерди ачык кароо мүмкүнчүлүгү бар, бирок бул норма көп учурда судьянын жабык жыйын өткөрүү тууралуу өтүнүчү менен бөгөттөлөт. Бул өтүнүчтөр негизсиз болсо да, дээрлик ар дайым канааттандырылат. Мындай практиканын натыйжасында мыйзамда каралган ачык-айкындуулук механизми реалдуу турмушта иштебей калууда. СК жана анын СК Тартип комиссиясынын (СК ТК) жыйындарына жарандык коомдун жана ЖМК өкүлдөрүнүн катышуусун жөнгө салган так эрежелер мыйзамда жана Регламентте каралган эмес. Бул болсо кабыл алынган чечимдерге болгон ишенимди төмөндөтөт.	протоколун түзүү жана жарыялоо талабын бекитүү; 5) Коомдук көзөмөл механизмдерин киргизүү — юристтер коомчулугунун, аккредитацияланган укук коргоо уюмдарынын же ЖМКнын байкоочуларынын катышуусуна уруксат берүү. Алар жыйынга катыша алышат, бирок чечим кабыл алуу процессине кийлигишүүгө укугу жок, бул ачык-айкындуулукту камсыздайт; 6) Судьялар курамынан Адилет сот иштери боюнча кеңешке мүчө болуучу талапкерлерди көрсөтүү жана шайлоо маселесин Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайында кароо. Ошондой эле курултай кийинки курултайга чейин күчүндө боло турган талапкерлердин резервдик тизмесин беките алат. Жогорку Кеңеш үчүн маанилүү деп саналат: 1)талапкерлердин талапкерлигин тийиштүү комитеттин жыйынында жана пленардык жыйында милдеттүү түрдө талкуулоону камсыз кылуу; 2)көрсөтүлгөн талапкерлер тууралуу анкеталык маалыматтарды Жогорку Кеңештин расмий сайтына алдын ала жарыялоо; 3)талапкерлерге комитет жыйынында, зарыл болсо пленардык жыйында да өзүнүн мотивациясын баяндоого жана депутаттардын суроолоруна жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берүү; 4)профильдик комитет тарабынан жөн гана талапкерди эмес, мыйзам талаптарына жооп берерин негиздеген жүйөлүү корутундуну сунуштоо максатка ылайык; 5)талапкерлерди талкуулоо жана добуш берүү этаптарында жарандык коомдун жана ЖМК өкүлдөрүнүн катышуусуна шарт түзүү. Президентке талапкер дайындалаар алдында төмөнкү маалыматтарды ачык жарыялоо зарыл: өмүр баяны, кесиптик тажрыйбасы жана талаптарга шайкештиги. Ошондой эле акыркы чечим кабыл алынганга чейин талапкер боюнча жарандык коом институттарынан, илимий мекемелерден жана кесиптик бирикмелерден сунуштар менен пикирлерди берүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу маанилүү.

СК, айрыкча тартиптик чаралар жана негизги кадрдык чечимдер боюнча кабыл алынган чечимдерин жарыялоо боюнча талаптар мыйзамда жана Регламентте каралган эмес. Бул коомчулук жана ЖМК үчүн маанилүү маалыматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүн чектейт. СКнын расмий сайтында кеңештин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын же тартиптик кароолор боюнча маалыматты чагылдырган маалыматтар жок. Бул коомдук көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кыйла чектейт жана ачык-айкындуулук, отчеттуулук принциптерине каршы келет, коомчулуктун ишенимин азайтат. Мониторингдин жыйынтыгында кеңештин сайтында мамлекеттик жана муниципалдык органдар үчүн стандарттуу болуп эсептелген маалыматтар жок экени аныкталды. Мисалы: Кеңеш мүчөлөрүнүн өмүр баяны, жыйындардын графиги, коомчулук үчүн кайрылуу формалары, даттануу жол-жоболору боюнча сунуштар жана башкалар. КК 4.1. Жогорку соттун судьяларын шайлоо тартиби чечим кабыл алуу процессине саясий факторлордун олуттуу таасирин көрсөтүп жатканын көрсөтөт. Президенттин сунушу менен Жогорку Кеңештин добуш берүүсүн караган жол-жобо, калыстыктын так кепилдиктери жок шартта, фаворитизм саясатына алып келиши мүмкүн. Мисалы, 2024-жылдын январь айында катталган учурлар көрсөткөндөй, сынактын жыйынтыгы боюнча эң жогорку упай алган талапкерлер субъективдүү же саясий мүнөздөгү жүйөлөрдүн негизинде четке кагылса, ошол эле учурда мыйзам талаптарына жооп бербеген адамдар дайындоого жол берилген. Мындан тышкары, Жогорку Кеңеште колдонулуп жаткан ачык добуш берүү практикасы учурдагы Регламентте түздөн-түз каралбагандыктан, судьяларды дайындоо чечимдеринде жашыруун добуш берүүнү талап кылган эл аралык стандарттарга каршы келет. Президент судьяларды дайындоо процессине олуттуу таасир этет, анткени бардык талапкерлер боюнча акыркы	Жогорку Кеңешке, Президенттик Администрацияга жана Элдик Курултайга Конституциялык мыйзамда “Элдик Курултай жөнүндө” төмөнкүдөй жоболорду бекитүү максатка ылайык: 1) Адилет сот иштери боюнча кеңешке өкүлдү шайлоо жол-жобосунун негизги элементтерин мыйзам деңгээлинде бекитүү (мындай маанилүү жол-жобо локалдык акт – Регламент деңгээлинде эмес, мыйзам чегинде жөнгө салынууга тийиш); 2) талапкерлерге коюлуучу так жана Конституциялык мыйзамда «Адилет сот иштери боюнча кеңеш жөнүндө» көрсөтүлгөн талаптарга шайкеш келген шарттарды белгилөө; 3) мыйзамда каралбаган же ашкере талаптардын (мисалы, сөзсүз түрдө эч кандай саясий таандыктыгынын жоктугу) киргизилишине жол бербөө; 4) талапкерлерди көрсөтүү укугуна ээ субъекттерди, ошондой эле өзүн-өзү көрсөтүү укугун так аныктоо; 5) талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосунун ачык-айкындуулугун жана коомчулукка маалымдуулугун камсыз кылган норманы бекитүү. Мисалы, талапкерлер боюнча добуш берүүдөн мурда ачык талкууларды, маалымат жарыялоону ж.б. караштыруу. КК 3.1. Талап кылынбайт. КК 3.2. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине Кыргыз Республикасынын "Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Конституциялык мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат: «Об органах судейского самоуправления»: 1) 10-берененин 4-бөлүгүнө: “Судьялар кеңешине мүчө болуучу талапкерлер боюнча сунуштар судьялардын курултайынын кароосуна Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун, Жогорку сотунун жана жергиликтүү соттордун судьяларынын жыйындары тарабынан киргизилет” деген норма киргизүү; 2) 10-берененин 4-бөлүгүнөн “мураскорлук” боюнча формалдуу эмес критерийди алып салуу же аны так ченемдик түрдө жөнгө салуу (мисалы, мурунку курамдын кеминде 30%ын сактоо катары

чечимди дал өзү кабыл алат. Өзгөчө тынчсыздануу жараткан маселе — бул сынактан өткөн талапкерлер менен дайындоо этабында өткөрүлүүчү тандоо маектери. Бул маектер Президенттин жана Президенттик администрациянын өкүлүнүн катышуусунда өтөт. Мындай расмий эмес жол-жобо дайындоо процессинин ачык-айкындуулугуна жана алдын ала божомолдонуусуна коркунуч жаратып гана тим болбостон, Сот адилеттиги боюнча кеңештин ролун да формалдуу кеңеш берүүчү органга чейин төмөндөтөт. КК 4.2. КР мыйзамдарында белгиленген нормага ылайык, уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрү деп таанылган же оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон жакын туугандары бар адамдар судья боло албайт. Бул чектөө эл аралык стандарттарга ылайык келгендиги боюнча олуттуу күмөн саноолорду жаратат. Анткени бул норма жаранды башка адамдардын аракеттери үчүн жоопкер кылуу аркылуу индивидуалдуу жоопкерчилик принцибине каршы келет. Мындай чектөө укуктук мамлекеттин негиздерине туура келбей, дискриминация катары бааланууга алып келиши мүмкүн. Судьяларды тандоо процесси эл аралык стандарттарга ылайык көп баскычтуу мүнөзгө ээ, талапкерлер арасында атаандаштыкка шарттар түзүлгөн жана билим менен жөндөмдөрдү аныктоонун белгилүү ыкмалары колдонулат. Бирок, бул процесс натыйжалуулук жагынан бир кыйла жакшыртылууга муктаж. Мисалы, компьютердик тестирлөө маанилүү алдын ала этап болуп саналганы менен, тесттеги суроолор ар дайым судьялардын кесиптик жөндөмдүүлүгүн баалоо максатына жооп бербейт. Кандидаттар менен өткөрүлгөн маектешүүлөр алардын моралдык-адептик сапаттарын обьективдүү баалоого шарт түзбөйт, анткени суроолор кээде өтө жөнөкөй же субъективдүү мүнөздө болот. Ошондой эле, тандоо комиссиясынын курамында психологдордун жоктугу	аныктоо); 3) Бир эле адамдын Судьялар кеңешинде эки жолу катары менен мүчө болушуна чектөө киргизүү. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине судьялардын курултайынын Регламентине төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат: 1) Курултайда талапкерлерди талкуулоо жол-жобосун милдеттүү кылуу; 2) Судьялар кеңешинин ар бир мүчөсүнө өзүнчө добуш берүү жана ар бир талапкер боюнча жыйынтыктарды каттоо талабын киргизүү. Бул процесстин ачыктыгын камсыздап, “жалпыланган тизмени” бекитүүнү алдын алат жана ар бир талапкерге өз алдынча баа берүү мүмкүнчүлүгүн берет; 3) СК мүчө болуучу талапкерлерге карата жашыруун добуш берүүнү милдеттендирген норманы киргизүү. Судьялар кеңешинин ыйгарым укуктарын эске алуу менен анын курамынын саны кайра каралышы зарыл. Бул максатта:1) СК курамындагы комиссиялардын жүктөмү жана функциялары боюнча талдоо жүргүзүү; 2) Милдеттерди натыйжалуу бөлүштүрүү максатында СКнын курамын 15тен 21 мүчөгө чейин көбөйтүү боюнча мыйзамга өзгөртүү киргизүү; 3) Ар бир сот аймагынан Судьялар кеңешине мүчөлөрдүн минималдуу санын белгилөө; 4) Гендердик тең салмактуулукту сактоо механизмин тактоо. Судьялар курултайы СКга мүчөлөрдү шайлоодо гендердик тең салмак тууралуу мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн аялдардын өкүлчүлүгүнүн минималдуу чегине өзгөчө көңүл буруусу керек. КК 3.3. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине төмөнкүдөй сунуштар берилет:1) “Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Судьялар кеңешинин Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү: а) СКнын бардык чечимдерин, анын ичинде тартиптик жана кадрдык чечимдерди, расмий веб-сайтта жарыялоо (зарыл болсо, жеке

талапкерлердин жеке сапаттарын туура баалоо мүмкүнчүлүгүн азайтат. Мындан тышкары, Жогорку соттун судьяларын тандоо тартиби жергиликтүү соттордун судьяларын тандоо тартибинен айырмаланбайт. Бул өз кезегинде суроолорду жаратат, анткени жогорку инстанциялардын судьялар өзгөчө жөндөмдөргө жана жогорку компетенцияга ээ болушу керек. КК 4.3. Туура маалымат берүү талабы мыйзамдар менен бекитилген, бирок бул талаптар Суд адилеттиги боюнча кеңеш (САК) тарабынан толук көлөмдө аткарылбай келет. Кеңештин чечимдерин жарыялоо милдеттүү болсо да, расмий веб-сайтта кабыл алынган чечимдер тууралуу жалпылаштырылган кыскача маалымат гана жайгаштырылат. Ошондой эле САК тарабынан Президентке жана Жогорку Кеңешке жөнөтүлгөн сунуштардын жыйынтыктары тууралуу маалыматтар, дайындоодон баш тартылган талапкерлер боюнча чечимдер, ошондой эле Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча отчеттор веб-сайтта такыр эле жарыяланбайт. Бул көрүнүш ачыктыктын жана жоопкерчиликтин принциптерине каршы келет. КК 4.4. Кыргызстанда судьялар өз кызыкчылыктарын коргоо максатында кесиптик ассоциацияларга биригүү укугуна ээ. Кыргыз Республикасынын Судьялардын ассоциациясы иш алып барганына карабастан, анын ишмердүүлүгү судьялардын кызыкчылыктарын коргоодо олуттуу ролду ойнобойт. КК 4.5. Сот адилеттигинин жогорку мектеби (САЖМ) судьяларды тандоо тутумунун бөлүгү болбосо да, судьялардын жана сот аппаратынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууда маанилүү ролду ойнойт. Окуу программалары үзгүлтүксүз жаңыртылып, эл аралык стандарттарга шайкеш келет, бул судьялардын кесиптик көндүмдөрүн, айрыкча этика, баарлашуу жана талаш-тартыштарды чечүү чөйрөлөрүндө	маалыматтарды жашыруу менен); б) СКнын ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчёт жарыялоо (мисалы: каралган иштердин статистикасы, колдонулган тартиптик чаралар, бюджеттин аткарылышы жана башка чыгымдар тууралуу маалымат). 2) “Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнө жана Регламентке төмөнкү жоболорду киргизүү: а) Жабык жыйындарды өткөрүү үчүн негиздердин так жана толук тизмесин белгилөө (мисалы: жеке маалыматтарды, саламаттык тууралуу маалыматтарды же мамлекеттик сырды коргоо); б) Жабык жыйын өткөрүү өтүнүчүн канааттандыруу чечимин негиздөө милдетин киргизүү. 3) СКнын Регламентине коомчулуктун жана ЖМК өкүлдөрүнүн кеңештин жыйындарына катышуусун жөнгө салуучу эрежелерди кошуу, ошондой эле жабык жыйындарга да көз карандысыз байкоочулардын (мисалы: Омбудсмен, адвокаттар коомчулугунун өкүлдөрү) катышуусуна уруксат берүү, купуялуулукту сактоо шарты менен. КК 4.1. Жогорку Кеңеш менен Жогорку Сот төмөнкү кадамдарды маанилүү деп эсептейт: 1) Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" 25-беренесинин 2-бөлүгүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү: “Эгерде Адилеттүүлүк иштери боюнча кеңеш 10 иш күнүнүн ичинде жергиликтүү соттун судья кызматына талапкерди дайындоого тоскоолдук кылган жагдайларды аныктай албаса, анда Кеңеш ошол эле талапкерди кайрадан Президентке сунуштайт. Мындай учурда, Президент талапкерди 10 күндүн ичинде дайындайт. Талапкерди кайра сунуштоо чечими Адилеттүүлүк иштери боюнча кеңеш мүчөлөрүнүн жалпы санынын төрттөн үч бөлүгүнөн кем эмес көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Эгер Президент келтирген негиздерге Кеңеш макул болсо, Кеңеш 10 иш күнүнүн ичинде талапкерлер

өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. САЖМ формалдуу түрдө аткаруу бийлигинен көз карандысыз болгону менен, Министрлер кабинетине каржылык көз карандылыгы сот тутумунун окутуу жаатындагы ыйгарым укуктарынын бир бөлүгү аткаруу бийлигинин көзөмөлүндө экенин көрсөтөт. САЖМ окуу мазмунун өз алдынча аныктайт, бирок анын каржылык көз карандылыгы жана бюджеттеги так эместиктер билим берүү демилгелерин толук көзөмөлдөөгө тоскоолдук кылат. Бул жагдай окуу программаларынын сапатына жана туруктуулугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.	тизмесинен алган упайына жараша кезектеги талапкерди сунуштайт". 2) Жогорку Кеңештин Регламентине өзгөртүү киргизип, Жогорку Соттун судьялык кызматына талапкерлерди карап чыгууда жашыруун добуш берүүнү милдеттүү түрдө өткөрүү талабын кайра киргизүү. 3) Пленардык талкуулардын жүрүшүндө талапкерлерди баалоодо адистик критерийлерди так сактоо, дискриминациялык, так эмес же саясий мүнөздөгү суроолордон алыс болуу. 4) Мыйзамда судьялардын макамына коюлган талаптарга жооп бербеген, айрыкча мыйзам бузгандыгы же тийиштүү эмес жүрүм-туруму үчүн мурда судьялык кызматтан бошотулган адамдардын талапкерлигин кароого жана колдоого жол берилбеши керектиги так белгилениши зарыл. Судьяларды тандоо кеңешинен талапкердин мыйзамга ылайык келерин ырастаган документтерди жана түшүндүрмөлөрдү талап кылуу. Президентке жана Президенттик Администрацияга сунуштар: 1) Сынактан өткөн судьялык кызматка талапкерлер менен кошумча тандоо маектешүүлөрдү өткөрүү тажрыйбасын токтотуу. Мыйзамда каралган формалдуу процедураларды сактоо камсыз болушу керек. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын "Судьялардын макамы жөнүндө" Конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын аткаруу зарыл — Президент талапкерди дайындоодон баш тартса, себептерин негиздүү түрдө көрсөтүп, талапкерге карата так маалыматтар менен берилген расмий жооп болууга тийиш. 2) Мыйзамда каралбаган жашыруун текшерүүлөрдү жүргүзүү тажрыйбасын токтотуу. Судьяларды дайындоо чечиминде колдонулган бардык маалыматтар расмий булактардан жана мыйзамдуу жол менен алынууга тийиш. Эгер кошумча текшерүү зарыл болсо, анда талапкерге мындай текшерүү жөнүндө билдирүү жана жооп кайтаруу же

	түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган механизм мыйзам менен каралышы керек. КК 4.2. Жогорку Кеңешке сунушталат: Судьялык кызматка талапкерлерге коюлган, жакын туугандарынын аракеттерине байланыштуу чектөөлөрдү кайра карoo. Тактап айтканда, уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрү катары таанылган же оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон жакын туугандары бар адамдар судья боло албайт деген норма — эл аралык стандарттарга дал келбейт. Мындай талап башка адамдардын аракеттери үчүн жоопкерчиликти талапкерге жүктөө болуп эсептелет жана жекече жоопкерчилик принцибине каршы келет. Ошондой эле бул норма дискриминация катары кабыл алынышы мүмкүн, анткени мамлекеттик кызматка кирүү мүмкүнчүлүгү адамдын өз эмгегине эмес, туугандык байланышына жараша чектелүүдө. Судьялар кеңешине жана Адилеттүүлүк иштери боюнча кеңешке сунуштар: 1) Компьютердик тестирлөөнү жакшыртуу. Суроолор талапкерлердин негизги кесиптик жөндөмдөрүн, аналитикалык жөндөмдүүлүгүн жана укуктук билимин текшерүүгө багытталышы керек, жөн гана базалык юридикалык билимге эмес. 2) Судьяларды тандоо процессинде талапкерлердин моралдык жана жеке сапаттарын объективдүү баалоо үчүн профессионал психологдорду тартуу. Бул баалоодо субъективдүүлүктү азайтууга жардам берет. 3) Жогорку соттун судьялык кызматына талапкерлер үчүн тандоо жол-жоболору жергиликтүү судьяларга караганда татаал жана кесиптик деңгээли жогору болушу керек. Бул талапкерлердин жогорку компетенттүүлүгүн камсыз кылат. КК 4.3. Адилеттүүлүк иштери боюнча кеңешке сунуштар: 1) Бардык чечимдерди, анын ичинде дайындоодон баш тартылган талапкерлер боюнча чечимдерди, ошондой эле ишмердүүлүк боюнча отчётторду жана САК Президенти менен Жогорку Кеңештин

	сунуштарды кароо жыйынтыктарын жарыялоо. 2) САКка болгон ишенимди жогорулатуу үчүн расмий сайтта САК мүчөлөрү, анын ичинде Президенттин өкүлдөрү тууралуу толук маалыматты, ошондой эле документтерди баалоо, жазуу тапшырмаларды жана маек сууроолоруна жооптордү баалоо боюнча жобого тиркемелерди жайгаштыруу. 3) Сынак процессин түшүнүктүүрөөк жана алдын ала божомолдонуучу кылуу үчүн жазуу тапшырмаларды, кейстерди жана маек сууроолорун баалоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү жарыялоо. Бул талапкерлерге жана коомчулукка баалоо кандай критерийлер менен жүргүзүлөрүн жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт. 4) ЖМК жана байкоочулар үчүн аккредитациядан өтүү боюнча ички талаптарды жокко чыгаруу, анткени алар мыйзамга каршы келет. Сынактын ачык-айкындуулугу жана коомдук көзөмөл үчүн ЖМК жана коомдук уюмдардын жеткиликтүүлүгү абдан маанилүү. 5) Веб-сайтты үзгүлтүксүз жаңылап туруу жана мыйзам боюнча жарыялануугa тийиш болгон бардык негизги документтерди жана чечимдерди жайгаштыруу. Максималдуу ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыз кылуу үчүн буга тандоонун бардык этаптарынын жыйынтыктарын кошуу керек. КК 4.4. Кыргыз Республикасынын судьялардын ассоциациясына сунуш: Судьялардын кызыкчылыктарын коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана сот тутумунун көз карандысыздыгын бекемдөө үчүн Кыргыз Республикасынын Судьялардын ассоциациясына иштеп жаткан судьялардын бирикмесинин ишин активдештирүү сунушталат. Судьялардын ассоциациясы өз мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо багытында активдүү иш жүргүзүшү керек, анын ичинде судьялардын көз карандысыздыгын күчөтүүгө багытталган стратегияларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

	КК 4.5. Жогорку Сотко жана Судьялар кеңешине сунуштар: 1) Судьяларды тандоо процессин жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасында Сот Адилеттигинин Жогорку Мектебин (САЖМ) судьяларды тандоо тутумунунун ажырагыс бөлүгү катары аныктоо. Бул болочок судьялар үчүн структуралаштырылган, ырааттуу жана сапаттуу билим берүүнү камсыз кылат, сот тутумунун көз карандысыздыгын жана кесипкөйлүгүн бекемдөөгө жардам берет. САЖМ келечектеги судьяларга теориялык жана практикалык окутуу өткөрүп, алардын аттестациясын да жүргүзө алат. Бул аттестация судья кызматына сынакка катышуу үчүн милдеттүү талап болуп, тандоо сапатын жогорулатууга жана субъективдүүлүктү азайтууга өбөлгө түзөт. 2) САЖМдын толук көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн Министрлер кабинетинин чечимдеринен көз карандысыз иш алып барууга мүмкүндүк берген механизмдерди түзүү. Бул сот тутумунун бюджети аркылуу каржылоону көбөйтүү жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. САЖМ өзүнүн бюджети жана каржылоосу боюнча кеңири көзөмөлгө ээ болушу керек, бул билим берүү программаларынын туруктуулугун жана сапатын камсыз кылат жана жаңы окуу программаларын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.
Судьялардын жоопкерчилиги жана кызматтан бошотуунун (же четтетүүнүн) негиздери	
Макам жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
КК 5.1. Судьялардын тартиптик жоопкерчиликке тартуунун негиздери Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” конституциялык Мыйзамында аныкталган жана укуктук аныктуулук принциптерине жалпы жонунан жооп берет. КЗда судья тартиптик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон аракеттердин жана аракетсиздиктердин тизмеси берилген, бул судьяларга кайсы аракеттер тартиптик чараларга алып келерин алдын ала билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошентсе да, “укуктук аныктуулук” принциби толук ишке ашырылбай келет, анткени кээ бир	КК 5.1. Жогорку Кеңешке жана Жогорку сотко Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын сот тутумунун судьялардын макамы жөнүндө” конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Бул өзгөртүүлөр “мыйзамдуулукту одоно бузуу”, “Судьянын ар-намыс кодексин одоно бузуу”, “мүкүлүккө доо кетирүү” сыяктуу баалоочу категориялардын так критерийлерин аныктоого багытталышы керек. Ошондой эле, этикалык нормаларды тартиптик эрежелерден бөлүү зарыл — этикалык нормаларды бузуу моралдык жоопкерчилик

түшүнүктөрдүн мыйзамда так аныктамасы жок. Мисалы, “олуттуу бузуулар”, “кескин эреже бузуу”, “адептүүлүк талаптарын бузуу” сыяктуу баалоочу мүнөздөгү түшүнүктөр ар кандай түшүнүүгө жана субъективдүү чечмелөөгө алып келиши мүмкүн. Мындай жагдай укуктук бүдөмүккө алып келет, ал эми бир эле жагдай ар түрдүү контекстке же субъектке жараша ар башкача чечмелениши мүмкүн. Этикалык жоопкерчилик менен тартиптик жоопкерчилик өз-өзүнчө ажыратылган эмес. Венеция комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча берген тыянактарында этикалык нормаларды тартиптик эрежелерден ажыратууну сунуштаган. Себеби этикалык стандарттарды бузуу моралдык жоопкерчиликке алып келиши керек, ал эми тартиптик эмес. Судьянын Ар-намыс кодексинде көрсөтүлгөн этикалык нормалар моралдык-адептик категорияларда жазылгандыктан, аларды объективдүү баалоо татаал. КК 5.2. Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясы – Судьялар кеңешинин түзүмдүк бөлүгү болуп саналат. Анын курамы толугу менен Судьялар кеңешинин мүчөсү болгон судьялардын турат. Демек, тартиптик өндүрүш процесстерине башка органдардын өкүлдөрү катышпайт. Тартип комиссиясы – тартиптик өндүрүш тутумундагы баштапкы инстанция болуп саналат жана судьяларга карата даттануулар боюнча кызматтык териштирүү жүргүзөт. Бирок акыркы чечимдерди СК кабыл алат. Демек, комиссия өз алдынча органдын макамына ээ эмес жана СКнын жалпы юрисдикциясында. СКнын жалпы саны 15 болсо, алардын 9у Тартип комиссиясына кирет, бул өз кезегинде чечим кабыл алуу процессинде объективдүүлүк жана көз карандысыздык үчүн тең салмактуулукту камсыз кылбайт. Себеби Судьялар кеңешинин дээрлик үчтөн экиси Тартип комиссиясында иштеп, тартиптик өндүрүштүн баштапкы жана акыркы баскычтарына таасир эте алышат.	катары каралып, тартиптик жоопкерчиликке жатпашы керек. Судьялар кеңешине Тартип комиссиясынын практикаларын системалаштырып, жалпылаштыруу сунушталат. Бул чаралар укукту колдонуудагы сапатты жана бирдиктүүлүктү жогорулатууга көмөктөшөт. КК 5.2. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине Кыргыз Республикасынын “Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»” мыйзамынын 16-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Бул өзгөртүүлөр Тартип комиссиясынын мүчөлөрү өздөрү алдын ала корутунду чыгарган иштер боюнча акыркы чечим чыгаруу процесстеринен четтетилишин камсыз кылган механизмдерди киргизүүнү камтышы керек. Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине толугу менен Судьялар кеңешинен көз карандысыз болгон дисциплинардык орган түзүү маселесин карап чыгуу сунушталат. Бул орган автономиялуу макамга ээ болушу жана ачык-айкындуулук менен көз карандысыздыкты камсыз кылышы керек. Анын курамына судьялардан тышкары жарандык коомдун жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрү да кириши мүмкүн. КК 5.3. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Президентке судьяларды мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу процессине саясий органдардын (Президент жана Жогорку Кеңеш) катышуусун кайра кароо сунушталат. Бул органдардын ролу көз карандысыз сот органы тарабынан кабыл алынган чечимди формалдуу бекитүүгө гана чектелиши зарыл. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине 1) “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамга төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат: а) Көз карандысыздык, мыйзамдуулук, ачыктык, объективдүүлүк жана коллегиалдуулук

КК 5.3. Президент жана Жогорку Кеңеш сыяктуу саясий органдардын судьяларды мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу маселелеринде чечүүчү ролду ойношу сот бийлигинин көз карандысыздыгына олуттуу коркунуч жаратат. Бул саясий басым көрсөтүү жана сот тутумуна кийлигишүү тобокелчиликтерин жаратып, коомчулуктун сот бийлигине болгон ишенимин төмөндөтөт жана бийлик бутактарынын бөлүнүшү принциптерин бузат.

Судьялардын тартиптик жоопкерчилигине байланыштуу мыйзамдарда көз карандысыздык принциби жетишсиз иштелип чыккан, ошондой эле объективдүүлүк, ачыктык, тең укуктуулук жана атаандаштык принциптери каралган эмес. Тартиптик өндүрүштү жөнгө салуучу принциптердин мыйзамда көрсөтүлбөшү адилет сот өндүрүшүнүн талаптарына жооп бербейт.

Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясында (СК ТК) каралган материалдардын жагдайы боюнча кайрылуу укугуна ээ болгон субъекттердин кеңири айлампасы бар. Бул судьялардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, бирок ошол эле учурда даттануу берүү укугун кыянаттык менен пайдалануу коркунучун жаратат, анткени арыз ээсинин кызыкчылыктары судьянын аракетинен түздөн-түз жабыркаган болушу керек деген талап жок.

Сот төрагаларына тартиптик иш козгоо демилгеси берилгендиги судьялардын көз карандысыздыгына шек келтириши мүмкүн. Өзгөчө, төмөнкү инстанциядагы судьялар сот төрагаларынын таасирине көбүрөөк дуушар болушат, анткени алар жогорку инстанциядагы төрагалардын да кысымына туш болушу мүмкүн. Мындай тутум судьялардын жетекчилерге көз карандылыгын шарттап, сот бийлигинин көз карандысыздыгы жана адилеттүүлүк принциптерине каршы келет.

Судьялардын тартиптик жоопкерчилик боюнча СКнын чечимдерине (эгерде сыяктуу негизги принциптерди мыйзамда так жана мазмундуу бекитүү. Ошондой эле СК менен СК ТК ишине ар кандай кийлигишүүгө тыюу салган нормаларды киргизүү; б) Тартиптик өндүрүштүн ар бир этабы үчүн так мөөнөттөрдү белгилөө зарыл — жол-жобонун создуктурулушун жана атайылап кечеңдетилишин алдын алуу максатында в) Тартиптик өндүрүштүн катышуучулары үчүн процесстик укуктарды мыйзамда бекитүү: кызматтык иликтөө башталгандыгы тууралуу милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө маалымдоо, бардык материалдар менен таанышуу укугу, жыйынга катышуу жана өзүнүн позициясын билдирүү укугу, анын ичинде өкүлү аркылуу билдирүү; г) Судьялардын аракеттерине даттануу берүү укугу бар субъекттердин айлампасын чектөө (мисалы, сот процессинин катышуучулары; укугу же мыйзамдуу кызыкчылыгы түздөн-түз бузулган тараптар; мыйзам менен ыйгарым укук берилген органдар, мисалы, Омбудсмен); д) Тартиптик иштер боюнча чечимдерди (жеке маалыматтарды коргоо талаптарын сактоо менен) жарыялоо милдетин караган жана жабык жыйындарды өткөрүүнүн негиздерин жана жол-жобосун так аныктаган, ошондой эле жыйындын жабык өтүшү тууралуу негизделген аныктама чыгарууну милдеттендирген өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

2) Конституциялык мыйзамга “Кыргыз Республикасынын судьялардын макамы жөнүндө” — бардык тартиптик чечимдерге (мөөнөтүнөн мурда бошотуу гана эмес) даттанууга мүмкүнчүлүк берүү, ошондой эле судьяларга Жогорку Кеңеш менен Президенттин кызматтан бошотуу чечимдерине соттук тартипте даттануу укугун берүү сунушталат.

КК 5.4. Жогорку Кеңешке жана Жогорку сотко төмөнкү өзгөртүүлөрдү Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын судьялардын макамы жөнүндө” конституциялык мыйзамына

кызматтан мөөнөтүнөн мурда бошотуу маселеси болбосо) даттануу укугунун жоктугу алардын Конституцияда каралган соттук коргоо укугун бузат жана судьялардын көз карандысыздыгына шек келтирет. Мындай чечимдер саясий басымдын куралына айланып калышы мүмкүн.

КК 5.4. ККРдин “Кыргыз Республикасынын сот тутумунун судьялардын макамы жөнүндө” конституциялык мыйзамында Судьялардын тартиптик бузууларынын оордук даражасына жараша классификациясы (мисалы, анча оор эмес, одоно, системалуу бузуу) каралган эмес. ББул жагдай “эскертүү”, “эскертме берүү”, “сөгүш”, же “мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу” сыяктуу тартиптик чаралардын бузуунун оордугуна жараша шайкеш келбестен колдонулушуна алып келет. Натыйжада, санкциялардын ашыкча жана негизсиз колдонулушу ыктымал болуп, адилеттүүлүк жана пропорционалдуулук принциптерине коркунуч жаратат. Тартиптик жүрүм-турумдардын ортосундагы айырмачылыктарды аныктаган так критерийлердин жоктугу Тартип комиссиясынын чечимдеринин бир калыпта болбой калышына себеп болот. Ошондуктан бирдей мүнөздөгү бузуулар ар башкача жыйынтыкка алып келип, мыйзам алдындагы теңдик жана укукту колдонуудагы бирдейлик принциптерине шек келтирет.

Мыйзам судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу чарасын колдонуу боюнча так багыттарды бербейт. Бул чара өзгөчө учурларда гана колдонулушу керектиги айтылганы менен, ал учурлар так аныкталган эмес. Мындай бүдөмүк жагдай судьяны адилетсиз бошотууга алып келүү коркунучун жаратат жана жалпы сот тутумунун көз карандысыздыгына олуттуу коркунуч туудурат.

КК 5.5. СКнын мыйзамы жана Регламенти тартиптик чаралар боюнча кабыл алынган чечимдердин жарыялануусун талап кылбайт. СКнын расмий сайтында тартиптик териштирүүлөрдүн жыйынтыктары тууралуу киргизүү сунушталат: 1) Тартиптик бузууларды (мисалы, анча оор эмес, одоно, системалуу) деңгээлине жараша классификациялоону жана тиешелүү тартиптик чараларга байланыштырууну мыйзамда көрсөтүү. Бул санкциялардын адилеттүү жана шайкеш колдонулушун камсыздайт; 2) Соразмердүүлүк принципин мыйзамга киргизүү зарыл. Тартиптик жаза чаралары жасалган бузуунун оордугуна пропорционалдуу болушу керек — бул Тартип комиссиясынын чечимдеринин адилеттүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыз кылат. 3) судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу чарасын колдонууда негизсиз чечимдерге жол бербөө үчүн так жана түшүнүктүү критерийлерди белгилөө зарыл. Ошондой эле, судьянын жүрүм-туруму анын кызматта калуусуна таптакыр шайкеш келбегендей деңгээлде оор мыйзам бузуу болуп эсептелген учурларды так аныктоо керек.

КК 5.5. “Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына Сот адилеттиги боюнча кеңешти тартиптик практика боюнча чечимдерди жарыялоого милдеттендирген жоболорду кошуу зарыл. Жыйынтык чечим негизги тыянактарды камтып, жеке маалыматтардын купуялуулугун сактоо менен жарыялануусуга тийиш — тартиптик материалдар жабык же ачык кароого алынганына карабастан.

КК 5.6. Судьялардын көз карандысыздыгын коргоо максатында сотко чейинки өндүрүштүн алкагында кошумча процесстик кепилдиктерди карап чыгуу сунушталат. Мисалы, атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү Судьялар кеңеши же Башкы прокурор менен макулдашылган болушу керек.

Судьяны кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук алынган учурда, аны кызматынан убактылуу четтетүү боюнча акыркы чечимди Президенттин жана Жогорку Кеңештин кийлигишүүсүз, толугу менен САК кабыл алышы керек — бул сот бийлигинин көз

маалымат жок, бул коомдук көзөмөл мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу түрдө чектейт. КК 5.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, судьялар негизсиз кылмыш жоопкерчилигине тартылуудан коргоочу иммунитетке ээ. Судьяга карата кылмыш ишин козгоо маселеси Башкы прокурордун чечими менен жүзөгө ашырылат. Ал эми айып коюу үчүн Башкы прокурор СКнын макулдугун алууга тийиш. Бирок айып коюуга чейинки этапта, судьяга карата сотко чейинки текшерүү, ыкчам-иликтөө иш-чаралары жана жашыруун атайын тергөө аракеттери жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул чаралар жалпы негизде, кошумча кепилдиктерсиз колдонулат. Бул жагдай иликтөөнүн алгачкы баскычтарында судьялардын укук коргоо органдары тарабынан басымга кабылуу коркунучуна кабылтат жана сот бийлигинин көз карандысыздыгын коргоо жагынан кооптонууну жаратууда.	карандысыздыгы боюнча эл аралык стандарттардын талабы. Жогорку Кеңешке төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү “Кыргыз Республикасынын судьялардын макамы жөнүндө” конституциялык мыйзамга киргизүү сунушталат: 1) Башкы прокурордун сунушун кароо жол-жобосун кайра карап чыгуу. Мыйзамда иштин бардык жагдайларын милдеттүү түрдө тактоо талаптары каралышы керек — бул алдын ала чечим чыгарууну же субъективдүүлүктү болтурбайт. Ошондой эле, мыйзамда Тартип комиссиясы соттук кароого тийиш маселелер боюнча алдын ала чечим чыгарууга укуктуу эмес экендиги так көрсөтүлүшү зарыл. 2) Эгерде Сот адилеттиги боюнча кеңеш судьяны кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүүдөн баш тартса, анда бул чечимди негиздөө милдети каралышы керек. Бул чечимдин объективдүү жана укуктук негиздерге таянганын көрсөтүп, калк арасында “корпоративдүүлүк” же кызыкчылык бар деген шектенүүлөрдү жоюуга жардам берет.
Соттордун төрагаларынын ролу жана макамы	
Макам жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
КК 6.1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясы Жогорку соттун төрагасын жана анын орун басарларын дайындоо маселесинде Президенттин ролун кыйла күчөттү, бул сот тутумунунун көз карандысыздыгына таасир этүү коркунучун жаратат. Судьялардын жыйыны — судьялардын өз алдынча башкаруусунун баштапкы звеносу катары — мурда төрага шайлоого катышса, азыр бул тартипке эч кандай таасир көрсөтө албайт. Жогорку соттун төрагасын дайындоого үч орган катышат: Судьялар кеңеши — талапкерлерди көрсөтүп, Президентке сунуштайт; Жогорку Кеңеш — макулдугун берет; Президент — дайындоону жүзөгө ашырат. Президенттик башкаруу формасынын шартында дайындоонун көп	КК 6.1. Судьялар кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагалыгына талапкерлерди көрсөтүүдө атаандаштыкка негизделген, ачык-айкын жана адилеттүү жол-жоболорду киргизүү сунушталат. Бул үчүн жол-жоболорду толук кайра карап чыгып, өзүн көрсөтүү же судьялардын жыйындары аркылуу талапкер көрсөтүү укугун камсыз кылуу, добуш берүүгө чейин талапкерлерди ачык талкуулоо жана жашыруун добуш берүүнү милдеттүү кылуу зарыл. Бул чаралар тышкы басымдын жана кулуардык макулдашуулардын тобокелдигин азайтат. Жогорку сотко сот төрагаларына талапкерлер үчүн кесиптик жетишкендиктерди, тажрыйбаны жана уюштуруучулук жөндөмдөрдү камтыган так

баскычтуу жол-жобосу ыйгарым укуктардын бир органда же кызмат адамынын колунда топтолушуна жол бербөөгө жана аткаруу бийлигинин саясий басымынан коргоого көмөктөшөт, бирок бул үчүн бардык этаптарда объективдүүлүк жана ачык-айкындуулук камсыздалышы керек.

Учурда Судьялар кеңешинде Жогорку соттун төрагалыгына талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосу жетиштүү деңгээлде ачык жана объективдүү эмес, бул кулуардык макулдашууларга жана саясий басымга шарт түзөт. Айрыкча, ачык добуш берүү жол-жобосу Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн көз карандысыздыгына коркунуч жаратат, анткени ал аткаруу бийлиги колдогон талапкерлерге берилген лоялдуулукту ачык көрсөтүүнү талап кылышы мүмкүн. Талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосу жетиштүү деңгээлде жөнгө салынбагандыктан, талапкерлер Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн жеке артыкчылыктарына жараша эмес, объективдүү эмгеги жана кесиптик сапаттарына карата тандалбай калышы мүмкүн.

Жергиликтүү соттордун төрагалары Жогорку соттун төрагасы тарабынан дайындалат, бул сот тутумунун ичиндеги вертикалды олуттуу түрдө бекемдеп, Жогорку соттун төрагасынын таасирин күчөтөт.

КК 6.2. Сот төрагаларынын ыйгарым укуктары судьялардын көз карандысыздыгына таасир этүүчү фактор болушу мүмкүн, өзгөчө иштерди бөлүштүрүү, кадр маселелери жана судьялардын иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзүү жагынан. Сот төрагасына судьялардын аракеттери же аракетсиздиги боюнча Судьялар кеңешине кайрылуу укугунун берилиши, негизсиз колдонулганда, басым көрсөтүүчү курал катары колдонулушу мүмкүн. Бул судьялардын чечим кабыл алууда эркиндигине доо кетириши ыктымал, айрыкча эгер төрага кадр саясатына жана тартиптик чараларга активдүү кийлигишсе. Ошондой эле судьялардын башка жерге которуу же ротациялоо укуктары да квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу сунушталат. Бул талаптар мыйзам деңгээлинде бекитилиши керек. Жергиликтүү соттордун төрагалары дайындалганда, судьялардын өз алдынча башкаруу органдарына (судьялардын жыйындарына же Судьялар кеңешине) талапкерлерди көрсөтүү укугун берүү сунушталат — бул Жогорку соттун төрагасынын ыйгарым укуктарын топтоп алуу тобокелдигин азайтат.

Жогорку Кеңешке сунуштар: 1) Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизип, бардык деңгээлдеги соттордун төрагаларына сынак аркылуу тандоо тутумун карап чыгуу — бул ачык-айкындуулукту камсыздап, эң татыктуу жана тажрыйбалуу талапкерлерди тандоого өбөлгө түзөт. 2) Жогорку Кеңеш макулдук берүү этабында жашыруун добуш берүүнү милдеттүү кылуу — бул Президент колдогон талапкерлерди жылдырууга каршы механизм катары кызмат кылат. 3) Сот төрагаларынын мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотулушу үчүн так негиздерди мыйзамда караштыруу (мисалы, кызматтык милдеттерин тийиштүү аткарбоо).

КК 6.2. Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине эл аралык стандарттарга жана заманбап шарттарга ылайык жаңы Соттук реформанын концепциясын иштеп чыгуу маселесин кароо сунушталат — бул сот тутумунун жана судьялардын чечим кабыл алууда көз карандысыздыгын бекемдөөгө багытталат.

Жогорку Кеңешке судьялардын ротациялоо боюнча төмөнкү принциптерди мыйзам деңгээлинде бекитүү сунушталат: которуунун ыктыярдуулугу; ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк (ротациялар тууралуу алдын ала жарыялоо, негиздемеси, мөөнөттөрү жана негиздери, чечим кабыл алуу жол-жобосу жана тандоо критерийлери); кесиптик жетишкендиктерди жана жеке жагдайларды эске алуу (мисалы, үй-бүлөлүк абал, ден соолук ж.б.); кесиптик жана аймактык адаптация (айрыкча алыскы же

судьялардын таасир этип, төраганын же жалпы сот тутумунун позициясына макул болбогон судьялар үчүн жагымсыз шарттарды жаратышы мүмкүн. КК 6.3. Кыргызстанда иштерди автоматташтырылган түрдө бөлүштүрүү (АИБ — автоматташтырылган иш бөлүштүрүү) бардык соттордо ишке ашырылган жана активдүү колдонулат. АИБ сот адилеттигинин эл аралык стандарттарына жооп берет жана сот тутумунда адилеттүүлүктү, ачык-айкындуулукту жана натыйжалуулукту камсыз кылууга багытталган.	жетүү кыйын аймактарга которулган судьялар үчүн колдоо чараларын камсыз кылуу); ротацияны басым көрсөтүү куралы катары колдонууга жол бербөө; саясий кийлигишүүдөн көз карандысыздык. КК 6.3. Талап кылынбайт.
Сот тутумун каржылоо	
Макам жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
КК 7.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары сот тутумунун каржылык көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн бир катар чараларды карайт, анын ичинде бюджетти түзүүдө автономия жана аткаруу бийлиги менен макулдашуу процесстерине катышуу укугу. Ошол эле учурда, мыйзамдар сот тутумунун каржылоо жетиштүүлүгүнүн так критерийлерин белгилебейт, бул сот тутумунун муктаждыктарын толук канааттандыруу деңгээлинин төмөн болушуна алып келет. Сотторду каржылоо көп учурда суралган сумманын 80%ына да жетпейт, бул бөлүнгөн каражаттардын жетишсиздигин көрсөтөт. Сот тутумуна республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 2%ын бөлүү боюнча Мамлекеттик максаттуу программаларда коюлган максаттар ишке ашкан жок. Акыркы жылдары сот тутумуна бөлүнгөн каражат республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 1%ынан ашкан эмес. КК 7.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары судьяларды материалдык жактан камсыз кылуу механизмдерин, анын ичинде эмгек акыны мамлекеттик бюджеттен төлөөнү карайт, бул сот бийлигинин көз карандысыздыгы принцибине шайкеш келет. Бирок судьялардын эмгек акысынын шарттары Президент тарабынан аныкталгандыктан, бул чечимге саясий эрктин	КК 7.1. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине төмөнкү сунуштар берилет: 1) Сот тутумун каржылоонун жетиштүүлүгүнүн минималдуу критерийин белгилеген так мыйзамдык жоболорду киргизүү — эл аралык стандарттарды эске алуу менен (мисалы, суралган сумманын 90%ынан кем эмес деңгээлде). 2) Каржылоо процесстерине, анын ичинде судьялар жана сот кызматкерлеринин эмгек акысынын шарттары менен өлчөмдөрүн аныктоого аткаруу бийлигинин таасирин жоюу боюнча ишти улантуу. 3) Сот тутумуна республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 2%ын бөлүү боюнча максаттуу көрсөткүчтөргө жетүүгө умтулуу. 4) Бюджетти пландаштырууда жана каржылоодо программалык ыкмага өтүү жана соттордун өз алдынча башкаруу органына каржылоонун белгиленген көлөмүнүн алкагында өзүнүн бюджеттик саясатын аныктоодо өз алдынчалык берүү. КК 7.2. Президентке, Жогорку Кеңешке жана Судьялар кеңешине судьялардын эмгек акысынын шарттарын аныктоо процессин кайра карап чыгуу сунушталат — саясий эркке көз карандылыкты жоюу максатында. Бул үчүн эмгек акынын шарттарын аныктоо ыйгарым укуктарын Судьялар кеңешине өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.

таасир этүү коркунучу бар, ал сот бийлигинин көз карандысыздыгын солгундатып коюшу мүмкүн. Мыйзамдарда судьялар үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу, дарылануугa компенсациялар, каза болгон учурда үй-бүлөсүнө төлөмдөр сыяктуу социалдык кепилдиктер да каралган. Бул чаралар судьялардын узак мөөнөттүү иштөөсүнө мотивация берип, алардын коопсуздугун камсыз кылуу аркылуу көз карандысыздыкты бекемдөөгө оң таасир этет. Мыйзамда каралган мамлекеттик коргоо чаралары — жеке коопсуздукту, турак жайды жана судьялардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу — судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуунун маанилүү элементи болуп саналат. Ошол эле учурда, судьялардын эмгек акысынын шарттары жана сот ишмердүүлүгүнүн башка маанилүү аспектилери боюнча маалыматтардын жашыруундугу коомчулук менен кесиптик чөйрөнүн маалыматка жетүүсүн чектейт.	
Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы	
Макам жана чакырыктар **КК 8.1.** Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана "Кыргыз Республикасынын судьялардын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзам судьяларды ордунан бошотулбастыгы (алмаштырылгыс) макамын белгилейт. Бирок, жергиликтүү соттордун судьялары алгач 5 жылдык мөөнөткө дайындалат. Туруктуу макам берилбестен, узак мөөнөттүү иштөө мезгили судьянын чечим кабыл алууда кайра дайындалууну күтүп, басымга кабылышына шарт түзүшү мүмкүн. Бул жагдай судьялардын көз карандысыздыгы үчүн олуттуу тобокелдик жаратат. Кыргызстанда 5 жылдык алгачкы мөөнөтү аяктаган иштеп жаткан судья өзү иштеген кызмат ордуна кайрадан ачык сынак аркылуу өтүүгө милдеттүү. Судья сынактан ийгиликтүү өтүп, талап кылынган баллды алса да, анын	**Сунуштамалар** **КК 8.1.** Жогорку Кеңешке жана Жогорку сотко төмөнкү сунуштар берилет: 1) Жергиликтүү соттордун судьяларын алгачкы беш жылдык мөөнөткө дайындоо практикасын жокко чыгарып, аларды түздөн-түз жогорку жаш курак чегине чейин дайындоого өтүү. Бул учурда судьяларды тандоо жол-жоболору татаалдаштырылып, алардын көз карандысыздыгын жана кесипкөйлүгүн жогорулатууга багытталышы керек. Судьялык кызматка дайындоонун милдеттүү шарты катары Сот адилеттигинин жогорку мектебинен кесиптик даярдыктан өтүү жана аттестацияны ийгиликтүү тапшыруу каралышы зарыл. Бул дайындалуучу судьялар өз милдеттерин натыйжалуу аткарууга жетиштүү билимге жана көндүмдөргө ээ экенин кепилдейт. 2) Беш жылдык мөөнөттү алып салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясына

талапкерлиги САК тарабынан кабыл алынбай калышы мүмкүн, анткени акыркы чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Судьянын талапкерлиги жактырылса да, анын ыйгарым укуктары автоматтык түрдө узартылбайт. Ал дагы бир этаптан — Президент тарабынан бекитилүүдөн өтүшү керек, бул кошумча белгисиздикти жана тышкы факторлорго көз карандылыкты жаратат. Бул процесс судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн маанилүү болгон алмаштырылгыс макам принциптерине туура келбейт. Жергиликтүү соттордун судьяларынын ишинин сапатын кесиптик баалоо тартиби жогорку балл алган судьялар маектешүүдөн өтпөстөн ыйгарым укуктарын узартууга сунушталышы мүмкүн экенин карайт. Бирок мындай сунуш милдеттүү эмес жана мыйзамга каршы келет, анткени мыйзам судьяларды сөзсүз түрдө сынак аркылуу дайындоону талап кылат. Бул болсо кесиптик ишмердүүлүгү оң бааланган судьялар үчүн да ыйгарым укуктары узартыларына ишеним болбой турган белгисиздикти жаратат.	өзгөртүү киргизүүнү талап кылгандыктан, учурдагы шартта судьяларды кайра дайындоо жол-жобосун жөнөкөйлөтүү сунушталат — бул үчүн “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Иштеп жаткан судьялар үчүн конкурстук тандоону милдеттүү талап кылуунун ордуна, алардын кесиптик ишмердүүлүгүнө берилген жогорку баалардын негизинде ыйгарым укуктарын автоматтык түрдө узартууну камсыздаган ачык-айкын жана алдын ала божомолдоого мүмкүн болгон механизмди карап чыгуу сунушталат. Бул учурда САКтын добуш берүү этаптары талап кылынбайт.

УСУЛДАМА

Кыргыз Республикасынын сот тутумун көз карандысыздык критерийи боюнча баалоо үчүн иштелип чыккан мониторингдин усулдамасы — адилет сот адилеттигин камсыздоонун негизи катары — сот тутумунун абалын ишенимдүү жана объективдүү талдоону камсыз кылууга багытталган.

Изилдөөнүн негизги суроолору:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары сот тутумунун көз карандысыздыгы жаатындагы эл аралык стандарттарга канчалык деңгээлде шайкеш келет?

2. Мыйзамдар жана соттордун, судьялардын өз алдынча башкаруу органдарынын жана САКтын иштеп жаткан практикасы сот адилеттүүлүгүнүн көзкарандысыздыгын жана сапатын камсыз кылууга канчалык деңгээлде өбөлгө түзөт?

3. Сот тутумун көз карандысыздык маселелери боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн мыйзамдарга жана укукту колдонуу практикасына кандай өзгөртүүлөр талап кылынат?

Маалыматтарды чогултуу ыкмаларын тандоо. Маалыматтарды чогултуу үчүн кеңири ыкмалардын спектри колдонулган, алардын ичинде:

Нормативдик-укуктук актыларды талдоо. Мониторинг алкагында индикаторлор жана көрсөткүчтөргө ылайык төмөнкү нормативдик-укуктук актылар (НУА) талданды:
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы: IV бөлүм. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги.[4]
Кодекстер, мыйзамдар жана Президенттин жарлыктары:
- Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы “Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө”;[5]
- Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы “Кыргыз Республикасынын Адилет соту иштери боюнча кеңеш жөнүндө”;[6]
- Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө”;[7]
- Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө”;[8]
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы “Судьялардын өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”;[9]

[4] Кыргыз Республикасынын Конституциясы: IV бөлүм. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги. 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен күчүнө киргизилген. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru

[5] “Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө” Конституциялык Мыйзам 2021-жыл 15-ноябрь № 138 URL: https://constsot.kg/wp-content/uploads/2022/03/kzakon_kr_-o_-statuse_-sudej_kr_-.pdf

[6] "Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш жөнүндө" конституциялык Мыйзам, 15-ноябрь, 2021-жыл, № 137. URL: https://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=136314

[7] "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" конституциялык Мыйзам, 15-ноябрь, 2021-жыл № 134. URL: https://admin-vshp.sot.kg/public/sites/3/2017/10/O-Verhovnom-sude-Kyrgyzskoj-Respubliki-i-mestnyh-sudah.pdf

[8] "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзам, 15-ноябрь, 2021-жыл № 133. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112318/edition/1282054/ru

[9] "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 15-ноябрь, 2021-жыл № 139. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3102/edition/1112204/ru

- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө” Мыйзамы;[10]
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;[11]
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамы;[12]
- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети боюнча 2020, 2021, 2022 жана 2023-жылдардагы аткаруу тууралуу отчетту бекитүү жөнүндө” Мыйзамдары;[13]
- Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасындагы судьялардын жана сот аппараты кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө” Жарлыгы;[14]

Сот тутумуна тиешелүү локалдык актылар:
- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин регламенти;[15]
- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартиптик комиссиясы жөнүндө Жобо;[16]
- Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы жөнүндө Жобо;[17]
- Кыргыз Республикасынын судьялык кызматына талапкерлер менен өткөрүлүүчү сынак тартиби жөнүндө Жобо;[18]
- Адилет соту иштери боюнча кеңештин регламенти;[19]
- Кыргыз Республикасынын судьясынын Ар-намыс кодекси;[20]
- “Сот” маалыматтык тутуму жөнүндө Жобо (АМТ “Сот”).[21]

Жарым-структураланган маектер практик юристтерден, судьялардан, жарандык коомдун өкүлдөрүнөн судьялардын көзкарандысыздыгын жана сот тутумуна болгон саясий таасирдин деңгээлин баалоо үчүн сапаттуу маалыматтарды чогултууга мүмкүнчүлүк берди. Ошондой эле

[10] "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 28-октябрь 2011-жыл № 188. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-4464/edition/1010012/ru

[11] КР Бюджеттик кодекси, 16-Май, 2016-жыл № 59. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111338/edition/7319/ru

[12] КРнын "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамы 21-июль 1997-жыл № 57. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/557/edition/3016/ru

[13] "Кыргыз Республикасынын 2020, 2021, 2022 жана 2023-жылдарга республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу" КР мыйзамдары.

[14] 17-июнь, 1996-жылдын " Кыргыз Республикасынын судьяларынын жана сот аппаратынын кызматкерлеринин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" КР Президентинин Жарлыгы N 208. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/5-2881/edition/315424/ru

[15] Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламенти. 4-март, 2022-ж. Кыргыз Республикасынын сотторунун кезектеги курултайы тарабынан бекитилген.URL: https://otbor.sot.kg/page/reglament-soveta-po-otboru-sudej-kyrgyzskoj-respubliki

[16] Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин тартип комиссиясы жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген, 15-апрель, 2022-жыл.URL: https://kenesh.sot.kg/post/polozhenie-distsiplinarnoj-komissii

[17] Судьялар Кеңешинин Бюджеттик комиссиясы жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген 1-апрель, 2022-жыл.

[18] Кыргыз Республикасынын судьялык кызмат ордуна талапкерлер менен сынак өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы Чечими менен бекитилген.URL: https://admin-otbor.sot.kg/public/sites/8/2024/02/Polozhenie-o-poryadke-provediniya-konkursnogo-otbora.pdf

[19] Сот адилеттиги боюнча Кеңештин Регламенти. 2022 -жылдын 24-июнунда Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин чечими менен бекитилген.URL: https://otbor.sot.kg/post/reglament-soveta-po-delam-pravosudiya-kyrgyzskoj-respubliki

[20] Кыргыз Республикасынын судьясынын Ар-намыс кодекси. Кыргыз Республикасынын сотторунун курултайында кабыл алынган.11-март, 2019-жыл.URL: https://suddep.sot.kg/post/kodeks-chesti-sudi-kyrgyzskoj-respubliki

[21] "Сот" маалыматтык системасы ("сот"АМТ) жөнүндө жобо. 2021-жылдын 21-сентябрында Жогорку Соттун Төрайымынын буйругу менен бекитилген.

маектер сынакка катышкан талапкерлер, тартиптик жаза колдонулган судьялар жана судьяларга каршы даттанууларды жолдогон жарандар менен жүргүзүлдү.

Сот жыйындарын мониторинг жүргүзүү. Сот адилеттиги боюнча кеңештин (САК) жана Судьялар кеңешинин (СК) жыйындарын байкоо жүргүзүү аркылуу бул кеңештердин иштөө жол-жоболору, принциптери, ачык-айкындуулугу жана жыйындарга жеткиликтүүлүгү тууралуу маалыматтар чогултулду. САКтын жыйындары 2023-жылдын 15-ноябрынан 2024-жылдын 15-сентябрына чейинки мезгилде байкоого алынып, 31 жыйынга катышуу менен төмөнкүдөй анкеталар толтурулду: бош кызмат орундарына — 105, жогорку жаш курак чегине жеткен судьялар менен маектешүү — 25.

Анализделген мезгил ичинде СК 13 жыйын өткөргөн, бирок алардын ичинен бирөөнө гана мониторинг жүргүзүү мүмкүн болду.

Изилдөөнүн алкагында байкоо төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлдү:

- Сот адилеттиги боюнча кеңештин ишмердүүлүгү — бул тандоо жол-жоболору боюнча фактыга негизделген маалыматтарды чогултууга мүмкүндүк берди;
- Жогорку Кеңештен жана курултайдан өкүлдөрдүн сот адилеттиги боюнча Кеңешке шайланышы.
- Судьяларды кылмыш жоопкерчилигине тартуу жол-жоболору;
- Сот тутумунун бюджетин түзүлүү жол-жоболору.

Анкеталоо. Изилдөөнүн алкагында сот тутумунун көз карандысыздыгына болгон субъективдүү баалоону аныктоо максатында судьялар жана адвокаттар үчүн анкета формалары иштелип чыкты. “Кыргызстанда айым Судьялардын ассоциациясынын” көмөгү менен судьялардан 10 анкета алынган. Ошондой эле, анонимдүү негизде 19 анкета адвокаттар тарабынан толтурулган. Анкеталар онлайн платформа аркылуу таратылган.

Расмий сайттарды мониторинг кылуу. Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү, алардын ачык-айкындуулугу жана мыйзамдарга шайкештигин талдоо максатында төмөнкү сайттар изилденди: Жогорку сот, САК, СК, Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жана Жогорку Кеңеш.

Мамлекеттик органдарга ***расмий суроо-талаптар жөнөтүлдү*** — судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча статистика, САК тарабынан тандалган талапкерлерди Президент тарабынан дайындоо же четке кагуу жыйынтыктары, сот тутумунун каржылоо деңгээли, САКка талапкерлерди көрсөтүү тартибин жөнгө салган ички ченемдик актылар жана башка маселелер боюнча. Жалпысынан 18 суроо-талап жөнөтүлүп, алардын үчөөнө жооп алынган жок.

Бул усулдар изилдөөнүн максаттарына шайкеш келгендиги үчүн тандалган: мыйзамдар менен ченемдик актыларды талдоо — эл аралык стандарттарга шайкештикти баалоо үчүн; эксперттер менен маектер — сот тутумунун ички кабылдоосун аныктоо үчүн; суроо-талаптар жана байкоо — реалдуу процесстер боюнча актуалдуу маалымат алуу үчүн.

Репрезентативдүү маалымат алуу үчүн төмөнкү тандоо критерийлери колдонулган:

- ***Маектер:*** ар түрдүү кесиптик тажрыйбага ээ эксперттер (судьялар, адвокаттар, жарандык коом өкүлдөрү) тандалып алынган — бул пикирлердин жана тажрыйбанын ар түрдүүлүгүн чагылдырууга мүмкүндүк берди;

- ***Байкоо:*** сот органдарынын жыйындарына (аккредитация жол-жоболору сакталган шартта) катышуу — чечим кабыл алуу процесстерин түз байкоого шарт түздү;

- ***Документтер:*** расмий суроо-талаптар аркылуу алынган жана сот адилеттиги органдарынын расмий сайттарында ачык жеткиликтүү болгон документтер талданган.

Тандоонун репрезентативдүүлүгү — изилдөөгө соттук-укуктук тутумдун ар кыл сегменттеринен негизги эксперттер тартылганы ал эми мониторинг сот тутумунун көз карандысыздыгына байланыштуу негизги аспектилерди камтыганы менен камсыздалган.

Убакыттык чектөөлөр: маалыматтар 2023-жылдын 15-ноябрынан 2024-жылдын 15-сентябрына чейинки анализделген мезгил ичинде чогултулган. Бирок маалыматка жетүү укугу жөнүндө мыйзам 2024-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргенден кийин, көптөгөн расмий суроо-талаптарга жооптор ошол мезгилден кийин келе баштаган.

Маалымат чогултуу жайлары: маалыматтар Бишкек шаарында чогултулган, анда Сот адилеттиги боюнча кеңештин (САК) жана Судьялар кеңешинин (СК) жыйындары өткөн.

Изилдөөчүлөрдүн ролу: изилдөөчүлөр маектерди, суроо-талаптарды жана байкоолорду жүргүзүүдө активдүү роль ойногон. Сурамжылоолор жана маек суроолору валиддүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн пилоттук топтордо апробациядан өткөрүлгөн.

Маалыматтар сапаттык жана сандык усулдар менен талданган:

-мыйзамдардын, токтомдордун жана сот чечимдеринин тексттерин талдоо үчүн ***контент-талдоо*** колдонулган — бул негизги темаларды жана алардын эл аралык стандарттарга шайкештигин системалуу түрдө аныктоого мүмкүндүк берген;

-расмий булактардан алынган сандык маалыматтар ***статистикалык талдоо*** аркылуу иштелип чыгып, мыйзамдарга шайкештик жана мисалы, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жыштыгы сыяктуу мыйзам ченемдүүлүктөр аныкталган.

Бул усулдар сот тутумунун ар бир аспектин терең изилдөөгө жана изилдөө суроолоруна жогорку ишеним деңгээлинде жооп берүүгө мүмкүндүк берген.

Теориялык бөлүк жалпы илимий изилдөө усулдарына негизделген:

- ***Анализ***: изилдөөчүлөр сот тутумунун ар кыл аспектилерин, анын ичинде судьяларды тандоо жана жоопкерчилик механизмдерин терең изилдешкен. Бул негизги көйгөйлөрдү жана судьялардын көз карандысыздыгына коркунуч жараткан тобокелдиктерди аныктоого мүмкүндүк берген.

- ***Синтез***: ар түрдүү булактардан алынган маалыматтарды бириктирүү менен сот тутумунун иштешинин бүтүндүү сүрөтү түзүлүп, анын элементтеринин өз ара байланышы ачылган.

- ***Аналогия***: эл аралык стандарттар жана башка өлкөлөрдүн сот тутумдары менен салыштыруу аркылуу жүргүзүлгөн реформалардын натыйжалуулугу бааланып, ийгиликтүү тажрыйбага таянып жакшыртуу жолдору сунушталган.

- ***Жалпылоо:*** чогултулган маалыматтар жана жүргүзүлгөн талдоо негизинде сот тутумунун учурдагы абалы боюнча жалпыланган тыянактар чыгарылган.

- ***Абстракциялоо:*** негизги мүнөздөмөлөр жана көйгөйлөр бөлүнүп көрсөтүлүп, судьялардын көз карандысыздыгына таасир эткен факторлорду аныктоо жеңилдетилген.

- ***Тутумдук усул:*** сот тутуму көп элементтүү уюм катары комплекстүү изилденген.

Изилдөөдө укуктук илимий усулдамалар колдонулган. Салыштырма усул аркылуу изилдөөчүлөр Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарын эл аралык стандарттар менен салыштырышты. Бул ыкма мыйзамдардын айрым нормалары эл аралык талаптарга канчалык ылайык келерин, кайсы жерде мүчүлүштүктөр жана боштуктар бар экенин аныктоого шарт түздү, ошондой эле эл аралык принциптердин улуттук шарттарда канчалык деңгээлде ишке ашырылып жатканын баалоого мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, судьяларды тандоо усулдамалары жана мыйзамдарды колдонуу тажрыйбалары башка мамлекеттерде да изилденди. Бул Кыргызстандагы жараяндардын ачыктыгы менен натыйжалуулугун талдоого жардам берип, башка өлкөлөрдүн ийгиликтүү тажрыйбасына таянып сот тутумун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга өбөлгө түздү. Салыштырма усул ошондой эле окшош шарттагы өлкөлөрдөгү соттук реформалардын жалпы багыттарын жана үлгүлүү мыйзамченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк берип, Кыргызстанда жүргүзүлө турган реформалар үчүн негиз боло алды.

Тарыхый-укуктук усул изилдөөдө Кыргыз Республикасындагы сот тутумуна байланыштуу мыйзамдардын өнүгүшүн изилдөө үчүн колдонулган. Бул усул аркылуу тарыхый окуялар менен саясий өзгөрүүлөр учурдагы укуктук нормалардын жана институттардын калыптанышына кандай таасир бергенин түшүнүүгө мүмкүн болду.

Мындан улам, теориялык изилдөөлөр менен практикалык байкоолорду айкалыштыруу объективдүү жыйынтыктарды чыгарууга жана сот бийлигинин көз карандысыздыгын бекемдөө, анын иштешин жакшыртуу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгууга шарт түздү.

Этикалык жагдайлар. Маекке катышкан бардык адамдар изилдөөнүн максаттары тууралуу маалымат алышып, катышууга өз ыктыяры менен макулдук беришкен. Катышуучулардын купуялуулугун жана жоопторунун анонимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлгөн. Изилдөө көз карандысыз изилдөө комитеттери тарабынан бекитилген этикалык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн чектөөлөрү

Маалыматка жетүүнүн чектелиши. Кыргыз Республикасынын “Маалыматка жетүү укугу жөнүндө” Мыйзамы 2023-жылдын 30-декабрында кабыл алынып, 2024-жылдын 30-июнунда гана күчүнө кирген. Бул эки датанын ортосунда мурдагы мыйзам күчүн жоготкондуктан, маалыматка жетүү фактически токтоп калган. Натыйжада мамлекеттик органдардан жооп алуу узакка созулуп, суроо-талаптарга жооп берүү кечиккен. Жаңы мыйзам күчүнө киргенден кийин да маалымат жеткиликтүүлүгү чектелген бойдон калды. Мисалы, Башкы прокуратура судьяларды кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча статистикалык маалыматты берүүдөн баш тартып, маалыматтын көлөмү чоң экенин жүйө келтирген. Ал эми Судьялар кеңеши “Кыргыз Республикасынын судьяларынын жана сот аппаратынын кызматкерлеринин эмгек акысынын шарттары жөнүндө” Президенттин жарлыгын “купуя” деген негиз менен бербей койгон. Ошондой эле, Судьялар кеңеши жана Сот иштери боюнча кеңеш өз чечимдерин талдоо үчүн берүүдөн баш тарткан. Демек, жаңы мыйзам кабыл алынганына карабастан, мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн айрым суроо-талаптар жоопсуз калган, ал эми маанилүү документтер, мисалы, Президенттин жана СКнын чечимдери жашыруун бойдон калган.

Аккредитация жана меморандумдарга болгон талаптар жана мониторинг жүргүзүүгө жыйындардын жабыктыгы. Сот адилеттиги боюнча кеңештин жыйындарына катышууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн меморандум түзүү жана аккредитациядан өтүү талап кылынган. Бул мониторинг жүргүзүүгө кошумча административдик тоскоолдуктарды жаратты жана актуалдуу маалыматты алуу процессин татаалдаштырды. Судьялар кеңешинин жана анын алдындагы Тартип комиссиясынын жыйындары жабык өткөндүктөн, объективдүү баалоо жүргүзүү

мүмкүнчүлүгү чектелди. Судьялар кеңешинин төрагасы менен меморандум түзүү аркылуу кызматташтык орнотуу аракеттери ийгиликсиз болду — сунушталган меморандум долбоору четке кагылган. Бул судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүгө жана мониторинг жүргүзүүгө кошумча тоскоолдуктарды жаратты. Сот адилеттиги боюнча кеңеш меморандумду тез арада кабыл алып, байкоочуларга бош кызмат орундарына судьяларды тандоо процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Ал эми Судьялар кеңеши меморандумдун текстин узак убакыт бою өзгөртүп, эмнени жазууга болорун жана болбой турганын тактап, жыйындардын датасы тууралуу маалымат бербей койгон — бул процесстерди толук байкоого тоскоолдук кылды.

Веб-сайттардын жетишсиз ачык-айкындуулугу. Судьялар кеңешинин жана Сот адилеттиги боюнча кеңештин расмий сайттарын изилдөө алардын коомдук көзөмөл үчүн минималдуу гана маалымат берип жатканын көрсөттү. Судьялар кеңеши жыйындар тууралуу пресс-релиздерди гана жарыялайт, ал эми судьяларга карата тартиптик иштер боюнча чечимдерге жетүү мүмкүн эмес. Ошол сыяктуу эле, Сот адилеттиги боюнча кеңештин сайтында чечимдердин тексттери, Президент тарабынан судьяларды дайындоо же дайындоодон баш тартуу боюнча маалыматтар жок. Бул сот органдарынын ишмердүүлүгүн мониторинг кылуу жана талдоо мүмкүнчүлүгүн олуттуу чектеди.

Соттордун жана сот аппаратынын кызматкерлеринин ***эмгек акысы боюнча маалыматтар*** жабык бойдон калууда, ал эми бул маселени жөнгө салган Президенттин Жарлыгы жашыруун деп табылган. Бул Жарлыкты Президенттик администрация аркылуу алуу аракеттери да ийгиликсиз болгон.

Жогоруда көрсөтүлгөн чектөөлөр изилдөөнүн жыйынтыгын интерпретациялоодо эске алынды. Маалыматтар толук болбогон учурларда альтернативдик булактар же эксперттик баалоолор колдонулуп, мүмкүн болгон бурмалоолордун деңгээли минималдаштырылды.

Ошентип, колдонулган усулдама сот тутумунун абалын ар тараптуу жана терең анализдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Изилдөө ар түрдүү маалымат чогултуу жана талдоо ыкмаларына негизделип, бардык болгон чектөөлөрдү эске алуу менен жүргүзүлдү.

БААЛООНУН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ

1. Соттордун түзүлүшү

1.1- Көрсөткүч. Аткаруу бийлиги сотторду түзүүгө жана жоюуга таасир этпейт.
1.1 - көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Аткаруу бийлиги соттордун ишмердүүлүгүн токтотууга же убактылуу токтото турууга ыйгарым укуктуу эмес
Сыпаттамасы Эл аралык стандарттар деңгээлинде аткаруу бийлигинин сот бийлигине карата ролу катуу чектелет. Аткаруу бийлиги соттордун ишмердүүлүгүн токтотууга же убактылуу токтото турууга ыйгарым укуктуу болбошу керек (***Монреаль декларациясынын*** 2.06-пункту) [22]. Ошондуктан, Президенттин сотторду кайра түзүү же жоюу боюнча ыйгарым укуктары эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. Максатка ылайыктуу чечим катары, сотторду түзүү, кайра аталышын өзгөртүү, реорганизациялоо жана жоюу укугу Конституциялык мыйзам кабыл алуу жолу менен Парламентке таандык болушу керек. Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасында соттор Президенттин Указдары менен түзүлүп же жоюлушу мүмкүн болчу, бул аткаруу бийлигине сот тутумунун түзүмүнө олуттуу таасир этүүгө мүмкүндүк берген. Мисалы, Президенттин Жарлыгы менен Чүй гарнизонунун аскер соту жоюлган, арбитраждык соттор жергиликтүү соттордун түзүмүнө интеграцияланган, Токмок жана Нарын шаардык соттору түзүлгөн ж.б. Мындай механизм Президентке сотторду түзүү жана жоюу маселелеринде кеңири ыйгарым укуктарды берип, сот бийлигине саясий кийлигишүү коркунучун жараткан жана соттордун көз карандысыздыгы принцибине шек келтирген. 2010-жылы Конституцияга жана мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилип, бул практика чектелип, сотторду түзүү жана жоюу маселелери мыйзам чыгаруу органдарынын ыйгарым укуктарына өткөрүлгөн. Бул сот тутумунун көз карандысыздыгын бекемдөөгө багытталган маанилүү кадам болгон. Учурдагы Конституциянын IV бөлүмүндө — сот бийлигинин негиздерин жөнгө салган бөлүктө — мыйзамдуу сот эл аралык стандарты түздөн-түз чагылдырылбаса да, 94-берененин жоболору Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституция жана мыйзамдар менен аныкталарын жана ал Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турарын так белгилейт. Бул жобо сот бийлигинин түзүмүнө байланыштуу негизги принциптерди бекемдеп, сот тутумунун туруктуулугун кепилдейт жана ага кадимки мыйзам аркылуу өзгөртүү киргизүүгө тыюу салат. Башкача айтканда, Конституциялык жана Жогорку сот, ошондой эле жергиликтүү соттордун тутуму жоюлушу мүмкүн эмес жана Конституцияга өзгөртүү киргизбестен жаңы баскычтар түзүлүшү мүмкүн эмес. Конституцияда Кыргыз Республикасында сот адилеттиги өлкөдө жалгыз гана соттор тарабынан гана жүзөгө ашырылары (94-берене, 1-бөлүк) так жазылган. Бул деген — башка

[22] Монреаль декларациясы “Сот адилеттигинин көз карандысыздыгынын Жалпы декларациясы”. Монреалда Сот адилеттигинин көз карандысыздыгы боюнча Биринчи дүйнөлүк конференция тарабынан 10-июнь, 1983-жыл. мындан ары-Монреаль декларациясы

мамлекеттик орган же кызмат адамы адилеттүүлүк жүргүзө албайт дегенди билдирет. Демек, соттук актылар мыйзамга ылайык түзүлгөн сот органдары тарабынан гана чыгарылышы керек. Ошондой эле Конституцияда өзгөчө сотторду түзүүгө тыюу салынган (94-берене, 3-бөлүк). Бул тыюу белгилүү бир категориядагы иштерди карoo үчүн убактылуу же атайын түзүлгөн сотторду түзүүгө жол бербейт.

94-берененин жоболору "Жогорку сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Конституциялык мыйзамда деталдуу чагылдырылган. Ага ылайык, сот тутуму төмөнкүдөй түзүлөт: Жогорку сот жана жергиликтүү соттор (райондук соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор, административдик соттор, облустук соттор жана Бишкек шаардык соту).

"Жергиликтүү соттордун түзүмүн жана судьялардын штаттык санын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында бардык жергиликтүү соттордун тизмеси камтылган.

"Жогорку сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Конституциялык мыйзамдын 32-беренесине ылайык, жергиликтүү соттор гана мыйзам аркылуу түзүлүшү, кайра түзүлүшү же жоюлушу мүмкүн. Бирок мыйзамда жергиликтүү сотторду түзүү, кайра түзүү жана жоюу үчүн негиздер жана жол-жоболор көрсөтүлгөн эмес. Мыйзам жергиликтүү сотторду каалагандай тартипте түзүүгө же жоюуга жол бербесе да, ал бул процесстердин толук укуктук тартипте гана ишке ашырылышын кепилдей албайт. Демек, сотторду түзүү же жоюу айрым адамдардын же топтордун жеке кызыкчылыктарына жараша жүргүзүлүшү мүмкүн деген коркунуч сакталып турат.

Сот түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү ар дайым негиздүү жана объективдүү себептерге таянышы керек, мисалы, адилеттүүлүккө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу же мамлекеттик чыгымдарды оптималдаштыруу. Бул процесске сөзсүз түрдө сот тутумунун өкүлдөрү катышып, коомдук талкуу, керек болсо парламенттик угуу өткөрүлүшү зарыл. Бул аспекттердин бардыгы мыйзам менен так жөнгө салынышы керек.

Кыргыз Республикасында сот түзүмүнүн калыптаныш жана өнүгүү тарыхында соттордуу жоюу маселеси бир нече жолу мыйзам чыгаруу органы тарабынан чечилип келген. Мындай чечимдер тиешелүү деңгээлдеги актылар аркылуу расмий түрдө бекитилип, белгилүү бир сот органынын укуктук макамын өзгөртүү (бир сотту жоюп, башкасын түзүү), соттордуу ишке жайгаштыруу (которуу), сот иштерин жана материалдарын тиешелүү сотко өткөрүп берүү маселелерин камтыган. Мисалы: 2016-жылы Аскер соттору жоюлган. Бул үчүн бир катар мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизилген. Демилге Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан көтөрүлгөн. 2020-жылы, Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 11-апрелиндеги № 39 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" [23] Мыйзамынын негизинде экономикалык иштер боюнча межрайондук соттор административдик соттор катары кайра уюштурулган.Бул өзгөртүү өлкөдө жүргүзүлүп жаткан административдик реформанын алкагында ишке ашырылган.

[23] 11-жылдын 2020-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине, салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине, Кыргыз Республикасынын Администрациялык-процесстик кодексине, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун сотторунун штаттык санын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 39-Мыйзам (Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 15-ноябрындагы, 2021-жылдын 134-ноябрындагы редакциясында). Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган 30-Апрель, 2020-жыл.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-2843/edition/1116698/ru

Демек, Кыргызстанда сотторду түзүү, кайра түзүү жана жоюу мыйзамдын негизинде, тиешелүү мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ишке ашырылып келген.

Корутундулар

1. Сотторду түзүү, кайра түзүү жана жоюу мыйзамдын негизинде жүзөгө ашырылат. Учурда Кыргыз Республикасында сот тутумунун туруктуулугу конституциялык деңгээлде камсыздалган. Өлкөнүн сот тутуму Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Конституция өзгөчө соттордуу түзүүгө түз тыюу салат. Сот тутумуна өзгөртүүлөрдү же толуктоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгү Конституцияга өзгөртүү киргизүү жолу менен гана ишке ашырылат. Бул сот тутумун реформалоо процессин татаалдаштырып, кеңири мыйзамдык жөнгө салууну жана коомдук колдоону талап кылат. Сот тутумунун айрым элементтери, мисалы, жалпы юрисдикциядагы (жергиликтүү) соттордуу түзүү, кайра түзүү же жоюу маселелери Кыргыз Республикасынын атайын мыйзамдары менен жөнгө салынат. Жергиликтүү соттордун түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тиешелүү мыйзам актыларын кабыл алуу жолу менен гана ишке ашырылышы мүмкүн, бул аткаруу бийлигинин каалагандай аракеттерине жол бербейт. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү соттордуу түзүү, кайра түзүү жана жоюу жол-жобосу так жана деталдуу жөнгө салынган эмес. Соттордун ишмердүүлүгүн жөнгө салган нормалар бар болгонуна карабастан, мыйзам сот түзүмүн өзгөртүү тартибин аныктаган так негиздерди жана эрежелерди бербейт. Бул болсо жалпы маанидеги коомдук кызыкчылыктарды эске албастан же соттордун өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашпастан чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Конституциялык мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгүн карoo сунушталат:

32-берененин 2-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо: “2. Жергиликтүү соттордуу түзүү, кайра түзүү жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде гана ишке ашырылат.

Жергиликтүү соттордуу кайра түзүү деп төмөнкүлөр түшүнүлөт:

бириктирүү – эки же андан көп сотту бир сотко айкалыштыруу;

бөлүү – бир соттун негизинде эки же андан көп сот түзүү;

кошуу – бир сотту башка сотко кошуу менен алардын биринин ишмердүүлүгүн токтотуу;

кайра түзүү – соттун ишмердүүлүгүн токтотпостон, анын аймактык юрисдикциясын же адистигин өзгөртүү.

2-1. Жергиликтүү соттордуу түзүүнүн, кайра түзүүнүн же жоюунун негиздери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) *тиешелүү аймактагы калктын санынын өзгөрүшү;*
2) *аймактык жана административдик өзгөртүүлөр;*
3) *келип түшкөн иштердин көлөмүнүн жана соттордун жүктөмүнүн өзгөрүшү;*
4) *адилеттүүлүккө жеткиликтүүлүктү жогорулатуу зарылдыгы;*
5) *мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу пайдалануу.*

2-2. Жоюлган же кайра түзүлгөн соттордун судьялары башка сотторго которулат, алардын макамы, деңгээли жана судьялык иш стажы сакталат. Конкурстук тандоодон

өтүү талап кылынбайт, эгерде бул которуу жогорку кызматка дайындоо же адистиктин өзгөрүшү менен байланыштуу болбосо.
Которуу судьянын пикирин эске алуу менен, ошондой эле сот тутумунун үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу зарылдыгына жараша жүзөгө ашырылат."

2. Судьялар корпусун түзүүгө жооптуу органдар. Судьяларды тандоо, дайындоо жана алардын кызматтык көтөрүлүүсү

2- Көрсөткүч. Көз карандысыз соттук орган саясий органдардын катышуусуз судьялар жамааты тарабынан түзүлөт

КК 2.1. Көз карандысыз сот органынын курамы (сот адилеттиги иштери боюнча Кеңеш) саясий органдардын (Президент жана Парламент) түздөн-түз катышуусуз түзүлөт

Сыпаттамасы

"судьялардын, адвокаттардын жана прокурорлордун көз карандысыздыгы менен отчеттуулугуна байланыштуу эл аралык принциптер — Практикалык колдонмо №1 (экинчи редакция)" [24] төмөнкүлөрдү карайт: судьяларды дайындоо жол-жобосу соттун институционалдык жана жеке көз карандысыздыгын камсыз кылууга тийиш. Жалпысынан, судьяларды алардын кесиптештери же аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен көз карандысыз орган тандаганы артыктуу. *Монреаль декларациясы* судьяларды дайындоого аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинин катышуусун толук четке какпаганы менен, мындай дайындоо судьялар жана юридикалык кесип ээлери менен кеңешүү аркылуу же алардын катышуусу бар орган аркылуу жүргүзүлүшү керектигин белгилейт (2.14-пункт, b-алынма). *Судьялардын макамы жөнүндө Европа хартиясы* 1.3-пунктунда *судьяларды тандаган орган аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен "көз карандысыз болушу керек жана анын курамынын жок дегенде жарымы судьялар тарабынан шайланган судьялардан турушу зарыл — бул судьялар корпусунун кеңири өкүлчүлүгүн камсыз кылат."* [25]

Европа Кеңешинин судьялар боюнча сунуштарында (п. 46–47)[26] *көзкарандысыздык, натыйжалуулук жана милдеттер,* судьяларды тандоо жана кызматтык көтөрүү чечимин

[24] Юристтердин эл аралык комиссиясы, судьялардын, адвокаттардын жана прокурорлордун көз карандысыздыгына жана отчеттуулугуна байланыштуу эл аралык принциптер, 1-январь 2007-жыл. б. 43, 47 Орусча котормо.URL: https://www.icj.org/ru/%D1%82%D0%B5%D0%BC%D1%8B/%D1%86%D0%B5%D0%BD%D1%82%D1%80-%D0%BD%D0%B5%D0%B7%D0%B0%D0%B2%D0%B8%D1%81%D0%B8%D0%BC%D0%BE%D1%81%D1%82%D0%B8-%D1%81%D1%83%D0%B4%D0%B5%D0%B9-%D0%B8-%D0%B0%D0%B4%D0%B2%D0%BE%D0%BA%D0%B0%D1%82%D0%BE/%D0%BC%D0%B5%D0%B6%D0%B4%D1%83%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%BE%D0%B4%D0%BD%D1%8B%D0%B5-%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D0%B4%D0%B0%D1%80%D1%82%D1%8B/

[25] Судьялар үчүн статут жөнүндө Европа Хартиясы 8-10-июль 1998-ж. Европа Кеңеши тарабынан уюштурулган Европадагы судьялар үчүн статут жөнүндө көп тараптуу кеңешменин катышуучулары тарабынан жактырылган.URL: https://rm.coe.int/16807473ef

[26] Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин сотторго карата мүчө мамлекеттерге CM/Rec(2010)12 сунуштамасы: 2010-жылдын 17-ноябрында Министрлердин орун басарларынын 1098-жыйынында Европа Кеңешинин Министрлер комитети тарабынан кабыл алынган көз карандысыздык, натыйжалуулук жана жоопкерчилик. Мындан ары судьялар боюнча Сунуштама деп аталат: көз карандысыздык, натыйжалуулук жана

кабыл алган орган аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен көз карандысыз болушу керектиги белгиленет. Мындай органда мүчөлөрдүн жок дегенде жарымы судьялар тарабынан шайланган судьялар болушу керек. Эгерде Конституция же башка укуктук актылар судьяларды тандоо жана көтөрүү чечимин мамлекет башчысы, өкмөт же парламент кабыл алат деп белгилесе, анда курамында судьялар басымдуулук кылган көз карандысыз жана компетенттүү орган сунуш берүү же өз пикирин билдирүү укугуна ээ болушу керек жана бул сунуштар дайындоочу орган тарабынан эске алынышы зарыл.

Акыркы мезгилде бул стандарттар ооздукталып, катууланып баратат. Европалык судьялардын пикиринде, мындай орган же толугу менен судьялардын турушу керек, же болбосо соттор шайлаган судьялар басымдуулук кылышы керек (п. 13 судьяларды Магна Карты).

Бул стандарттар *Киев сунуштарынын*[27] негизин түзгөн. Анда белгиленгендей, судьялар сот кеңештерине өз кесиптештери тарабынан шайланышы керек жана бул кеңештер бардык деңгээлдеги судьялардын өкүлчүлүгүн, анын ичинде төмөнкү инстанциядагы судьяларды да камтышы зарыл. Судьялар жамаатынын өкүлдөрүнөн тышкары, кеңештердин курамына укук факультетинин окутуучулары жана мүмкүн болсо адвокатуранын өкүлдөрү кириши мүмкүн — бул ачык-айкындуулук жана кеңири өкүлчүлүк принциптерин илгерилетүүгө көмөктөшөт.

Прокурорлор мындай кеңештердин курамына кирбеши керек, эгерде алар судьялар менен бирдей юридикалык макамга ээ болбосо. Ошондой эле укук коргоо органдарынын башка өкүлдөрү да кеңештердин курамына кирбеши керек. Президенттин өкүлү же Юстиция министрлигинин өкүлү кеңешке төрагалык кылбашы керек. Судьялар кеңешинин ишинде аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлдөрү басымдуулук кылбашы керек (п. 7). Мындай кеңештердин курамы судьялык кызматтарга талапкерлердин кесиптик билимин жана квалификациясын саясий көз караштардан жогору коюуну камсыз кылууга тийиш...” (п. 7–8).

Сот тутумунун уюштурулушу жана ишмердүүлүгү, судьялардын макамы боюнча маселелерди ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салууга жол берилбейт. Судьялардын тармагы (картасы), судьялардын эмгек акысынын өлчөмү, Судьялардын кеңешинин жана башка сот башкаруу органдарынын иш тартиби мыйзам менен жөнгө салынышы керек. Сот башкаруу органдары өз иш тартибин жана иш ыкмаларын мыйзамда каралган учурларда гана өз алдынча беките алышат.

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

2021-жылдын 11-апрелинде жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин судьяларды тандоо ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзамдарды өзгөртүүгө негиздер түзүлгөн. 2011-жылдан бери иштеп келген Судьяларды тандоо кеңеши жоюлуп, анын ордуна Сот адилеттиги боюнча кеңеш (мындан ары — САК) түзүлгөн. САК конституциялык-укуктук макамга ээ, анын түзүлүү тартибинин негиздери жана негизги функциясы Конституциянын 96-беренесинде бекитилген. Ага ылайык, САК жергиликтүү соттордун судьялык кызматка талапкерлерди тандайт. Бул жерде белгилеп кетүү маанилүү: Конституцияда САКтын Конституциялык соттун

жоопкерчилик. URL: https://rm.coe.int/cmrec-2010-12-on-independence-efficiency-responsibilites-of-judges/16809f007d

[27] Чыгыш Европада, Түштүк Кавказда жана Борбордук Азияда сот бийлигинин көз карандысыздыгы боюнча Киев конференциясынын “Сот башкаруусу, судьяларды тандоо жана жоопкерчилиги” сунуштары (2010-жылдын 23-25-июнунда Киевде ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ОМІН Коомдук Укуктар Комплекси менен бирге) жана Эл аралык укук) мындан ары Киев сунуштары деп аталат.URL: https://www.osce.org/files/f/documents/5/b/71179.pdf

жана Жогорку соттун судьясына талапкерлерди тандоо боюнча ыйгарым укуктары тууралуу так көрсөтүлгөн эмес. Ал эми “САК жөнүндө” Конституциялык мыйзамга ылайык, кеңештин негизги милдети — Конституциялык соттун, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоо жана дайындоо үчүн сунуш берүү. Конституцияга жана “САК жөнүндө” мыйзамга ылайык, САКтын курамы 12 мүчөдөн турат: алардын 8и — судьялардын, калган 4 — Президенттин, Жогорку Кеңештин депутаттарынын, Элдик Курултайдын жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү. Талапкерлерди көрсөтүү тартиби Судьялар кеңешинин Регламенти менен аныкталат жана бир нече этаптан турат.

САКка талапкерлерди судьялардын жыйындары аркылуу көрсөтүү баскычы. САКга талапкерлер Конституциялык соттун, Жогорку соттун, облустук соттордун жана Бишкек шаардык сотунун судьялардын жыйындары тарабынан, райондук соттордун сунуштарын эске алуу менен, ошол соттордун судьяларынын арасынан көрсөтүлөт. Тилекке каршы, мыйзамда судьялар жыйынынын талапкерлерди көрсөтүү укугу жөнүндө жалпы жоболор гана камтылган жана САКга талапкерлерди көрсөтүү боюнча жыйын өткөрүү жол-жобосун жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга шилтемелер жок. Мунун натыйжасында, судьялардын жыйындары тарабынан талапкерлерди көрсөтүү жана кароо тартиби ыраатсыз жана каалагандай мүнөзгө ээ. Талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосу, эреже катары, соттордун Регламенттери менен жөнгө салынышы мүмкүн болмок. Бирок Жогорку жана Конституциялык соттун Регламенттерин кошкондо, бир да Регламентте бул тартип аныкталган эмес. Ошондуктан, судьялардын жыйындары аркылуу САКка талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосун мыйзам деңгээлинде жөнгө салуу объективдүү зарылдык болуп саналат, айрыкча көрсөтүү жол-жобосунун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында. Мындан тышкары, талапкерлерди көрсөтүү боюнча так белгиленген эрежелер сот төрагаларынын же башка бийлик бутактарынын жакын талапкерлерди алдыга жылдыруусуна жол бербейт жана бардык судьялар үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү кепилдейт. Ачык-айкын, туруктуу жана алдын ала божомолдоого мүмкүн болгон көрсөтүү шарттары бардык судьялардын жыйындары үчүн бирдиктүү жол-жобону камсыз кылып, САКка эң татыктуу жана компетенттүү талапкерлерди тандоого өбөлгө түзөт.

Ошондуктан, “Сот адилеттигинин кеңеши жөнүндө” Конституциялык мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Атап айтканда, мыйзам төмөнкү жоболор менен толукталышы керек: ар бир судьянын САКка шайлануу үчүн талапкерди көрсөтүүгө же өзүн талапкер катары көрсөтүүгө укугу; талапкерлердин мыйзам талаптарына шайкештигин талкуулоо милдеттүүлүгү; судьялардын талапкерлерге суроо берүү жана пикир билдирүү укугу; добуш берүү тартиби — ал жыйындын чечимине же белгиленген эрежелерге жараша ачык же жашыруун болушу мүмкүн; добуштарды эсептөө жол-жобосу; судьялар жыйынынын протоколун милдеттүү түрдө жүргүзүү.

Ошондой эле, САКка талапкерлерди көрсөтүү укугу сот тутумунун баштапкы звеносундагы судьялардын жыйындарына (райондук, шаардагы райондук жана шаардык соттор) берилбегенин белгилеп кетүү маанилүү. Мыйзам бул судьялардын сунуштарын эске алууну талап кылат, бирок ал сунуштар кайсы формада жана ким тарабынан берилери так көрсөтүлгөн эмес. Мындай абал бардык судьялар үчүн бирдиктүү макам принцибин бузуп, жогоруда аталган соттордун судьяларын САКты түзүүгө катышуу укугун чектейт. Ушуга байланыштуу, райондук соттордун судьялар жыйындарына САКка талапкерлерди көрсөтүү укугун жана мүмкүнчүлүгүн берүү сунушталат. Ошол эле учурда, көпчүлүк соттордо 2–3 судья гана иштээрин эске алуу менен, САКка талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун эң ылайыктуу формасы катары Судьялардын курултайын өткөрүү сунушталат. Мындан тышкары,

курултайда САКка талапкерлердин резерв тизмеси да түзүлүшү мүмкүн, бул тизмеден бош орундар курултайлардын ортосунда толукталат.

Талапкерлерди көрсөтүү этабынын дагы бир кемчилиги — Судьялардын жыйындары тарабынан көрсөтүлө турган талапкерлердин максималдуу санын аныктаган нормалардын жоктугу болуп саналат. Бул маселеде талапкерлерди көрсөтүүгө укуктуу судьялардын штаттык саны олуттуу түрдө айырмаланарын эске алуу зарыл (мисалы, Бишкек шаардык сотунда — 32 судья, ал эми Нарын облустук сотунда — 8 судья иштейт[28]).

САКка *талапкерлерди шайлоо этабы.* Судьялар кеңешинин төрагасы судьялардын жыйындары тарабынан берилген документтерди алдын ала изилдөөнү САКтын бир мүчөсүнө тапшырат. Текшерүүнүн жыйынтыгында маалымкат даярдалат. Талапкерлерди шайлоо үчүн САКтын жыйыны өткөрүлөт, ага судьялардын жыйындары тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер катышууга укуктуу. Жыйында САК ар бир талапкер боюнча маалымкатты жана берилген материалдарды изилдеп, САКтын мүчөлүгүнө талапкерлерди угат. Бардык талапкерлер боюнча материалдар каралып бүткөндөн кийин, Судьялар кеңеши кеңешүү бөлмөсүнө чыгып, САКтын курамына 8 судья тандайт жана бул тууралуу тиешелүү чечим кабыл алынат.

САКта судьялыкка-талапкерлерди шайлоо тартибинин негизги кемчиликтери төмөнкүлөр болуп саналат:

- *СК мүчөлөрүнүн кеңешүү бөлмөсүндө добуш берүүсүнүн жабык мүнөзү* процесстин ачык-айкындуулугуна шек жаратат. Судьялардын кеңешүү купуялуулугу — бул адилеттүүлүктү ишке ашырууда көз карандысыздыкты жана калыстыкты камсыз кылган процессуалдык принцип. Бирок СК адилеттүүлүк жүргүзбөгөн, коомдук мүнөздөгү функцияларды аткарган орган болгондуктан, анын ишмердүүлүгү ачык болушу керек. Кеңешүү бөлмөсү СК мүчөлөрүнүн объективдүүлүгүн жана көз карандысыздыгын кепилдей албайт, анткени кеңешүү купуялуулугун бузуу үчүн мыйзамда жоопкерчилик каралган эмес. Ошондуктан, СК Регламентинен чечимдерди кеңешүү бөлмөсүндө кабыл алуу жөнүндөгү норманы алып салуу максатка ылайыктуу.
- *Шайлоо жол-жобосунда СК мүчөлөрүнүн талапкерлер менен жеке же кесиптик байланыштары болгон учурда кызыкчылыктардын кагылышын алдын алуу механизмдери каралган эмес.* Бул боюнча атайын нормалардын жоктугу жол-жобонун объективдүүлүгүнө шек келтирип, фаворитизм боюнча дооматтарга алып келиши мүмкүн.
- *Шайлоо жол-жобосу коомдук көзөмөлдүн эч кандай формасын карабайт.* Коомдук байкоо элементтерин же жарандык коом өкүлдөрүнүн катышуусун киргизүү бул процесске жана анын жыйынтыгына болгон ишенимди бекемдемек.
- Эгерде судьялардын жыйындары ар бири бирден гана талапкер көрсөтүп, жалпысынан 10 талапкер көрсөтүлүп, алардын ичинен 8и САКка шайланышы керек болсо, *тандоонун сапаты боюнча суроолор жаралат.* 10 талапкердин 8и шайланышы керек болгон шартта, дээрлик ар бир талапкердин шайлануу мүмкүнчүлүгү жогору болуп калат. Бул болсо реалдуу атаандаштыкты жокко чыгарып, процесстин объективдүүлүгүн төмөндөтөт. Талапкерлердин саны аз болгон шартта тандоо формалдуулукка айланып, ар бир талапкерди

[28] "Жергиликтүү соттордун түзүмүн жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 28-октябрындагы No 188 Мыйзамын караңыз (КР 2016-жылдын 23-декабрындагы No 217, 2019-жылдын 29-январы, No 120 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык. 39, 2020-жылдын 4-июнундагы № 59). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-4464/edition/1010012/ru

объективдүү баалоо мүмкүнчүлүгү чектелет. Бул ошондой эле тандоо процессинде манипуляция коркунучун жогорулатат.

- САК Регламентинде *добуш берүү кандайча жүргүзүлөрү боюнча так эрежелер жок.* Бул болсо жол-жобону ар кандайча түшүндүрүүгө жана манипуляцияга шарт түзөт. Мисалы, САК мүчөлөрү ар бир талапкер боюнча кандайча добуш берет — жашыруунбу, ачыкпы же башка ыкма мененби — так көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле талапкерди шайлоо үчүн канча добуш талап кылынары — жөнөкөй көпчүлүкпү, квалификациялуу көпчүлүкпү же башка шарттар барбы — белгисиз.

Өзгөчө белгилеп кетүү керек: СК Регламенти — нормативдик укуктук акт эмес. Конституциялык орган катары СКнын ишмердүүлүгү, айрыкча башка конституциялык орган болгон Сот адилеттигинин кеңешин (САК) түзүүгө катышуу маселелери Конституциянын 103-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, мыйзам менен гана жөнгө салынышы керек. Демек, “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

Талапкерлерди Жогорку Кеңеш тарабынан талкуулоо жана бекитүү баскычы. СКнын чечими Жогорку Кеңешке жөнөтүлөт. Кыргыз Республикасынын “Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндө”[29] мыйзамынын 122-беренесине ылайык, СК тарабынан сунушталган талапкерлер башка булактардан (Жогорку Кеңеш тарабынан көрсөтүлгөн, Президент же Элдик Курултай тарабынан сунушталган) келген талапкерлер менен бирдикте бирдиктүү добуш берүү тизмесине киргизилет жана жашыруун добуш берүү жолу менен бекитилет. Бул — бардык талапкерлер бир тизмеге киргизилип, депутаттар ар бир талапкерге өзүнчө эмес, толугу менен тизме үчүн добуш беришет дегенди билдирет.

Мындай тартипте, Жогорку Кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары СК сунуштаган талапкерлерге карата жөн гана бекитүү менен чектелет. Регламенттин 122-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, ар бир талапкер боюнча сунуш түшкөн күндөн тартып 14 иш күнүнүн ичинде профилдик комитетте талкуу өткөрүлүшү милдеттүү. Мисалы, 2022-жылдын 31-майында Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитет САКтын курамын түзүү маселесин карап жатып, СКдан келген талапкерлердин тизмесин гана окуп берген. 2022-жылдын 16-июнунда Жогорку Кеңештин пленардык жыйынында САКка сунушталган талапкерлердин[30] бири да талкууланган эмес.

Албетте, Жогорку Кеңеште талапкерлерди ачык талкуулоо жана талапкерлерге депутаттардын суроолоруна жооп берүү мүмкүнчүлүгүн берүү — САКтын курамын сапаттуу тандоого жана бул маанилүү органды түзүүдө ачык-айкындуулукту камсыз кылууга олуттуу таасир этет.

Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңеш САКтын курамын конституциялык мыйзамда белгиленген тартипте бекитет (80-берене, 3-бөлүк, п.4). Бирок “САК жөнүндө” Конституциялык мыйзамда САКтын курамы Жогорку Кеңештин Регламенти менен белгиленген тартипте бекитилет деп көрсөтүлгөн (8-берене, 8-бөлүк), ал эми Регламент конституциялык мыйзам макамында эмес. Бул укуктук карама-каршылыктарды жоюу жана талапкерлерди бекитүү процессинин легитимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн “САК жөнүндө” мыйзамдын жоболорун Жогорку Кеңештин Регламенти менен шайкеш келтирүү зарыл.

[29] “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы № 106 Мыйзамы.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112437/edition/24056/ru

[30]Жолугушуунун видеосу төмөнкү шилтемеде URL:
https://www.youtube.com/live/UkHS1T4euRI?si=TXKd_7VplT1t5Jfx
https://www.youtube.com/watch?v=omqY1iPAyRQ

Президенттин САКтагы өкүлүн дайындоо тартиби. Конституция Президентке Сот адилеттигинин кеңешине (САК) бир мүчөнү — Президенттин өкүлүн дайындоо ыйгарым укугун берет. Бул жагдай сот тутумунун көз карандысыздыгы жана аткаруу бийлигинин сот органдарын түзүүгө катышуусу боюнча эл аралык стандарттардын контекстинде бир катар суроолорду жаратат. Эл аралык стандарттарга ылайык, сот органдарынын мүчөлөрүн дайындоо саясий таасирден көз карандысыз болушу керек. Демек, аткаруу бийлигинин башчысы болгон Президенттин түздөн-түз катышуусу судьялардын көз карандысыздыгына коркунуч жаратышы мүмкүн. Аткаруу бийлигинин таасирин минималдаштыруу үчүн дайындоолор ачык-айкын жана объективдүү критерийлердин негизинде жүргүзүлүшү өтө маанилүү.

Бул маселе боюнча мыйзамдык актыларды талдоо көрсөткөндөй, Президенттин Сот адилеттигинин кеңешине (САК) өз өкүлүн дайындоо жол-жобосу толугу менен жөнгө салынган эмес. Башкача айтканда, Президент САКка өз өкүлүн өз каалоосу боюнча дайындайт. Мыйзамда мындай нормалардын жоктугу эл аралык стандарттарга жооп бербейт, анткени бул стандарттар сот кеңештерине өкүлдөрдү дайындоо жол-жобосу ачык-айкын, так критерийлерге негизделген жана коомдук көзөмөлгө алынышы керек деп сунуштайт. Бул өзгөчө маанилүү, анткени сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыз кылуу жана саясий таасирден сактануу үчүн дайындоо процесси ачык болушу керек. Эгерде мыйзам Президент өз өкүлүн кандай жол менен жана кандай критерийлердин негизинде дайындай турганын так аныктабаса, бул чечим кабыл алуу процессинде ачык эместикке жана субъективдүүлүккө алып келиши мүмкүн.

Учурдагы САКтын курамында Президенттин өкүлү тууралуу анын Адвокаттар ассоциациясынын мүчөсү экени тууралуу гана маалымат бар. Ал эми “САК жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын 7-беренесине ылайык, сунушталган адамдар кылмыш жазасы жок, коомчулукта кадыр-барктуу жана таза абройго ээ болушу керек. Тилекке каршы, Президенттин тандоосу канчалык негиздүү экени белгисиз, анткени мыйзам мамлекет башчысына бул багытта эч кандай талап койбойт.

Ошентип, Президенттин Сот адилеттигинин кеңешине (САК) өкүл дайындоо процесси жабык жана коомчулукка отчет бербеген мүнөзгө ээ. Президент өз өкүлүн так критерийлерсиз дайындай алат, бул анын мыйзам талаптарына шайкештигине шек жаратат. Мындан тышкары, мыйзам менен белгиленген жол-жобонун жоктугу Президент менен жеке же саясий байланыштары бар адамдардын дайындалышына жол ачат. Бул болсо САКтын көз карандысыздыгына жалпы жонунан терс таасир тийгизиши мүмкүн.

Президенттин өкүлүн дайындоо жол-жобосун жөнгө салган нормалардын жоктугу бул процесстин укуктук аныктуулугун жана ачык-айкындуулугун төмөндөтөт, ал эми бул өз кезегинде САКтын көз карандысыздыгы жана калыстыгы тууралуу коомдук кабылдоого терс таасир тийгизиши мүмкүн. САКтын конституциялык-укуктук макамын жана сот тутумундагы өзгөчө ролун эске алуу менен, “САК жөнүндө” Конституциялык мыйзамга Президенттин өкүлүн дайындоо жол-жобосун жөнгө салган жоболорду киргизүү зарыл. Бул жоболор төмөнкүлөрдү камтышы керек: дайындоо этаптарынын сүрөттөлүшү; башка органдар менен кеңешүү же талапкерлерди коомдук талкууга чыгаруу; Президент өз тандоосун негиздеп, талапкер тууралуу маалымат берүүгө милдеттүү болушу.

Жогорку Кеңештин депутаттарынын арасынан САКка өкүлдү шайлоо тартиби. САКка талапкерлерди парламенттик фракциялар, депутаттык топтор, ошондой эле бир мандаттуу округдардан шайланган жана фракцияларга же депутаттык топторго кирбеген депутаттар сунуштай алышат. Фракция же депутаттык топ колдогон талапкерлер Жогорку Кеңештин

профилдик комитетине сунушталышы керек. Бул комитет талапкерлерди тандоо жана бекитүү процессин уюштурууга жооптуу. 2022-жылдын 31-майында профилдик комитетке парламенттик фракциялар тарабынан көрсөтүлгөн төрт депутаттын талапкерлиги сунушталган. Комитет бул талапкерлерди талкуусуз жана мыйзам талаптарына шайкештигин текшербестен парламенттин жыйынына шайлоо үчүн жөнөткөн. Мисал катары, САКка шайланган депутаттардын бири техникалык базалык билимге ээ болуп, инженер-механик адистигине ээ, кийин 2,5 жылдык кошумча юридикалык билим алган. Ал ишкердик менен алектенген, муниципалдык кызматта иштеген жана бир нече жолу шаардык кеңештин депутаты болуп шайланган. Башкача айтканда, ал укуктук тармакта, айрыкча сот же укук коргоо органдарында эч качан иштеген эмес[31]. Ушундай эле жагдай кийинчерээк көрсөтүлгөн башка талапкерлерге да тиешелүү, алардын арасында юридикалык билими жок жана укуктук чөйрөдө иштебегендер болгон. 2024-жылдын 29-майында Жогорку Кеңеш САКтын курамына укуктук чөйрөдө иш тажрыйбасы жок үчүнчү өкүлдү шайлаган. Ага атаандаш катары прокурордук чоң тажрыйбага ээ кесипкөй юрист-депутат чыккан. 2024-жылдын 12-июнунда Бишкек шаардык сотунун судьялык кызмат ордуна талапкер болгон аял САК мүчөсүнүн ага карата адилетсиз мамилеси тууралуу ачык билдирүү жасаган. Ал өз билдирүүсүндө ар-намысына шек келтирүү жана бааларды атайылап төмөндөтүү фактыларын ачыктаган[32].

САКтын эки жылдык ишмердүүлүгүндө Жогорку Кеңештин өкүлү үч жолу алмашканы, алардын ар бири өз каалоосу менен кызматтан кеткендиги, депутаттар тарабынан талапкерлерди тандоого үстүртөн мамиле жасалганын көрсөтүшү мүмкүн. Бул көрүнүш Жогорку Кеңештин депутаттары САКтагы өкүлдүк маанисин жетиштүү баалабай жатканын айгинелейт.

Профилдик комитет талапкерлерди Жогорку Кеңештин пленардык жыйынына сунуштайт. Бул кадимки тартип, анткени Жогорку Кеңеш өз ыйгарым укуктарынын алкагында көптөгөн кызматтарга талапкерлерди шайлап, макулдугун берип же бекитет. Адатта, комитет төрагасы талапкердин анкеталык маалыматтарын сунуштап, андан кийин талапкер талкууга алынып, депутаттардын суроолоруна жооп берет. Бирок жогоруда белгиленгендей, Жогорку Кеңеш САКка өз өкүлүн бир нече жолу шайлаганына карабастан, бир да жолу талапкерлер пленардык жыйында талкууланган эмес. Талкуудан кийин депутаттар добуш берүүгө өтүшөт. Жогорку Кеңештин Регламенти ар түрдүү жагдайларды, анын ичинде бир, эки же андан көп талапкер болгондогу добуш берүүнү, ошондой эле талапкерлердин бири да жетиштүү добуш албаган учурда кайра добуш берүүнү жөнгө салат. Добуш берүү жашыруун түрдө жүргүзүлөт, чечим депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Мыйзамдарды талдоо жана САКка парламент өкүлдөрүн шайлоону мониторинг кылуу көрсөткөндөй, мыйзам чыгаруу бийлигинен бир өкүлдү киргизүү эл аралык стандарттарга каршы келбейт, анткени САКта көпчүлүк мүчөлөр судьялардан турат жана бул судьяларды тандоо процессине басым жасоо коркунучун жаратпайт. Парламенттин катышуусу негиздүү, эгерде ал коомдук кызыкчылыктарды чагылдырууга багытталса. Бирок фракциялар жана депутаттык топтор тарабынан талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосу жетиштүү деңгээлде жөнгө салынган эмес, бул кулуардык макулдашууларга алып келиши мүмкүн. Бул процессти деталдуу жөнгө салуу зарыл, бул ачык-айкындуулук менен объективдүүлүктү жогорулатат, кулуардык келишимдерден сактайт, коомдук көзөмөлдү камсыз кылат жана жол-жобону ачык кылат.

[31] шилтемени караныз.: https://old.kenesh.kg/ru/deputy/show/220/zhakishov-ruslanbek-shergazievich
[32] шилтемени караныз.: https://www.youtube.com/watch?v=xgFpblWvdKg.

Профилдик комитет талапкерлерди мыйзам талаптарына шайкештигин текшербестен жана талкуусуз сунуштап жатканы — САК сыяктуу маанилүү орган үчүн жол берилгис көрүнүш. Парламенттин САКтагы өкүлү жогорку юридикалык билимге, укуктук чөйрөдө жана профилдик комитеттерде иш тажрыйбасына, ошондой эле таза абройго ээ болушу керек. Бул судьяларды тандоо процессинин кесипкөйлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн өтө маанилүү.

Талапкерлерди тиешелүү талкуусуз шайлоо практикасы Жогорку Кеңештин пленардык жыйындарында да калыптанган. Мисалы, 2024-жылдын 29-майында парламенттин Сот адилеттигинин кеңешиндеги өкүлүнүн талапкерлиги талкуусуз, мыйзамда белгиленген талаптарга шайкештиги бааланбастан жана талапкерге суроо берүү мүмкүнчүлүгү берилбестен бекитилген[33]. Талапкерлерди ачык кароонун жоктугу жол-жобонун ачык-айкындуулугун төмөндөтүп, добуш берүүгө формалдуу мамиле жасоого өбөлгө түзөт жана Сот адилеттигинин кеңешинин курамын түзүү процессине болгон ишенимди солгутат.

Мыйзам талапкерлерди фракциялар гана эмес, фракцияларга кирбеген депутаттар да көрсөтө алышарын караганына карабастан, мындай депутаттардын катышуусу практикада байкалган эмес. Бул болсо так белгиленген жол-жоболордун жоктугу менен байланыштуу. Регламентке фракцияга кирбеген депутаттар өз талапкерлигин көрсөтө алышы же биригип талапкер көрсөтө алышы үчүн тиешелүү жоболорду кошуу зарыл.

Юридикалык коомчулуктун өкүлүн Сот адилеттигинин кеңешине (САК) шайлоо тартиби. “САК жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын 8-беренесине ылайык, юридикалык коомчулуктун өкүлдөрүнөн САКтын курамына талапкерлер юристтердин коомдук бирикмелеринин уставдык органдары тарабынан көрсөтүлөт. Бул бирикмелер талапкерлерди көрсөтүү жарыяланган күнгө карата кеминде 5 жылдык иш тажрыйбасына ээ болушу керек. Ар бир коомдук бирикме САКтын курамына 4 талапкерге чейин көрсөтө алат. Талапкерди көрсөтүү тууралуу чечим уставдык документтерге ылайык таризделип, коомдук бирикменин каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү менен кошо Жогорку Кеңешке жөнөтүлөт.

Жалпысынан, бул жоболор юридикалык коомчулуктун өкүлдөрүнөн квалификациялуу жана компетенттүү талапкерлерди тандоону камсыз кылууга багытталган. Бул талапкерлерди ишенимдүү репутациясы жана тажрыйбасы бар уюмдар сунушташы керек деген максатты көздөйт. Уюмдун 5 жылдык иш тажрыйбасы болушу тууралуу талап логикалуу көрүнөт, анткени ал жакында түзүлгөн, өзүн али көрсөтө элек жана САК мүчөлөрүн тандоо сыяктуу маанилүү процесске катышууга жетиштүү тажрыйбасы же аброю жок уюмдарды четтетүүгө мүмкүндүк берет. Бирок ошол эле учурда, бул жоболор так эмес жана укуктук аныктуулук талаптарына толук жооп бербейт деген сынга кабылып келет. Биринчиден, “юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү” деген түшүнүк тактоону талап кылат. “Юридикалык коомчулук” түшүнүк субъективдүү мүнөзгө ээ болуп, кеңири да, тар мааниде да түшүндүрүлүшү мүмкүн. Жарандык коомдун САКка катышуусун камсыз кылуу максатында, бул түшүнүк укуктук жана укук коргоо ишмердүүлүгү менен алектенген кесиптик топторду жана уюмдарды кеңири камтышы керек. Бирок мыйзамда юридикалык коомчулук катары жөн гана юристтердин коомдук бирикмелери гана каралып, талапкерлерди көрсөтүү укугу да ошолорго гана берилет.

Бул учурда, кайсы уюмдар “юристтердин коомдук бирикмеси” болуп эсептелери так эмес. Анткени Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамында

[33] шилтемени караныз. https://www.youtube.com/watch?v=xgFpblWvdKg&t=1159s

юристтердин коомдук бирикмелери өзүнчө түр катары бөлүнгөн эмес. Алар коомдук бирикменин бир формасы катары каралып, бардык коммерциялык эмес уюмдарга тиешелүү жалпы жоболор менен жөнгө салынат. Юристтердин бирикмелери ар кандай уюштуруу-укуктук формаларда болушу мүмкүн жана алар коомдук бирикмелер менен гана чектелбейт. Кыргыз Республикасынын "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" [34] мыйзамы коомдук бирикмелерден тышкары, юристтердин бирикмелери иш алып бара ала турган башка да формаларды — ассоциациялар, фонддор, мекемелер ж.б. — карайт. Бирок юристтердин мындай кеңири уюмдашуу формалары эске алынбай, САКка талапкерлерди көрсөтүү укугунан ажырап калган. Укуктук аныктуулукту жана бардык уюмдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу максатында, мыйзамга юристтердин ар түрдүү уюмдашуу-укуктук формаларын камтыган жоболорду киргизүү максатка ылайык болмок.

Юристтердин бирикмелеринен тышкары, судьяларды тандоо процессине адам укуктарын коргоо менен алектенген бейөкмөт уюмдардын жана укук бузууларды мониторинг кылган уюмдардын өкүлдөрү да натыйжалуу катыша алышат. Бирок учурдагы формалдуу ыкмада бул уюмдар да талапкерлерди көрсөтүү укугунан ажыратылган.

"5 жылдан кем эмес практикалык иш тажрыйбасы" деген талап да так эмес. Бул жерде "практикалык иш" деген эмне экендиги түшүнүксүз бойдон калууда: бул укук коргоо ишмердүүлүгүбү, юридикалык кызмат көрсөтүүбү, билим берүү программаларын өткөрүүбү ж.б.? Бул ар кандайча түшүндүрүүгө жол ачып, талапкерлерди тандоодо субъективдүү критерийлерге негизделген чечимдерге алып келиши мүмкүн.

Мыйзам ошондой эле уставдык органдар талапкерлерди кандай жол менен көрсөтүшү керектигин тактабайт. Мисалы, бул жалпы жыйын аркылуу ачык добуш берүү болушу керекпи же чечимди чакан топ кабыл ала алабы — белгисиз. Бул талапкерлерди көрсөтүү процессинин легитимдүүлүгүнө жана ачык-айкындуулугуна шек жаратат.

Демек, мыйзамдын максаты тажрыйбалуу жана таанылган юридикалык бирикмелердин САКты түзүүгө катышуусун камсыз кылуу болсо да, учурдагы жоболор так эместиги менен айырмаланып, процесстин толук ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн кепилдей албайт.

2022-жылы САКты түзүү процессине болгону 6 юридикалык бирикме катышкан: Кыргызстандын юридикалык клиникалар ассоциациясы, КР сот тутумунун ардагерлер кеңеши, Бишкек шаарынын адвокатурасы, Чүй облусунун адвокатурасы, Кыргыз Республикасынын адвокатурасы, Кыргызстандын юристтер ассоциациясы[35].

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн мониторинг бир катар кемчиликтерди жана бошлуктарды аныктаган. Атап айтканда, сунушталган талапкерлердин бири да депутаттар тарабынан талкууланган эмес, талапкерлер жыйын залында катышып турса да аларга суроо берилген эмес. Айрым депутаттар талапкерлер менен жакшылап таанышып, суроо берип, талкуу жүргүзүү зарылдыгын көтөрүшкөн, бирок бул сунуштар четке кагылган. Бир депутат өзүнүн сүйлөөсүндө айрым талапкерлерди таңуулаган лоббисттик аракеттер тууралуу маалымат берип, маселени талкуулап отуруунун эч кандай маани жок экенин айтып, дароо

[34] Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Мыйзамы.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/274/edition/6030/ru

[35] Жогорку Кеңештин комитети Кыргыз Республикасынын Юстиция кеңешинин мүчөлүгүнө талапкерлерди карады. 31-май, 2022-жыл// https://otbor.sot.kg/post/komitet-zhogorku-kenesha-rassmotrel-kandidatury-v-sostav-soveta-po-delam-pravosudiya-kyrgyzskoj-respubliki

добуш берүүгө өтүүнү сунуштаган. Анын айтымында, бул маселе буга чейин эле кулуардык[36] түрдө чечилип калган.

САКка талапкерлерди шайлоо жол-жобосу мыйзам бузуу менен өткөн. Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча талапкерлер жашыруун добуш берүү менен шайланышы керек, бирок үчүнчү турда талапкер ачык электрондук добуш берүү аркылуу шайланган. Шайланган талапкер формалдуу түрдө мыйзам талаптарына жооп берген. Бирок "кылмыш жазасы жок таза аброй" деген талапка шайкештиги текшерилиши керек болчу, анткени ЖМКлардын маалыматына ылайык, талапкер өлкөдө белгилүү, коррупция үчүн соттолгон жана учурда уюшкан кылмыштуу топторго катыштыгы жана мыйзамсыз кирешелерди адалдаштырганы үчүн айыпталып жаткан адамдар менен тыгыз байланышта болгон. [37]

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, Сот адилеттигинин кеңешине (САК) талапкерлерди көрсөтүү жана шайлоо жол-жобосу мыйзамда так жана түшүнүктүү эрежелер менен бекитилбегендиктен, бул процесстин ачык-айкындуулугу жана мыйзамдуулугу боюнча олуттуу суроолорду жаратат. Ошол эле учурда, мыйзамда белгиленген милдеттүү жол-жоболордун аткарылбашы жеке кызыкчылыктарга жана байланыштарга негизделген ыктыярдуу чечимдердин кабыл алынышына алып келүү коркунучун жаратат, бул болсо талапкерлерди тандоонун легитимдүүлүгүнө шек келтирет.

САКка талапкерлерди көрсөтүүгө болгону алты юридикалык бирикменин катышканы бул процесстин жетишсиз инклюзивдүүлүгүн көрсөтөт. Эгерде талапкерлерди көрсөтүүчү субъекттер үчүн так критерийлер белгиленбесе, жарандык коомдун өкүлүн САКка киргизүү боюнча конституциялык ниет өз маанисин жоготот.

Бул маселелерди чечүү үчүн мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл, алар талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосун так аныктап бериши керек. Мыйзам талапкерлерди тандоо процессинин ар бир этабында ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылууну талап кылышы керек, бул коомчулукка жана кызыкдар тараптарга процессти көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет. САКтын легитимдүүлүгүн жогорулатуу үчүн талапкерлерди көрсөтүү процессине укуктук жана укук коргоо ишмердүүлүгү менен алектенген башка уюмдарды да тартуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат, бул САКтын курамын кеңейтүүгө жана өкүлчүлүктүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Мыйзамдын жоболору укуктук аныктуулук талаптарына жооп бериши үчүн, төмөнкүдөй чаралар сунушталат: "юридикалык коомчулуктун өкүлү" деген түшүнүктү так аныктоо; "практикалык ишмердүүлүк" деген эмне экенин тактоо; талапкерлерди уставдык органдар тарабынан көрсөтүү жол-жобосун ачык-айкын белгилөө; талапкерлерди баалоо үчүн кошумча критерийлерди киргизүү — бул субъективдүүлүктү азайтып, тандоонун сапатын жогорулатат.

Курултайдын өкүлүн САКка көрсөтүү тартиби. Элдик Курултай САКтын курамына бир өкүлдү Курултайдын Регламентинин негизинде шайлайт. Бул Регламент 2023-жылдын 15-декабрында кабыл алынган жана локалдык акт болуп саналат, Регламент 2023-жылдын -15декабрында[38] Элдик Курултайдын жыйынында кабыл алынган, ал жергиликтүү акт болуп

[36] Жогорку Кеңештин 2022-жылдын 16-июндагы сессиясын караңыз URL: https://www.youtube.com/watch?v=YVjbmIoP_tI "Түн ичинде чалышты". Депутат Сот иштери боюнча кеңешке талапкерлердин үгүтү жөнүндө. 24.kg маалымат булагы // https://24.kg/vlast/237239_zvonili_ponbspnocham_deputat_obnbspagitatsii_kandidatov_vnbspsovet_ponbspdelam_pravosudiya/

[37] караңыз. https://rus.azattyk.org/a/30845333.html

[38] Элдик Курултайдын Жобосу ачык жарыяланган жок. Аларды Элдик Курултайдын катчылыгынан изилдөө тобу суранган.

саналат жана нормативдик укуктук акт макамында эмес. Регламенттин 64–75-пункттарына ылайык, талапкерлер катары Курултайдын делегаттары же Кыргыз Республикасынын башка жарандары көрсөтүлө алат, эгерде алар “САК жөнүндө” мыйзамдын талаптарына жооп берсе. Талапкерлердин документтерин Курултайдын Катчылыгы чогултуп, жалпы жыйынга сунуштайт. Бирок Регламентте талапкерлерди баштапкы көрсөтүү кандайча жүргүзүлөрү, ким көрсөтө алары жана өзүн-өзү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү тууралуу эч нерсе айтылган эмес. Бул бөлүктө так эместикти жоюу үчүн кошумча жөнгө салуу талап кылынат. Талапкер Курултайдын делегаты же башка жаран болушу мүмкүн, бул формалдуу түрдө чектелбейт. Бирок талапкер соттолбогондугу, саясий партияларга мүчө эместиги ж.б. сыяктуу бир катар шарттарды документ түрүндө ырасташы керек, бул талаптар мыйзамдагы талаптардан ашып түшөт.

Эгерде талапкерлер бирден көп болсо (Регламентте бул “квотанын ашылышы” деп аталат), ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүү өткөрүлөт. Курултайдын ар бир делегат бир гана талапкерге добуш бере алат. Көпчүлүк добуш алган талапкер шайланды деп эсептелет. Бирок ачык добуш берүү талапкерлер шайланар алдында коомдук талкуу механизми жок шартта дайыма эле ачык-айкындуулукту камсыз кыла албайт. Бул болсо кулуардык макулдашууларга жол ачышы мүмкүн.

Шайланган (көрсөтүлгөн) талапкер Жогорку Кеңешке шайланган күндөн тартып 10 иш күнүнүн ичинде, мыйзам талаптарына шайкештигин тастыктаган документтер топтому менен кошо сунушталышы керек. Эң көп добуш алган талапкерден кийинки эки талапкер резервге киргизилет. Эгерде Жогорку Кеңеш талапкерди четке какса же Элдик Курултайдын өкүлүнүн ыйгарым укуктары токтотулса, резервдеги талапкерлердин арасынан жаңы талапкер көрсөтүлөт. Элдик Курултайдын Регламенти менен анын САКтагы өкүлүнө мыйзамда каралбаган кошумча милдеттер жүктөлгөн. Атап айтканда, ал жарандарды кабыл алууга, билимин өркүндөтүүгө жана жыл сайын Элдик Курултайга өз ишмердүүлүгү боюнча отчет берүүгө милдеттүү.

Мониторинг көрсөткөндөй, 2023-жылдын 16-декабрында, Регламент кабыл алынгандан кийинки күнү, Элдик Курултай САКка өз өкүлүн шайлаган. Бул шайлоо автоматтык эсептөө урналары (АЭУ) жана шайлоочуларды идентификациялоо технологиялары колдонулуп өткөрүлгөн. Талапкерлерди шайлоону БШК уюштурган. Добуш берүүгө 695 делегат катышкан. Шайлоо участогу Улуттук филармонияда уюштурулуп, зарыл жабдуулар менен камсыздалган. Бюллетенде 9 талапкер жана “Баарына каршы” деген позиция болгон. Делегаттарды каттоо жана бюллетендерди берүү эсеп комиссиясы тарабынан жүргүзүлгөн[39].

Добуш берүүнүн жыйынтыгы АЭУ аркылуу аныкталган. Элдик Курултайдын САКтагы өкүлү болуп шайланган талапкер кийин Жогорку Кеңеш тарабынан бекитилип, учурда САКтын мүчөсү болуп саналат. Ошентип, учурдагы Элдик Курултайдын өкүлү мыйзамдарда жана Курултайдын Регламентинде каралбаган жол-жоболор менен, олуттуу мыйзам бузуулар менен шайланган. Атап айтканда, автоматтык эсептөө урналарын жана биометрикалык идентификацияны колдонуу Регламентте каралган эмес жана белгиленген эрежелерге каршы келет. Ошондой эле, БШК өз ыйгарым укуктарынан ашып кеткен. Мындай шарттарда учурдагы өкүлдүн легитимдүүлүгүнө негиздүү шек жаралат, бул анын САКтагы ишине жана кабыл алган чечимдеринин мыйзамдуулугуна таасир этиши мүмкүн.

САК мүчөлөрүн шайлоо көп этаптуу жол-жобону камтыйт, ошондуктан акыркы чечимди кабыл алган орган мурунку бардык жол-жоболордун сакталышына ишениши керек. Бирок

[39]караңыз. https://shailoo.gov.kg/ru/news/6966/

Элдик Курултайдын өкүлүн көрсөтүүдө Жогорку Кеңештин депутаттары мыйзам бузууларга көңүл бурган эмес.

Корутундулар

1. Сот адилеттигинин кеңеши 12 мүчөдөн турат жана анын курамынын кеминде үчтөн эки бөлүгүн судьялар түзөт. Калган үчтөн бир бөлүгүн Президенттин, Жогорку Кеңештин, Элдик Курултайдын жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү түзөт. Эл аралык стандарттарга ылайык, саясий органдардын Судьялар кеңешин түзүүгө минималдуу катышуусуна жол берилет, эгерде бул сот бийлигинин көз карандысыздыгына таасир этпесе. Мындай учурда саясий органдардын катышуусу катуу чектелген жана үстөмдүк кылбаган мүнөздө болушу керек. Президент жана Жогорку Кеңеш судьяларды дайындоо жана кызматтан бошотуу маселелеринде маанилүү ролду ойношот. Ошондуктан, бул органдардын өкүлдөрүнүн судьяларды тандоо жол-жоболоруна катышуусу, айрыкча көрсөтүү жана шайлоо жол-жоболору ачык жана так болбогон шартта, судьяларды тандоого саясий таасир этүү коркунучун жаратат.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары САКка талапкерлерди көрсөтүү боюнча так жана бирдиктүү процедуралар Судьялар кеңеши, Президент, Жогорку Кеңеш, Элдик Курултай же юридикалык коомчулук үчүн каралган эмес. Жөнгө салынган механизмдердин жоктугу САКты түзүү процессинин ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн солгутат. Айрыкча, Элдик Курултайдын өкүлү мыйзамда каралбаган жол-жоболор менен көрсөтүлгөн, бул анын легитимдүүлүгүнө жана САКтагы ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулугуна шек жаратат.

3. САКка талапкерлерди көрсөтүү жол-жоболору көп учурда коомчулук үчүн жабык мүнөздө өтөт. Парламенттин жана Президенттин өкүлдөрү репутациялык жана кесиптик талаптар сакталбастан дайындалышы мүмкүн, бул болсо САКты түзүү процессинин саясий мүнөзгө ээ болуп кетүү коркунучун жаратат.

4. Жарандык коом САКтагы өкүлчүлүк мүмкүнчүлүктөрү боюнча чектелген. Анткени мыйзам талапкерлерди жөн гана юристтердин коомдук бирикмелери аркылуу көрсөтүүнү карайт. Бул болсо башка укук коргоо жана юридикалык уюмдардын катышуу мүмкүнчүлүгүн чектейт, эгерде алар бул макамга туура келбесе.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Президенттик администрацияга төмөнкүдөй сунуштар берилет: 1) “Кыргыз Республикасынын Сот адилеттигинин кеңеши жөнүндө” Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү:

- 2-беренеге төмөнкүдөй мазмун кошуу: *“Кыргыз Республикасынын Сот адилеттигинин кеңеши (мындан ары — Кеңеш) Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык түзүлгөн көз карандысыз коллегиалдык орган болуп саналат. Кеңеш өз ишмердүүлүгүн мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинен, ошондой эле саясий партиялардан, коомдук жана диний бирикмелерден көз карандысыз жүзөгө ашырат. Мамлекеттик бийлик органдарынын, алардын кызмат адамдарынын же башка адамдардын жана уюмдардын Кеңештин ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.”*

- 8-беренеге жаңы пункт кошуу: *“2–6-бөлүктөрдө көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан Кеңешке өкүлдөрдү дайындоо же шайлоо төмөнкүдөй так белгиленген жол-жоболорго ылайык жүзөгө ашырылат:*

- талапкерлерди көрсөтүү башталгандыгы тууралуу алдын ала ачык жарыялоо;

- талапкерлер тууралуу маалыматтарды (өмүр баяны, иш тажрыйбасы, билими жана кесиптик аброю) чогултуу жана расмий жарыялоо;
-талапкерлерди тиешелүү органда ачык жыйындарда милдеттүү түрдө талкуулоо;
-бардык талапкерлер үчүн тең жана дискриминациясыз катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
-кесиптик компетенттүүлүк, таза аброй, тажрыйба жана көз карандысыздык сыяктуу критерийлердин болушу жана сакталышы."
- 8-берененин 6-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо: *"Юридикалык коомчулуктун өкүлдөрүнөн талапкерлер жарандык коомдун юриспруденция, адам укуктары, укуктук реформа же юридикалык билим берүү тармагында кеминде 5 жыл ишмердүүлүк жүргүзгөн, белгиленген тартипте катталган уюмдары тарабынан көрсөтүлөт.*

Ар бир уюм 4 талапкерге чейин көрсөтө алат.

Талапкерлерди көрсөтүү чечими уюмдун уставдык документтерине ылайык таризделип, мамлекеттик каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү жана тиешелүү тармактагы иш тажрыйбасын тастыктаган документтер менен кошо Жогорку Кеңешке жөнөтүлөт."

2) "Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" Конституциялык мыйзамдын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна толуктоо киргизүү: Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдарын жана Сот адилеттигинин кеңешин түзүүгө катышуу укугуна ээ — өзүн көрсөтүү, талапкерлерди көрсөтүү, добуш берүү жана бул органдарга талапкер катары көрсөтүлүп, шайлануу укугуна.

2. Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине сунуштар: 1) Судьялар кеңешинин Регламентине өзгөртүү киргизип, райондук, шаардагы райондук жана шаардык соттордун судьялар жыйындарына САК мүчөлүгүнө өз талапкерлерин көрсөтүү укугун башка судьялар менен бирдей негизде берүү; 2) САКга талапкерлерди шайлоо боюнча СКнын жыйындарынын ачыктыгы тууралуу норманы, жашыруун маселелерден башка учурларды эске алуу менен, Регламентте чагылдыруу; 3) СКнын Регламентинен кеңешүүчү бөлмө тууралуу норманы алып салуу, анткени ал Кеңештин ачык мүнөздөгү функциясына дал келбейт; 4) Добуш берүүнүн формасын (ачык/жашыруун), добуштарды эсептөө тартибин, шайлоо үчүн талап кылынган добуштардын санын (мисалы, жөнөкөй көпчүлүк) жана жыйын протоколун түзүү жана жарыялоо талабын Регламентке киргизүү; 5) Коомдук көзөмөл механизмдерин киргизүү — шайлоо боюнча жыйындарга юридикалык коомчулуктун, аккредитациядан өткөн укук коргоо уюмдарынын же ЖМКлардын байкоочуларынын катышуусун камсыздоо, чечим кабыл алууга кийлигишпестен ачыктыкты камсыз кылуу; 6) САКка мүчөлөрүн судьялар корпусунан Кыргыз Республикасынын судьялардын курултайында көрсөтүү жана шайлоо маселесин кароо. Курултай ошондой эле кийинки курултайга чейин актуалдуу болгон талапкерлердин резервдик тизмесин беките алат.

3. Жогорку Кеңешке сунуштар: 1) Профилдик комитетте жана пленардык жыйында талапкерлерди милдеттүү түрдө талкуулоо; 2) Талапкерлердин анкеталык маалыматтарын алдын ала ЖКнын сайтында жарыялоо; 3) Комитет жыйынында жана зарыл болсо пленардык жыйында талапкерлерге өз мотивациясын билдирүүгө жана депутаттардын суроолоруна жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берүү; 4) Профилдик комитет талапкердин мыйзам талаптарына шайкештигин негиздеген мотивдүү корутунду менен кошо сунуш бериши керек; 5) Талкуу жана добуш берүү этаптарында жарандык коомдун жана ЖМКнын өкүлдөрүнүн катышуусуна мүмкүнчүлүк берүү.

4. Президентке сунуш: Талапкер дайындалганга чейин анын өмүр баянын, кесиптик тажрыйбасын жана критерийлерге шайкештигин коомчулукка ачык жарыялоо. Жарандык

коом институттарынан, илимий мекемелерден жана кесиптик бирикмелерден талапкер боюнча сунуштар менен пикирлерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

5. Жогорку Кеңешке, Президенттик администрацияга жана Элдик Курултайга сунуш: "Элдик Курултай жөнүндө" Конституциялык мыйзамга САКка өкүл шайлоо жол-жобосунун негизги элементтерин киргизүү. Бул жол-жобо локалдык акт (Регламент) деңгээлинде эмес, мыйзам деңгээлинде жөнгө салынышы керек; 2) Талапкерлерге коюлуучу талаптарды "САК жөнүндө" Конституциялык мыйзамга ылайык аныктоо; 3) Мыйзамда каралбаган ашыкча талаптарды (мисалы, саясий таандыктыгы жок болушу) алып салуу; 4) Талапкерлерди көрсөтүүгө укуктуу субъекттерди жана өзүн-өзү көрсөтүү укугун белгилөө; 5) Талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосунун ачык-айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу — мисалы, добуш берүүгө чейин талапкерлерди милдеттүү түрдө талкуулоону караштыруу мүмкүн — ачык угуулар, маалыматтарды жарыялоо сыяктуу формалар аркылуу.

3 - Көрсөткүч. Көз карандысыз сот органы — бул сот бийлигинин көз карандысыздыгын, ак ниеттүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылган макамы, ыйгарым укуктары жана иш алып баруу тартиби бар орган.

КК 3.1. Көз карандысыз соттук орган (соттук өз алдынча башкаруу органдары) мыйзамдын негизинде түзүлгөн.

Сыпаттамасы

Европа Кеңешинин R (94) 12-сунуштамасында мүчө мамлекеттерге 1994-жылы берилген сунушта[40] мындай деп айтылат: *"26. Судьялык кеңештер — бул мыйзам же конституциянын негизинде түзүлгөн көз карандысыз органдар болуп саналат жана алар сот бийлигинин жана өзүнчө судьялардын көз карандысыздыгын кепилдөө максатын көздөшөт, муну менен бирге сот тутумунун натыйжалуу иштешине көмөк көрсөтүшөт."*

Бириккен Улуттар Уюмунун судьялар менен адвокаттардын көз карандысыздыгы боюнча атайын баяндамачысынын отчетунда мындай деп белгиленет[41]: *"92. Аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен көз карандысыздыкты камсыз кылуу жана сот бийлигинин натыйжалуу өз алдынча башкаруусун камсыз кылуу үчүн, судьялардын кеңештери жазылган Конституциясы бар өлкөлөрдө Конституцияга ылайык, ал эми башка өлкөлөрдө ага барабар негизги мыйзам же конституциялык актка ылайык түзүлүшү керек. Конституция же ага барабар негизги мыйзам мындай органды түзүү, анын курамы жана функциялары тууралуу кеңири жоболорду камтышы жана кеңештин аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигине карата автономиясын кепилдеши зарыл."*

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Конституцияга ылайык, Судьялар кеңеши — судьялардын өзүн-өзү башкаруу органы болуп саналат жана судьялардын курултайларынын ортосунда иш алып барып, судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону, аларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселелерин кароону, соттордун бюджети түзүлүшүн жана аткарылышын

[40] Сунуштама № R (94) 12 мүчө мамлекеттерге көз карандысыздык, натыйжалуулук жана cjnnjhley ролу жөнүндө (1994).URL: https://rm.coe.int/cmrec-2010-12-on-independence-efficiency-responsibilites-of-judges/16809f007d#:~:text=33.-,Recommendation%20No.,the%20interests%20of%20the%20profession.

[41] Соттордун жана адвокаттардын көз карандысыздыгы жөнүндө Атайын баяндамачынын баяндамасы. URL: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G18/122/83/PDF/G1812283.pdf?OpenElement

көзөмөлдөөнү, ошондой эле судьяларды окутууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштурууну жүзөгө ашырат (103-берене). Судьялар кеңеши жөнүндө өзүнчө мыйзам жок, анын макамы жана ишмердүүлүгү судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө мыйзам менен жөнгө салынат. Ал эми Сот адилеттиги боюнча кеңеш судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдарына кирбейт. САК судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдарына кирбейт.

Корутундулар

1. Судьялардын өзүн-өзү башкаруусунун көз карандысыз органы болгон Судьялар кеңеши Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана «Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын негизинде түзүлгөн.

Сунуштамалар

1. Талап кылынбайт.

КК 3.2. Көз карандысыз судьялык органдын (Судьялар кеңешинин) курамы сот тутумунун адилеттүүлүгүн камсыз кылат.

Сыпаттамасы

Судьялардын статусу жөнүндө Европа хартиясынан үзүндү 8–10-июль, 1998-жыл (1998-жылдын 8–10-июлунда Страсбург шаарында Европа өлкөлөрүнүн өкүлдөрү жана эки эл аралык Судьялардын ассоциациясы тарабынан кабыл алынган) тиешелүү бөлүгүндө төмөнкүлөр белгиленет: *"…1.3. Ар кандай судьяларды тандоо, кызматка алуу, дайындоо, кызмат өтөө же ыйгарым укуктарын токтотуу маселелери боюнча чечим кабыл алууда, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен көз карандысыз орган катышууга тийиш. Бул органда мүчөлөрдүн кеминде жарымы — сот органдарынын кеңири өкүлчүлүгүн камсыз кылган эрежелерге ылайык өз кесиптештери тарабынан шайланган судьялар болушу керек…"*

2. Президентке жана Президенттик администрацияга төмөнкүдөй сунуштар берилет: 1)сынактан өткөн судьялык кызматтарга талапкерлерди дайындоо этабында тандалма маектешүүлөрдү өткөрүү практикасын токтотуу. Мыйзамда каралган формалдаштырылган жол-жоболордун сакталышын камсыз кылуу зарыл. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 25-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган талапты ишке ашыруу керек, ага ылайык Президент САКка талапкер боюнча материалдарды кайтарууда негизделген чечим кабыл алып, дайындоодон баш тартууну талапкердин судьялык кызматка шайкеш келбегенин тастыктаган так фактылар жана жүйөлөр менен негиздеп берүүгө милдеттүү. 2) Мыйзамда каралбаган талапкерлерге карата жашыруун текшерүүлөрдү жүргүзүү практикасын токтотуу. Судьяларды дайындоо чечимдеринде колдонулган бардык маалыматтар расмий жана мыйзамда белгиленген жол-жобонун алкагында берилген болушу керек. Болбосо, мыйзамда кошумча текшерүүлөр жүргүзүлөрүн талапкерге маалымдоо жана ага түшүндүрмө же төгүндөө берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган механизм каралышы зарыл.

КК 4.2. Судьяларды дайындоо жана кызматтык көтөрүлүү алардын эмгек сиңирген сапаттарына жана мыйзамда белгиленген атаандаштык жол-жоболорунун негизинде жүзөгө ашырылат

Сыпаттамасы

Сот органдарынын көз карандысыздыгына байланыштуу негизги принциптерде[65] мындай деп белгиленет: *“Сот кызматтарына тандалып алынган адамдар жогорку адеп-ахлактык сапаттарга жана жөндөмдөргө ээ болуп, укук тармагында тийиштүү даярдыкка жана квалификацияга ээ болушу керек. Судьяларды тандоо ыкмасы судьяларды мыйзамсыз себептер менен дайындоого жол бербеши керек. Судьяларды тандоодо расасына, тери түсүнө, жынысына, динине, саясий же башка ишенимине, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк, туруктуу же башка абалына карата эч кандай дискриминация болбошу зарыл… Судьялар, дайындалган же шайланган болсун, пенсияга чыгуу же белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин ыйгарым укуктарынын кепилдигине ээ болушат”* (10- жана 12-пункттар).

Киев сунуштарында төмөнкүдөй айтылат: *22. Эгерде процедура талапкердин өткөн таржымалын текшерүүнү караса, мындай текшерүүлөр өтө этияттык менен жана укуктун үстөмдүгү негизинде жүргүзүлүшү керек. Судьяларды тандоого жооптуу комиссия ички иштер органдарынан талапкердин соттуулугу, кылмыштуу өткөнү же башка судьялык кызматка тоскоол боло турган жагдайлар тууралуу маалымат берүүнү сураныш мүмкүн. Бул суроонун жыйынтыктары талапкерге жеткиликтүү болушу зарыл жана талапкер бул маалыматтарды сот аркылуу талашууга укуктуу болушу керек. Коопсуздук органдары тарабынан башка эч кандай текшерүүлөр жүргүзүлбөшү керек. Талапкердин мурдагы иштерди үлүгүнө байланыштуу текшерүүнүн негизинде анын талапкерлигин четке кагуу чечими негизделген болушу керек.* Судьялыкка талапкерлер жөнүндө кандай маалыматтар чогултулуп жана пайдаланылып жатканы жөнүндө кабардар болушу жана, эгер текшерүү жүргүзүлсө, анын жыйынтыктары тууралуу маалымдалып, түшүндүрмө же четке кагууларды берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Жашыруун текшерүүлөр же талапкерди кабардар кылбастан жана макулдугун албай бейрасмий маалыматтарды чогултуу — бул ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк принциптеринин бузулушу катары каралат. Текшерүү процедуралары стандартташтырылып, чечимдерге таасир этүүчү субъективдүү баалоолорду же бейрасмий маалыматтарды колдонууга жол бербеши керек[66].

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 19-беренесинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларын тандоо талаптары жана тартиби белгиленет. Жогорку соттун судьяларын тандоо жол-жобосунда талапкерлерге коюлуучу талаптар жана кызматка дайындоо тартиби боюнча айрым өзгөчөлүктөр бар. Атап айтканда, Жогорку соттун судьясы болуп Кыргыз Республикасынын жараны дайындала алат, курагы 40 жаштан кем эмес жана 70 жаштан жогору болбошу керек, "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку юридикалык билими же тиешелүү багыт боюнча “бакалавр” академиялык даражасынын негизинде “магистр” академиялык даражасы менен жогорку юридикалык билими болушу шарт, юридикалык кесип боюнча кеминде 15 жыл иш стажы болушу зарыл, анын ичинде сот катары кеминде 5 жыл, анын ичинен 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда иштеши керек, ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилдерди билиши талап кылынат.

[65] Судьялардын көз карандысыздыгынын Негизги принциптери 1985-жылдын 26-августунан 6-сентябрына чейин Миланда өткөн Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга мамиле кылуу боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун жетинчи конгресси тарабынан кабыл алынган жана БУУнун Башкы Ассамблеясынын 29-ноябрдагы 40/32 резолюциясы менен бекитилген.

[66]Чыгыш Европада, Түштүк Кавказда жана Борбордук Азияда сот бийлигинин көз карандысыздыгы боюнча Киев конференциясынын сунуштары – Соттордуу башкаруу, тандоо жана судьялардын жоопкерчилиги. 23-25-июнь 2010-ж URL: https://www.osce.org/files/f/documents/a/a/73488.pdf п.22

Бул талаптар эл аралык стандарттарга толук шайкеш келет жана дискриминациялык мүнөзгө ээ деп эсептелбеши керек. Жогорку сот инстанциялары үчүн кесиптик тажрыйбанын жана жетилгендиктин мааниси айкын. Мындай талаптар, мисалы, Судьялардын макамы жөнүндө Европалык Хартияда да камтылып, жогорку инстанциядагы судьялар үчүн компетенттүүлүк жана тажрыйбанын маанилүүлүгү белгиленет.

Жергиликтүү соттун судьясы болуп Кыргыз Республикасынын жараны дайындала алат, курагы 30 жаштан кем эмес жана 65 жаштан жогору болбошу керек, "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку юридикалык билими же тиешелүү багыт боюнча “бакалавр” академиялык даражасынын негизинде “магистр” академиялык даражасы менен жогорку юридикалык билими болушу зарыл жана юридикалык кесип боюнча кеминде 5 жыл иш стажы болушу керек, мамлекеттик жана расмий тилдерди билиши талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 19-беренесинин 14-бөлүгүнө ылайык, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьялары болуп, мыйзамдык же абройго байланыштуу чектөөлөр коюлган адамдар дайындала албайт.

- соттуулугу бар (анын ичинде калыбына келтирилген же алынган соттуулугу бар) адамдар;
- Кыргыз Республикасынын судьялык кызматынан үлгүлүү эмес жүрүм-туруму үчүн бошотулган адамдар;
- укук коргоо органдарынан же прокуратурадан наамды дискредитациялагандыгы үчүн бошотулган, адвокаттык иш жүргүзүү лицензиясынан мыйзамда белгиленген негиздер боюнча ажыратылган же нотариалдык иш жүргүзүү лицензиясы ошол эле сыяктуу негиздер боюнча кайтарылып алынган адамдар;
- кылмыш жасоого шектелип же айыпталып жаткан адамдар, ошондой эле кылмыш иши калыбына келтирбөөчү негиздер боюнча токтотулган адамдар;
- чет өлкөнүн жарандыгы бар адамдар;
- мыйзамда белгиленген тартипте уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрү катары таанылган же оор же өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон жакын туугандары бар адамдар.

Судья болууга талапкер адамдардын жакын туугандары уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрү катары таанылган же оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон болсо, мындай адамдар судья боло албайт деген өзгөчө талап эл аралык стандарттардын көз карашынан алганда олуттуу суроолорду жаратат. Бул талап, чынында эле, башка адамдардын аракеттери үчүн жоопкерчиликти талапкердин мойнуна жүктөп жатат жана бул жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактында белгиленген жекече жоопкерчилик принцибине каршы келет. Мындай чектөө мамлекеттик кызматка кирүүдө адамдын жеке татыктуулугуна эмес, анын туугандык байланыштарына негизделгени үчүн дискриминациялык мүнөзгө ээ деп бааланат.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 25-беренесине ылайык, ар бир жаран мамлекеттик кызматка жалпы теңдик[67] негизинде кирүү укугуна ээ.

[67] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2200A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган): 25-берене. - Мамлекеттик иштерди башкарууга катышуу режими.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml (кайрылуу датасы: 24-апрель 2025-жыл.).

Белгиленген чектөө ошондой эле Сот органдарынын көз карандысыздыгынын негизги принциптерине туура келбейт, ал принциптерде судьяларды дайындоо жөндөмдүүлүк, адептүүлүк жана кесиптик компетенттүүлүк сыяктуу объективдүү критерийлердин негизинде, дискриминациясыз жүргүзүлүшү керектиги белгиленген (10-пункт).[68.]

Жогорку соттун судьяларын тандоо процедурасы жергиликтүү сотторго судьяларды тандоо жол-жобосунан эч айырмаланбайт. Кызматтагы судьялардан тышкары бардык талапкерлер бирдей этаптардан өтүшөт жана аларга коюлуучу талаптар бирдей.

Талапкерлер судьялык бош кызмат орундарын толтуруу боюнча сынак жарыяланган күндөн тартып 14 күн ичинде катышуу үчүн арыз тапшырат. Арыз менен кошо мыйзамда белгиленген тизмеге ылайык тийиштүү документтер тапшырылат. Судьяларды тандоо тартиби жөнүндө Жогорку Соттун Судьялар Кеңешинин 2022-жылдын 24-июнундагы чечими менен бекитилген Жобого (мындан ары – Жобо) ылайык, талапкер өз каалоосу боюнча полиграфологиялык изилдөөдөн өткөндүгү тууралуу жыйынтыгын кошо тапшыра алат. Бирок бул талапкердин укугу болуп саналат жана милдеттүү эмес. Ошол эле учурда, Жободо мындай изилдөөнүн жыйынтыгын баалоо жана тандоо учурунда эске алуу тартиби каралган эмес.

САК катчылыгы документтерди формалдуу талаптарга шайкештиги боюнча текшерет. Базалык критерийлерге жооп бербеген талапкерлер кийинки кароодон четтетилиши мүмкүн. Конкурска катышуу үчүн документтери кабыл алынган адамдар талапкерлердин тизмесине киргизилет, ал тизме мамлекеттик басма сөз органында жана САКтын расмий веб-сайтында жарыяланат. Бул жарыялоо талапкерлердин кесиптик жана моралдык сапаттары боюнча пикирлерди алуу үчүн мыйзамда белгиленген мөөнөттөн кечиктирилбестен жүргүзүлүшү керек.

Талапкерлердин документтери жана арыздары каралып бүткөн соң, САК талапкерлерди компьютердик тесттен өткөрүү үчүн тизмеге киргизет. Жобого ылайык, тест суроолору Судьялар кеңеши (СК) тарабынан бекитилет жана САКТын расмий сайтында жарыяланат. Жалпысынан тест суроолору 17 укуктук тармакты, гендердик укук[69] жана компьютердик сабаттуулук[70] темаларын камтыган 2000ге жакын суроодон турат. Компьютердик тесттен судьялыкка биринчи жолу талапкер болгон же иш стажы он жылдан ашык үзгүлтүккө учураган талапкерлер өтүшү керек.

Компьютердик тесттин мазмунуна талдоо жүргүзүү көрсөтүп турат: айрым суроолор (мисалы, компьютердик баскычтар тууралуу суроолор) өтө жөнөкөй болуп, талапкердин реалдуу билим деңгээлин же технологияларды өздөштүрүү жөндөмүн чагылдырбайт. Кээ бир суроолор өтө тар адистештирилген жана эгер тест негизги укуктук сабаттуулукту текшерүүгө багытталса, бул суроолор зарыл болбой калышы мүмкүн. Тест негизги кесиптик компетенцияларды текшерүүгө – укук теориясын билүү, мыйзамдарды түшүнүү, логикалык жана сын ой жүгүртүү жөндөмүнө багытталган болсо, ал судьялык ишке көбүрөөк ылайык болмок. Ошондой эле тест суроолорунун көлөмү да күмөн жаратат. 2000 суроого жооп

[68] Сот бийлигинин көз карандысыздыгынын негизги принциптери. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1985-жылдын 13-декабрындагы 40/146 резолюциясында бекитилген принциптер, 10-пункт.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/judiciary.shtml (кайрылуу датасы: 24-апрель 2025-жыл).

[69] Мисалы: Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы кайсы жылды Эл аралык аялдар жылы деп жарыялаган? «Аялдарды дискриминациялоо» түшүнүгү биринчи жолу кайсы эл аралык документте киргизилген? Бириккен Улуттар Уюмунун гендердик теңчилик жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча мекемесинин азыркы аталышы кандай? Аялдарга карата зомбулукту жоюунун эл аралык күнү качан белгиленет?

[70] Мисалы: Курсордун сол жагында жайгашкан туура эмес киргизилген символду өчүрүү үчүн кайсы баскыч колдонулат? Курсордун оң жагында жайгашкан символдорду өчүрүү үчүн кайсы баскычты колдонсо болот?

берүүнү билүү же жаттап алуу өтө кыйын, дээрлик мүмкүн эмес. Судьянын иши укукту практикалык колдонуу жана ар кандай жагдайларда мыйзамдарды таап, колдонуу жөндөмү менен байланыштуу. Демек, судья укуктук булактарды натыйжалуу пайдалана билип, фактылардын негизинде чечим кабыл алышы керек. Жободо компьютердик тест суроолорунун мүнөзүнө (мисалы, татаалдыгына) карата эч кандай талаптар жок. Жалпысынан суроолордун мазмунуна караганда, тесттин максаты — талапкерлердин жалпы укуктук сабаттуулук деңгээлин аныктоо жана андан кийинки, татаалыраак этаптарга өтүүгө жетишсиз билими барларды алдын ала иргеп алуу экени байкалат.

Компьютердик тесттен өткөндөн кийин талапкерге дароо тесттин жыйынтыктары көрсөтүлгөн көзөмөл баракчасы басылып чыгарылат. Өтмө (80 балл) алган талапкерлерге экзаменди тапшырганы тууралуу сертификат берилет, анда талапкер алган баллдар көрсөтүлөт. Сертификат эки жылга жарактуу. Мониторингдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, минималдуу өтмө чегине талапкерлердин болгону 30 пайызы гана жеңип өтөт[71].

Сынак аркылуу тандоо Конституциялык сотко, Жогорку сотко жана жергиликтүү сотторго судьялык кызматтарга көрсөтүү үчүн жогорку деңгээлдеги юридикалык билими бар, талап кылынган жеке сапаттарга, квалификацияга жана жүрүм-турум нормаларына жооп берген адамдарды аныктоо максатында жүргүзүлгөн процесс. Сынак САКтын жыйынында жүргүзүлөт жана төмөнкү этаптардан турат:

Судьялыкка талапкерлер үчүн жазуу тапшырма бул соттук практикадан алынган укуктук кейс. Талапкерге реалдуу же гипотетикалык турмуштук жагдай сунушталат, аны колдонуудагы мыйзамдардын негизинде чечүү талап кылынат. Жазуу тапшырманын негизги максаты талапкердин укуктук фактыларды талдоого, укуктук нормаларды колдонууга жана мыйзамдуу чечим кабыл алууга жөндөмдүүлүгүн баалоо. Талапкер мыйзамды кантип түшүнөрүн, аны кантип негиздеп чечмелээрин жана жазуу түрүндөгү документти грамматикалык жана расмий талаптарга ылайык кантип түзөөрүн көрсөтүүгө тийиш. Тапшырмалар жабык конвертте берилет, ар бир талапкер бирден тапшырма тандап алып, аны 60 мүнөттүн ичинде аткарат. Залга жеке буюмдарды алып кирүүгө жана тапшырма бүткөнгө чейин сыртка чыгууга тыюу салынат. Иш бүткөндөн кийин тапшырмалардын көчүрмөлөрү САК мүчөлөрүнө таратылып, алар тапшырмаларды баалап, балл коюшат. Бирок Жободо жазуу тапшырмаларды баалоо критерийлери жана эрежелери так көрсөтүлгөн эмес. Ушундан улам, САК мүчөлөрү жазуу тапшырмаларды кантип жана кандай негизде баалашары белгисиз бойдон калууда.

Маектешүүгө уруксат берүү. Жобого ылайык, талапкерлерди маектешүүгө киргизүү маселеси САК жыйынында каралат, зарыл болгон учурда талапкердин катышуусу менен. Жыйынга чейин төрага материалдарды САК мүчөлөрүнүн арасында бөлүштүрүп, алардан жыйын учурунда доклад берүү талап кылынат. Жободо документтерди текшерүүнүн мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес, бул чоң боштук болуп саналат, анткени кээ бир учурларда кошумча маалыматтар талап кылынат. Ошондуктан мамлекеттик органдардан САКТын суроо-талабы боюнча маалыматты жалпы тартипте эмес, ыкчам мөөнөттө берүүгө милдеттендирүү зарыл.

[71]Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын бош кызмат орундарына талапкерлер компьютердик тестирлөөдөн өтүштү // http://otbor.sot.kg/post/kandidaty-pretenduyushhie-na-vakantnye-dolzhnosti-sudej-mestnyh-sudov-kyrgyzskoj-respubliki-proshli-kompyuternoe-testirovanie-6 ; Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын бош кызмат орундарына талапкерлер компьютердик тестирлөөдөн өтүштү // http://otbor.sot.kg/post/kandidaty-pretenduyushhie-na-vakantnye-dolzhnosti-sudej-mestnyh-sudov-kyrgyzskoj-respubliki-proshli-kompyuternoe-testirovanie-5

Маектешүүгө уруксат берүү учурунда САТ талапкерлердин документтерин жана алардын мыйзамдагы талаптарга шайкештигин, талапкердин, жубайынын жана жакын туугандарынын декларацияланган киреше жана чыгашаларын, ошондой эле талапкердин жүрүм-турумунун тууралыгына далил болгон башка маалыматтарды (сыпаттамалар, сунуш каттар ж.б.) изилдейт (Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту).

Бул талапкердин мыйзамда белгиленген формалдуу квалификациялык талаптарга эле эмес, анын ишенимдүү кадыр-баркына да жооп берип-бербегенин аныктай турган маанилүү этап. Өзгөчө белгилей кетчү жагдай — САК талапкердин, анын жубайынын жана жакын туугандарынын кирешелери жана чыгашалары тууралуу декларацияларын суратып алып, изилдөөгө милдеттүү. Бул текшерүү талапкерлердин каржылык ачыктыгын камсыз кылууга багытталган жана коррупция менен адепсиздиктин алдын алуу үчүн өтө маанилүү. Мониторинг учурунда талапкер тарабынан берилген маалыматтар менен расмий органдардан алынган маалыматтардын ортосунда дал келбеген учурлар катталган. Мындай айырмачылыктар кээде декларацияны толтурууда кетирилген каталардан улам болушу мүмкүн, ал эми айрым учурда кирешелерди же активдерди атайылап жашыруу максатында да болушу мүмкүн. Муну менен катар, мындай дал келбестиктер талапкерди дароо четке кагууга алып келбейт. Алар талапкердин документтерине жалпы баа берүүгө терс таасирин тийгизип, САКтын акыркы добуш берүүдөгү чечимине таасир этиши мүмкүн. Ушуга байланыштуу, талапкердин каржылык декларацияларындагы дал келбестиктер аныкталганда талаптардын катаалдаштырылышы зарылбы деген маселе көтөрүлүүдө.

САК ошондой эле талапкерлер жөнүндө “башка маалыматтарды” да эске алат, алардын катарында — талапкерлер тууралуу пикирлерди, сунуш каттарды жана талапкердин жүрүм-турумунун кынтыксыз экендигин тастыктаган башка маалыматтарды. Бул жобо талапкердин кесиптик сапаттары менен катар моралдык сапаттарын да эске алууну максат кылат. Мындай текшерүүнүн негизги маселеси САКтын талапкерлерге карата жашыруун текшерүү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү. Анткени мыйзам талапкер жөнүндө маалыматты кайсы булактардан чогултуу керектигин (мисалы, расмий суроо-талаптардын жообу же ачык булактар) тактабайт, бул болсо САКга маалыматты ар кандай жолдор менен, анын ичинде бейрасмий каналдар аркылуу да алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Демек, мыйзамда талапкерлерге карата жашыруун текшерүү жүргүзүү ачык айтылбаганы менен, “башка маалыматтарды” изилдөө аркылуу мындай практика кыйыр түрдө мыйзамдуу деп эсептелип келүүдө. Бирок объективдүүлүк үчүн айта кетүү керек: САК мүчөлөрү “башка маалыматты” алуу мүмкүнчүлүгүн кыянат пайдаланган учурлар мониторинг учурунда катталган эмес. Ошентсе да, Кыргызстандын шартын эске алуу менен, судьялыкка талапкерлерге карата атайын текшерүүлөрдү өткөрүү оң натыйжа алып келиши мүмкүн, ошондуктан бул маселени мыйзам деңгээлинде так жөнгө салуу зарыл.

Маектешүү. Жазуу тапшырманы аткаргандан кийин талапкер маектешүү этабына чакырылат, бул этапта анын негизги кесиптик жана эрк сапаттары бааланат. Докладчы талапкерди тааныштырып, маекти алып барат (модераторлук кылат). Ал талапкер тууралуу документтердин мазмунун САКга сунуштап, тиешелүү критерийлерге ылайык баа коюуну сунуштайт. Бул критерийлер Жобонун тиркемесинде камтылган.

Маектешүү учурунда САК мүчөлөрү жеке түрдө талапкерди баалоо барагына балл коюшат. Бул баалоо азыркы учурда колдонулуп жаткан компетенциялар жана критерийлер системасынын негизинде төмөнкү үч блок боюнча жүргүзүлөт:

1. *Интеллектуалдык жана аналитикалык жөндөмдөр (билимге умтулуу – жалпы дүйнө тааным жана кесиптик көз карандылык).* Биринчи блоктогу суроолор укук теориясын жана мыйзамдарды, анын ичинде мамлекеттик түзүлүш жана укуктук тутум боюнча базалык билимдерди камтыйт. Бул суроолор маанилүү болгону менен, судьялардын терең аналитикалык жөндөмдөрүн аныктоо үчүн жетишсиз. Адабиятка болгон ышкы жана хобби тууралуу суроолор талапкердин жалпы дүйнө таанымын баалоого багытталган, бирок алардын кесиптик сапаттарын жана чечим кабыл алуу жөндөмүн көрсөтө албайт. Айрым суроолор өтө жөнөкөй болуп, буга чейин тестирлөөдө эле текшерилген билимдерди кайталайт. Жалпысынан, бул блок теориялык билимди текшерүүгө багытталган жана талапкердин бул билимди практикалык колдонуу жөндөмүн толук ачып бербейт. Аналитикалык жөндөмдөрдү жакшыраак баалоо үчүн кейс суроолор колдонулса натыйжалуу болмок. Мыйзамдардагы кемчиликтер тууралуу жалпы суроолор талапкерлерден үстүртөн жоопторду алып келиши мүмкүн. Тескерисинче, тагыраак жана тар чөйрөдөгү суроолор талапкерлердин компетенттүүлүгүн так баалоого жардам берет.

2. Моралдык-адептик сапаттар (чынчылдык, паракорлуктан алыс болуу, бейтараптык, объективдүүлүк, жаңжал кырдаалдарда конструктивдүү жүрүм-турум). Экинчи блок судьялыкка талапкердин моралдык жана этикалык нормаларга шайкештигин баалоодо чоң мааниге ээ. Себеби судьядан мыйзамды билүү менен катар, жогорку адептик нормаларды карануу да талап кылынат — чынчылдык, паракорлукка чыдабастык, көз карандысыздык жана бейтараптык сыяктуу. Бирок айрым суроолор кайчы пикир жаратат. Мисалы: “Чынчылдык жана паракорлукка жол бербөө принцибинин мазмунун түшүндүрүп бериңиз; бул принциптерди ишке ашырууда кандай көйгөйлөр бар? Өз тажрыйбаңыздан мисал келтириңиз”. Бул суроо талапкердин принциптерди канчалык түшүнөрүн жана реалдуу көйгөйлөрдү талдай билүүсүн текшерүүгө багытталган. Бирок жооп субъективдүү болушу мүмкүн жана талапкер өзүн жакшы жагынан көрсөтүүгө аракет кыла турган мисалдарды айтып бериши ыктымал. Конкреттүү көрсөткүчтөр же кейстер жок болгондо, жооптун чындыкка дал келерин текшерүү кыйын. Блок ошондой эле «сиз мүмкүн болгон тобокелдиктерге жана кесепеттерге карабастан өтө чынчыл болгон жагдай тууралуу айтып бериңиз» сыяктуу кырдаалдык суроолорду камтыйт. Мындай учурда талапкерлер ойдон чыгарылган же ашырмаланган мисалдарды келтириши мүмкүн, бул болсо кыйын кырдаалдардагы чыныгы жүрүм-турумун баалоону кыйындатат.

Моралдык дилемма суроосу: *“Судья сериялык киши өлтүргүчтөргө же педофилдерге карата гумандуу болушу керекпи?”* Бул суроо талапкердин моралдык түшүнүгүн жана татаал ойлонуу жөндөмүн текшерүүгө багытталган. Бирок, мындай суроолорго жооптор көбүнчө алдын ала белгилүү жана стереотиптүү болуп калат.

Бейтарап жана объективдүүлүктү баалоо суроосу: *“Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылган кандай кепилдиктер каралган? Бейтарап жана объективдүү сот адилеттигин камсыз кылуучу этикалык нормалар тууралуу айтып бериңиз”.* Бул суроо талапкердин теориялык билимине багытталган, бирок анын чыныгы жүрүм-туруму кыйын кырдаалдарда кандай болорун көрсөтпөйт. Мындай учурда талапкерге реалдуу же гипотетикалык сценарий сунушталып, анын бейтараптыгын кантип сактарын көрүү пайдалуу болмок.

Чыр чатак кырдаалындагы конструктивдүү жүрүм-турумду баалоо үчүн суроо: *“Башкалардын аракеттерин туура эмес баалаган жагдайыңыз тууралуу айтып бериңиз”.* Бул суроо талапкерден өзүн-өзү анализдөөнү жана катасын моюнга алууну талап кылат. Судья үчүн бул өтө маанилүү сапат. Бирок жооптор кээде стандарттуу же дипломатиялык мүнөздө болуп

калышы мүмкүн, андайда талапкердин чыныгы жүрүм-туруму жөнүндө маалымат алуу кыйындайт.

Татаал жана провокациялык суроолор: *“Сиз салттуу эмес жыныстык ориентациядагы адамдарга кандай карайсыз? Педофилдерге кандай карайсыз?”* Бул суроолор талапкердин жеке калыптанган көз караштарын аныктоого багытталган, судьялар үчүн бейтараптык өтө маанилүү болгондуктан бул маселе актуалдуу. Бирок суроонун мындай түзүлүшү өтө провокациялык же этикалык жактан талаштуу деп кабыл алынышы мүмкүн. Талапкердин жеке ишенимдерин текшерүүнүн ордуна, анын эмоцияларын жана көз карашын мыйзам чегинде кантип көзөмөлдөй ала тургандыгын баалоо тууралаак болот. Мисалы, суроо мындайча коюлушу мүмкүн: *“Эгер сизге салттуу эмес жыныстык ориентациясы бар адам боюнча иш караш керек болсо, сиз бейтараптыгыңызды кантип сактайсыз?”*

3. *Кесиптик мотивация (судьялык кызматка болгон мотивация жана өзүн сынга алуу жөндөмү, кесиптик өнүгүүгө умтулуу, уюшкандык жана эмгекчилдик).* Үчүнчү блоктогу суроолор талапкерлердин судьялык кызматка болгон мотивациясын, өзүн сынга алуу жөндөмүн жана кесиптик өнүгүүгө умтулуусун баалоого багытталган. Бул суроолор талапкерлердин жеке мотивациясы менен баалуулуктарын; өзүнө баа берип, кемчиликтери үстүндө иштей билүүсүн; судьялык кесиптин маңызын, анын күтүлүп жаткан милдеттери менен кыйынчылыктарын түшүнүүсүн; талапкердин тажрыйбасын, жетишкендиктери менен ийгиликсиздиктерин жана сынга туруштук берүү жөндөмүн; кесиптик жактан тынымсыз өнүгүүгө умтулуусун, убакытты жана жүктөмдү туура пландаштыра билүүсүн аныктоого багытталган. Жалпысынан бул суроолор судьялык кызматка талапкерлердин негизги кесиптик жана жеке сапаттарын аныктоо үчүн жакшы түзүлгөн. Мисалы, *“эмне себептен судья болгуңуз келет?”* деген сыяктуу суроолор талапкердин чыныгы максаттары менен баалуулуктарын ачып берсе, *“өз кемчиликтериңизди жана аларды жоюу боюнча аракеттериңизди айтып бериңиз”* деген суроолор талапкердин өзүн анализдөө деңгээлин жана жеке өнүгүүгө даярдыгын көрсөтөт. Ошондой эле, *“кесиптик жетишкендиктериңиз жана ийгиликсиздиктериңиз жөнүндө айтып бериңиз”*, *“кантип кесиптик деңгээлиңизди жогорулатууга аракет кыласыз?”* деген суроолор анын өнүгүүгө болгон кызыгуусун көрсөтөт. Бирок бул жөндөмдөрдү так аныктоо талапкердин жоопторунун чынчылдыгына жана тереңдигине, ошондой эле САК мүчөлөрүнүн анализ жүргүзүү сапатына көз каранды. Мындан тышкары, талапкерлер бул суроолорго алдын ала даярданып, оң жактан көрсөтүүгө багытталган жооптордуу даярдап келиши мүмкүн, анткени кесиптик мотивация боюнча бөлүмдөгү көп суроолор алдын ала болжолдоого боло турган мүнөздө. Мисалы, *“эмнеге судья болгуңуз келет?”* же *“жетишкендиктериңиз менен кемчиликтериңизди атап бериңиз”* деген суроолорго талапкер алдын ала жакшы ойлонулган жана пайдалуу угулган жооптордуу даярдай алат.

Ачык көрүнүп турат, моралдык-этикалык сапаттарга байланыштуу суроолор юридикалык компетенциядан көрө көбүрөөк адам психологиясын түшүнүүнү, жүрүм-турумду, мотивацияны жана белгилүү бир реакцияларга болгон ыкчамдуулукту талдоону талап кылат. Мындай өзгөчө ыкмаларды жана талапкерлердин жоопторун анализдөө көндүмдөрүн психологдор гана колдонушат. Бирок САКтын курамында мындай адистер жок болгондуктан, алар талапкердин моралдык сапаттарын так баалоого мүмкүндүк берген маанилүү аспектилерди өткөрүп жибериши мүмкүн. Андан тышкары, психолог эмес САК мүчөлөрү талапкерлердин жоопторун илимий жана объективдүү эмес, өздөрүнүн кесиптик же укуктук көз караштары аркылуу баалашы мүмкүн. Бул комиссия мүчөлөрүнүн жеке пикиринин негизинде жооптордуу субъективдүү баалоого, талапкердин кээ бир жоопторун жетиштүү

түшүнбөй, аларды ашыкча же жетишсиз баалоого алып келет. Эмоциялык жана психологиялык компоненттерди түшүнүү жетишсиз болгон учурда, мындай жооптор туура чечмеленип, адилеттүү бааланбай калышы мүмкүн. Психологдор талапкерлердин инсандык сапаттарын, жүрүм-турум реакцияларын жана моралдык позицияларын баалоо үчүн атайын инструменттерди жана техникаларды (сурамжылоолор, тесттер, маектешүү) колдонушат. Ал эми мындай ыкмаларга ээ болбогон САК мүчөлөрү көбүнчө интуицияга же жеке тажрыйбасына таянышат, бул баалоонун тактыгы менен объективдүүлүгүн төмөндөтөт. Ошондуктан судьяларды тандоо процессинде талапкерлердин моралдык-этикалык сапаттарын адилет жана кесипкөй баалоо үчүн психологдорду же персоналды баалоо боюнча адистерди тартуу маанилүү.

Мындай сунуштар 2011-жылы Бишкектеги ЕККУ борбору жана Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ДИАУБ) тарабынан даярдалган Докладда да айтылган: *“Талапкерлердин аналитикалык жана когнитивдик жөндөмдөрүн, интеллектин жана эмоционалдык туруктуулугун аныктаган тесттерди өткөрүүнү кесипкөй психологдор жүргүзүшү керек. Психологдор тарабынан маектешүү башталганга чейин стандарттуу психологикалык тест өткөрүү сунушталат. Бул тесттерди кокусунан тандалган психологдор Соттук өз алдынча башкаруу органынын (СӨБО) бир же бир нече мүчөсүнүн катышуусунда өткөрүшү керек”* [72]. Эгерде психологдорду туруктуу негизде тартуу мүмкүн болбосо, САК мүчөлөрү моралдык жана этикалык сапаттарды баалоо принциптерин жакшыраак түшүнүү үчүн атайын тренингдерден өтүшү же адистерден консультация алышы керек.

Маектешүү аяктагандан кийин жана баллдар коюлгандан соң, талапкер алган жалпы балл көрсөтүлгөн баалоо кагазы басылып чыгарылат. Талапкер жыйын залында болуп, акыркы балл жарыялганга чейин күтөт. Сынак аркылуу тандоонун жыйынтыгы боюнча өтүүчү балл — 45 балл. Өтмө баллдан кем эмес балл алган талапкерлер арасында жогоркудан төмөнгө чейинки иретте рейтингдик тизме түзүлөт.

Корутундулар

1. Судья боло турган адамдарга карата мыйзамда белгиленген чектөө — эгер алардын жакын туугандары уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрү деп таанылса же оор же өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон болсо, алар судья боло албайт деген норма — эл аралык стандарттардын негизинде олуттуу күмөн жаратат. Бул чектөө жеке жоопкерчилик принцибине каршы келет, анткени ал талапкердин өзүнүн эмес, башка адамдардын аракеттери үчүн жоопкерчиликти жүктөйт. Мындай жобо укуктук мамлекеттин негиздерине карама-каршы келип, дискриминация катары кабылданышы мүмкүн.
2. Судьяларды тандоо процесси көп баскычтуу болушу, атаандаштык үчүн шарттардын бар экени, талапкердин билимин жана жөндөмүн аныктоо ыкмалары жагынан эл аралык стандарттарга ылайык жүзөгө ашырылууда. Бирок бул процесстин натыйжалуулугун кыйла жакшыртууга болот. Мисалы, компьютердик тестирлөө маанилүү алдын ала этап болуп саналат, бирок тесттеги суроолор дайыма эле судьялардын кесиптик компетенттүүлүгүн текшерүү максаттарына туура келе бербейт. Талапкерлер менен маектешүүдө моралдык жана адеп-ахлактык сапаттарды объективдүү баалоо ар дайым мүмкүн болбойт, анткени берилген суроолор кээде өтө жөнөкөй же субъективдүү мүнөздө болот. Ошондой эле

[72] Кыргыз Республикасынын судьяларын тандоо жана судьялардын көз карандысыздыгынын эл аралык стандарттары. Жыйынтыктоочу отчет. Кыргыз Республикасынын Сотторду тандоо кеңешинин мүчөлөрү үчүн окуу семинары. Бишкек, 3-4-ноябрь 2011-жыл. 20-бетти караңыз. URL: https://www.osce.org/files/f/documents/e/e/89291.pdf

комиссиянын курамында психологдордун жоктугу талапкердин жеке сапаттарын баалоо сапатына терс таасир этет. Жогорку Соттун судьяларын тандоо процедурасы жергиликтүү соттордун судьялары үчүн колдонулган тартиптен эч айырмаланбайт. Бул суроо жаратып жатат, анткени жогорку инстанциялардын судьялары өзгөчө жөндөмдөргө жана компетенцияларга ээ болушу керек.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке судьялык кызматка талапкерлерге коюлган, алардын жакын туугандарынын аракеттери менен байланышкан талаптарды кайра карап чыгуу максатка ылайыктуу. Учурдагы чектөө — жакын туугандары уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөсү деп табылган же оор же өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон адамдар судья боло албайт деген жобо — эл аралык стандарттардын негизинде олуттуу күмөн жаратат. Мындай талап башка адамдардын аракеттери үчүн жоопкерчиликти талапкерге жүктөп, жеке жоопкерчилик принципине каршы келет. Бул чектөө мамлекеттик кызматка кирүүдө талапкердин жеке сапаттарына эмес, туугандык байланышына негизделгендиктен, аны дискриминация катары кароого болот.
2. Судьялар кеңешине жана Сот адилеттиги боюнча кеңешке төмөнкү сунуштар берилет: 1) Компьютердик тестирлөөнү жакшыртуу. Тест суроолору кайра каралып чыгып, негизги кесиптик компетенцияларды, аналитикалык жөндөмдөрдү жана укуктук билим деңгээлин текшерүүгө багытталышы керек. Тесттер жалпылашкан юридикалык сабаттуулук менен гана чектелбеши зарыл. 2) Талапкерлердин моралдык жана жеке сапаттарын объективдүү баалоо үчүн судьяларды тандоо процесстерине кесипкөй психологдорду тартуу керек. Бул комиссия мүчөлөрүнүн субъективдүү пикирлеринен алыс болууга жардам берет. 3) Жогорку Соттун судьялыгына талапкерлер жергиликтүү соттордогу талапкерлерге салыштырмалуу кесипкөйлүктүн жогору деңгээлине басым жасалган, татаалыраак тандоо процедураларынан өтүшү маанилүү.

КК 4.3. Судьяларды тандоо жана кызматтык көтөрүү этаптары ачык-айкын жана ачык мүнөзгө ээ.

Сыпаттамасы

Киев сунуштамаларында мындай деп көрсөтүлгөн: *“Судьяларды тандоо процедурасынын ачыктыгын камсыз кылуу үчүн, тандоо процедурасы жана критерийлери мыйзамда так белгилениши керек. Бош кызмат орундары тууралуу жарыялар, ошондой эле кошумча шарттар жана талаптар кеңири жарыялануруга жана жайылтууга тийиш. Кандидаттардын тизмеси (же, жок дегенде, алдын ала тандоодон өткөндөрдүн тизмеси) ачык жеткиликтүү болушу керек. … Комиссия, акыркы этапка жеткен талапкерлер менен, маектешүүнү алдын ала белгиленген тартипте өткөрүшү керек, маектин темасы жана анын тандоо процессиндеги ролу да алдын ала аныкталган болушу зарыл” (21-пункт).* [73]

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын “Сот адилеттигинин иштер боюнча кеңеш жөнүндө” Конституциялык мыйзамына ылайык, САК өз ишмердүүлүгүн көзкарандысыздык, ачыктык, коллегиалдуулук жана объективдүүлүк принциптеринин негизинде жүргүзөт (3-берене). Бул норма САК өз ишин ачык жана транспаренттүү негизде жүргүзүүгө милдеттүү экенин көрсөтүп турат. Мыйзам ошондой эле ачыктыкка байланыштуу бир катар так милдеттерди камтыйт. Атап айтканда: жыйындар тууралуу маалымат каражаттарын кабардар кылуу;

[73] Соттордуу тандоо боюнча Киев сунуштары. Киевде өткөн конференцияда жактырылган Киев сунуштары, 2002, 21-пункт.URL: https://www.coe.int/ru/web/coe-justice/ (кайрылуу күнү: 24 апрель 2025 ж.).

судьялык кызмат орундарына жарыяларды мамлекеттик басма органында жана САКТын расмий веб-сайтында жайгаштыруу, документ тапшыруу тартиби жөнүндө маалымат берүү; талапкерлердин алдын ала жана акыркы тизмесин жарыялоо; жыйындардын аудио жана видео жазуусун камсыз кылуу; бардык чечимдерди САКтын расмий веб-сайтына жана ЖМКга жайгаштыруу.

Сынак аркылуу тандоо тартиби боюнча жобо компьютердик тестирлөөнүн суроолорун, жазма тапшырманын аткаруу тартибин, маектешүүдөгү суроолорду жарыялоону карайт.

САК судьялык бош кызматтар жөнүндө маалыматты мамлекеттик басма органында жана өзүнүн веб-сайтында жарыялайт. Бул жарыя талапкерлерге коюлган талаптарды, арыз тапшыруунун мөөнөтүн жана башка зарыл маалыматтарды камтууга тийиш. [74]

Бардык документтер каралгандан кийин САК талапкерлерди сынакка киргизүү тууралуу чечимди өз жыйынында мүчөлөрдүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алат. Катышууга уруксат берилген талапкерлердин тизмеси САКтын веб-сайтында жарыяланат.

Конкурстук тандоонун жыйынтыктары САКтын расмий сайтында жана сынак өткөн жайдагы жарыя тактасында жарыяланат.

Бирок, САКтын расмий веб-сайтына жүргүзүлгөн талдоо жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам талаптарынын толук көлөмдө аткарылбай жатканын көрсөттү. Айрыкча, жарыялануруга тийиштүү чечимдер сайтта жарыяланбайт, Президент менен Жогорку Кеңештин карамагына берилген сунуштардын жыйынтыктары тууралуу маалымат жок, дайындоодон баш тартылган талапкерлер боюнча кабыл алынган чечимдер жарыяланбайт, САК өз ишмердүүлүгү тууралуу отчет жарыялабайт, САК мүчөлөрү тууралуу, анын ичинде Президенттин өкүлү боюнча анкеталык маалымат жок. Ошондой эле, документтерди, жазма тапшырмаларды жана маектешүү суроолоруна берилген жоопторду баалоо критерийлерине тиркемелер жок, кейстерди чечүү боюнча усулдук көрсөтмөлөр жеткиликтүү эмес.

САК Регламентинин 24-пунктунун 2-иченемине ылайык, жыйын өтүп жаткан залда тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу максатында, катышууну каалаган уюмдар, жеке адамдар жана ЖМК өкүлдөрү аккредитациядан өтүүгө тийиш. Бирок, Президенттин Аппараты менен Жогорку Кеңештин өкүлдөрү аккредитациядан өтпөстөн кызматтык күбөлүгүн көрсөтүү менен катыша алышат (п.24, п.п.3) [75]. Бул ыкма жыйындарга жеткиликтүүлүктө теңсиздик жаратып, ачыктык принциптерине каршы келет. Ал айрым категориядагы адамдарга артыкчылыктуу мүмкүнчүлүк берип, ЖМК да кошо, башка катышуучулар үчүн бирдей шарттардын жоктугунан транспаренттүүлүк жана ачыктык талаптарын бузат.

Корутундулар

1. Ачык-айкындуулук талаптары мыйзам менен бекитилген, бирок САК аларды толук көлөмдө аткарбай келет. Сот адилеттигинин кеңешинин чечимдерин жарыялоо милдеттүү болгонуна карабастан, анын расмий веб-сайтында кабыл алынган чечимдер боюнча кыскача гана жалпы маалымат жайгаштырылат.Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан САКтын сунуштарынын каралышынын жыйынтыктары, дайындоодон баш

[74] Сот адилеттиги боюнча кеңешке сынак аркылуу тандоону өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Юстиция боюнча кеңеши тарабынан 2024-жылдын февраль айында бекитилген.URL: https://admin-otbor.sot.kg/public/sites/8/2024/02/Polozhenie-o-poryadke-provediniya-konkursnogo-otbora.pdf (кайрылуу күнү: 24 апрель 2025 ж.).

[75] Кыргыз Республикасынын Сотторду тандоо кеңешинин жобосу. 2022-жылдын 24-июнунда Кыргыз Республикасынын Юстиция боюнча кеңеши тарабынан бекитилген.URL: https://otbor.sot.kg/page/reglament-soveta-po-otboru-sudej-kyrgyzskoj-respubliki (кайрылуу күнү: 24 апрель 2025 ж.).

тартылган талапкерлер боюнча САК кабыл алган чечимдер тууралуу маалыматтар веб-сайтта таптакыр жок. Мындан тышкары, САК өз ишмердүүлүгү боюнча отчетторду жарыялабайт.

Сунуштамалар

1. Сот адилеттигинин кеңешине төмөнкүдөй чараларды көрүү сунушталат: 1) Бардык чечимдерди, анын ичинде дайындоодон баш тартылган талапкерлерге байланыштуу чечимдерди, ошондой эле ишмердүүлүк боюнча отчетторду жана САКтын сунуштары боюнча Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин жыйынтыктарын жарыялоону камсыз кылуу;2) Тандоо процессине болгон ишенимди жогорулатуу максатында САК өзүнүн расмий веб-сайтына Кеңештин бардык мүчөлөрү, анын ичинде Президенттин өкүлдөрү тууралуу толук маалыматты, ошондой эле документтерди, жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды жана маектешүүдөгү суроолорго жооптордү баалоо критерийлерине байланыштуу Жобого тиркемелерди жайгаштыруусу керек; 3) Сынак процессинин ачыктыгын жана алдын ала божомолдоого мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды, кейстерди жана маектешүү суроолоруна жооптордү баалоо боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү жарыялоо. Бул талапкерлерге жана коомчулукка баалоо кандай критерийлер боюнча жүргүзүлөрүн жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт; 4) ЖМК жана байкоочулар үчүн аккредитациядан өтүү боюнча ички талаптарды жокко чыгаруу, анткени алар мыйзамга каршы келет. Сынактын ЖМК жана жарандык коом өкүлдөрү үчүн ачык болушу — ачык-айкындуулуктун жана коомдук көзөмөлдүн маанилүү элементи болуп саналат; 5) Мыйзам боюнча жарыялануугa тийиш болгон бардык негизги документтерди жана чечимдерди жарыялоо менен веб-сайтты үзгүлтүксүз жаңыртып туруу. Бул сынак аркылуу тандоонун бардык этаптарынын жыйынтыктарын камтышы керек, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук жогорку деңгээлде камсыз болушу үчүн.

КК 4.4. Судьялардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган судьялардын өз алдынча органы бар

Сыпаттамасы

Судьялардын бирикмелерге жана ассоциацияларга кошулуу укугу ***БУУнун Сот адилеттүүлүгүнүн көз карандысыздыгы боюнча Негизги принциптеринде, Бангалор кодексинде жана Судьялардын жалпы хартиясында*** так көрсөтүлгөн.

Европа Кеңешинин Судьялар боюнча ***Консультативдик кеңешинин "Судьялардын ассоциацияларынын көз карандысыздыкты колдоодогу ролу" жөнүндө корутундусуна***[76] ылайык, судьялардын бирикме түзүү укугу сот тутумунун кызыкчылыктарына жооп берет. Мамлекеттер судьялардын бирикме укугун ишке ашыруусу үчүн ылайыктуу шарттарды камсыздоого тийиш жана судьялардын ассоциацияларынын көз карандысыздыгына зыян тийгизе турган ар кандай кийлигишүүдөн алыс болуусу керек. Судьялардын ассоциацияларынын негизги максаттары болуп судьялардын көз карандысыздыгын сактоо жана коргоо, алардын макамын жана эмгек шарттарын жакшыртуу, ошондой эле укуктук мамлекетти чыңдоо жана өнүктүрүү саналат. Мындан тышкары, алар сот реформасына, этикага жана судьялардын окутуусуна салым кошо алышат. Ошондой эле мындай уюмдарга сот тутумуна тиешелүү мыйзам долбоорлорун кароого жана комментарий берүүгө мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш.

[76] Европа Судьяларынын Консультативдик Кеңешинин (CCJE) № 23 (2020) "Көз карандысыздыкты колдоодо Судьялардын Ассоциацияларынын ролу" корутундусу.

Профсоюздарга келсек, ***Бангалор кодексине берилген комментарийлерге (176-параграф) ылайык, судья кызмат шарттарын*** жана эмгек акысын жакшыртуу максатында түзүлгөн профсоюздарга же кесиптик бирикмелерге кошулууга укуктуу. Судьялар өздөрү да ушундай бирикмелерди түзө алышат. Бирок, судьялардын кызматы коомдук жана конституциялык мүнөзгө ээ болгондуктан, айрым укуктарга, мисалы иш таштоо укугуна чектөөлөр болушу мүмкүн.

Кээ бир мамлекеттерде судьялар бир эле учурда судьялардын ассоциацияларынын жана профсоюздардын мүчөсү болуп эсептелет. Айрым ассоциациялар өздөрүн профсоюз катары тааныйт же аларга профсоюз макамы берилет, бул аларга кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бирок профсоюздарда партиялык саясат үстөмдүк кылган учурларда мындай саясий таасир судьялардын көз карандысыздыгына жана бейтараптыгына шек жаратпашы керек. Болбосо бул судьялардын бир тараптуу экендиги тууралуу сын-пикирлерге алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" Конституциялык мыйзамында судьялардын бирикмеге кошулуу укугу өзүнчө көрсөтүлгөн эмес. Бирок, аталган мыйзамдын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, судьялар жогорку макамга шайкеш келбеген учурларды эске албаганда, Конституция менен кепилденген бардык жарандык укуктарга ээ. Бул норма судьялар башка жарандар сыяктуу эле, бирикме түзүү укугун да ишке ашыра алышарын билдирет.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Судьяларынын ар-намыс кодексинин 14-беренесине (2016-жылдын 19-февралында өткөн Судьялардын X курултайы тарабынан кабыл алынган) [77] ылайык, судья судьялардын ассоциацияларын жана башка кесиптик уюмдарды түзүү, аларга мүчө болуу эркиндигине ээ. Бул уюмдар судьялардын жана сот адилеттүүлүгүнүн кызыкчылыктарын коргоого, судьялардын макамын жакшыртууга, кесиптик даярдыгын жогорулатууга жана сот ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

Кыргызстандагы судьялардын бирикмеси "Кыргыз Республикасынын Судьялар ассоциациясы" коомдук бирикмеси болуп саналат. Ал 1997-жылы түзүлгөн. Уставка ылайык, Ассоциациянын максаттары — сот адилеттигинин сапатын жана судьялардын көз карандысыздыгын жогорулатуу, ошондой эле судьялардын социалдык жактан корголушун камсыз кылуу болуп саналат[78].

Судьялар ассоциациясынын төрайымы маалымдагандай, бул уюм 2021-жылы өз ишмердүүлүгүн кайра жанданткан. Анын башкы максаты улуттук жана эл аралык деңгээлде таанылган туруктуу уюмга айлануу. Учурда Ассоциация эл аралык судьялар ассоциациясына (ЭСА) экстраординардык мүчө катары кошулуу боюнча иштерди жүргүзүп жатат, келечекте туруктуу мүчөлүккө жетүү да каралууда[79]. Акыркы жылдары Ассоциация сот адилеттигин өркүндөтүү маселелерине арналган тегерек үстөлдөрдү өткөрүү аркылуу өзүнүн активдүүлүгүн көрсөттү. Ошентсе да, Ассоциациянын ишмердүүлүгү судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу жана коргоо сыяктуу негизги маселелерди чечүүгө

[77] 2019-жылдын 11-мартында Кыргыз Республикасынын судьяларынын XI съездинде кабыл алынган Кыргыз Республикасынын судьясынын Ар-намыс кодекси.URL: https://www.vs.kg/ru (дата обращения: 24 апреля 2025 г.).
[78] «Кыргыз Республикасынын Судьяларынын Ассоциациясы» коомдук бирикмесинин уставы. 2019-жылдын 12-ноябрында бекитилген.URL: https://admin-sot.sot.kg/public/sites/4/2019/11/12.11.2019-USTAV-SUDEJ-KR-POSLEDNIJ.docx (кайрылуу күнү: 24 апрель 2025 ж.).
[79] "Кыргыз Республикасынын Судьяларынын Ассоциациясы" коомдук уюмунун башкармалыгынын төрайымы Дилара Арстанбаева менен маек.URL: https://sot.kg/post/intervyu-s-predsedatelem-pravleniya-oo-assotsiatsiya-sudej-kyrgyzskoj-respubliki-dilaroj-arstanbaevoj (кайрылуу күнү: 24 апрель 2025 ж.).

багытталбаганын белгилөөгө болот. Бул Ассоциациянын социалдык тармактардагы расмий баракчасында жарыяланган иш-чаралардан да көрүнүп турат[80].

Корутундулар

1. Кыргызстанда судьялар өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн кесиптик ассоциацияларга биригүү укугуна ээ. “Кыргыз Республикасынын Судьялар ассоциациясы” бар болгонуна карабастан, анын ишмердүүлүгү судьяларды коргоодо олуттуу роль ойнобойт.

Рекомендации

1. Кыргыз Республикасынын Судьялар ассоциациясына судьялардын кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоону жана сот тутумунун көз карандысыздыгын бекемдөөнү камсыз кылуу үчүн өз ишмердүүлүгүн жандандыруу сунушталат. Ассоциация судьялардын укуктарын жана кызыкчылыктарын илгерилетүү багытында, алардын көз карандысыздыгын жана коргоосун күчөтүүгө багытталган стратегияларды иштеп чыгып, ишке ашыруу иштерине активдүү аралашуусу зарыл.

КК 4.5. Судьялар үчүн окуу жайлар судьяларды тандоо жол-жобосунун бир бөлүгү болуп эсептелет жана аткаруу бийлигинен көз каранды эмес

Сыпаттамасы

Бул көрсөткүч негизги стандартка – судьяларга билим берүү тутумунун аткаруу бийлигинен көз карандысыздыгына таянат. ***Чыгыш Европада, Түштүк Кавказда жана Борбор Азияда сот бийлигинин көз карандысыздыгы боюнча өткөн 19-Киев конференциясында*** кабыл алынган сыяктуу эл аралык сунуштарга ылайык, эгерде судьялар үчүн окуу жайлар алардын тандоо жараянынын бир бөлүгү болуп саналса, анда ал окуу жайлар аткаруу бийлигинен толугу менен көз карандысыз болууга тийиш. Окутуу программасы судьянын ишинде өзгөчө талап кылынган аспектилерге багытталып, университеттик билимди толуктап туруусу керек. Окутуу этика, баарлашуу жана талаштарды чечүү жөндөмдөрү, башкаруу жана укуктук жазуу боюнча курстарды камтышы зарыл. Судьялар кеңештери бар мамлекеттерде бул кеңештер судьяларды даярдоо маселелери боюнча сунуштарды бере алышат. Бул сунуштарда талап кылынган жөндөмдөрдүн тизмеси жана квалификацияны жогорулатуу боюнча сунуштар болушу мүмкүн[81].

Судьялардын жүрүм-турумунун Бангалор принциптерин (2010) натыйжалуу ишке ашыруу боюнча чаралар судьяларды даярдоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт жана төмөнкүдөй көрсөтөт: "Сот бийлиги өз ыйгарым укуктарынын алкагында судьяларды окутууну өзү уюштырууга, өткөрүүгө же көзөмөлдөөгө тийиш." (Принцип 7.1). Окутуу мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз болгон мамлекеттерде сот органдары тиешелүү улуттук жана эл аралык органдарга жана окуу жайларга кайрылып, билим берүү мүмкүнчүлүгүнө жетүүдө же жергиликтүү билим потенциалын өнүктүрүүдө жардам сурашы керек. (Принцип 7.2).[82]

Европа Кеңешинин Министрлер Комитети (CM/Rec(2010)12 Сунуштамасы) судьяларга толугу менен мамлекет тарабынан каржыланууучу теориялык жана практикалык баштапкы

[80] караңыз. https://www.facebook.com/share/1BJH4Px1ao/?mibextid=wwXIfr

[81] Чыгыш Европа, Түштүк Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө сот бийлигинин көз карандысыздыгы маселелери боюнча Киев конференциясы. Киев шаары, Украина, 2017-жыл. URL: https://www.coe.int/ru/web/ccje/ (кайрылуу датасы: 2025-жылдын 24-апрели).

[82] Соттордун жүрүм-турумунун Бангалор принциптерин (2010) натыйжалуу ишке ашыруу боюнча чаралар. Принциптер 7.1 жана 7.2, Бангалор, 2010-жыл. URL: https://www.unodc.org/unodc/en/corruption/toolkit/toolkit.html (кайрылуу датасы: 2025-жылдын 24-апрели).

жана квалификацияны жогорулатуу боюнча окуудан өтүүнү сунуштайт. Көз карандысыз орган билим берүүнүн өз алдынчалыгын толук сактоо менен баштапкы жана квалификацияны жогорулатуу программалары судьялык кызматка мүнөздүү ачыктык, компетенттүүлүк жана калыстыктын талаптарына жооп беришин камсыз кылууга тийиш[83].

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасындагы судьялар үчүн Окутуу борбору (мындан ары – Окутуу борбору) 1998-жылдын февраль айында түзүлгөн. Анын негиздөөчүлөрү болуп Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Сот департаменти жана Кыргыз Республикасынын Судьялар ассоциациясы саналат. 2008-жылы Соттук департамент аткаруу бийлигинин тутумунан чыгарылгандан кийин, Окутуу борбору Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун карамагына өткөрүлгөн. 2017-жылдын январында Окутуу борбору Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот Адилеттигинин жогорку мектебине (САЖМ) айландырылган.

Жобого ылайык[84] САЖМ өз алдынча юридикалык жак макамына ээ болгон мамлекеттик мекеме болуп саналат, жана Жогорку соттун төрагасына жана ССке отчет берет. Ошентип, бүгүнкү күндө САЖМ сот тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамына ылайык, судьялар үзгүлтүксүз окутуунун алкагында квалификациясын жогорулатуу боюнча окутуу иш-чараларына үч жылда кеминде бир жолу катышууга милдеттүү (5-берене). Ушуга байланыштуу, САЖМ негизги функциясы — судьялардын квалификациясын жогорулатуу болуп саналат. САЖМдин расмий сайтына ылайык[85], үзгүлтүксүз окутуунун алкагында судьялар ар үч жылда САЖМ тарабынан уюштурулган 1ден 7ге чейинки окутуу иш-чараларына катышышат

Комплекстүү окуу программалары СК тарабынан Жогорку сот менен макулдашуу аркылуу бекитилген. Мындан тышкары, САЖМ биринчи жолу дайындалган судьялар, сот аткаруучулар, сот аткаруучулар, жергиликтүү соттордун аппараттарынын бөлүм башчылары, судьялардын жардамчылары жана судьялар отурумунун катчылары үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрөт. Комплекстүү окутуу программалары Судьялар кеңеши тарабынан Жогорку сот менен макулдашуу аркылуу бекитилет.[86]

Комплекстүү окутуу программаларынан тышкары, кызматка биринчи жолу дайындалган судьялар милдеттүү түрдө стажировкадан өтүшү керек. Стажировка жергиликтүү соттордун судьяларынын ишкердик, кесиптик жана моралдык сапаттарын жогорулатуу максатында жүргүзүлөт. Стажировкадан өтүүнүн негизги милдеттери — соттун ишинин өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, кесиптик билимдерди, жөндөмдөрдү калыптандыруу жана бекемдөө, судьялык

[83] Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин CM/Rec (2010) 12-рекомендациясы. Сотторду даярдоо жана окутуу жөнүндө, 2010-жыл. URL: https://rm.coe.int/16807096d6 (кайрылган күнү: 2025-жылдын 24-апрели).

[84] Кыргыз Республикасынын Адилет жогорку мектеби жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши тарабынан 2022-жылдын 13-январында бекитилген. URL: https://admin-vshp.sot.kg/public/sites/3/2017/10/POLOZHENIE-VSHP-PDF-13.01.2022g..pdf (кайрылган күнү: 2025-жылдын 24-апрели)."

[85] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Адилет жогорку мектебинин, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбооруна байланыштуу пресс-релизи. URL: https://vshp.sot.kg/post/press-reliz-ot-vysshej-shkoly-pravosudiya-pri-verhovnom-sude-kyrgyzskoj-respubliki-k-proektu-zakona-kyrgyzskoj-respubliki-o-vnesenii-izmenenij-v-zakon-kyrgyzskoj-respubliki-o-verhovnom-sude-kyrgyzskoj

[86] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Адилет жогорку мектебинин 2023-жылдагы ишмердүүлүгү боюнча ОТЧЕТУ. URL: http://admin-vshp.sot.kg/public/sites/3/2023/01/OTCHET-VSHP-2023-godPDF.pdf)

кызматы аткаруу үчүн зарыл болгон практикалык көндүмдөрдү алуу болуп саналат. Жалпы стажировка мөөнөтү 6 жума, көлөмү 240 саатты түзөт.

САЖМ негизинен донорлордун колдоосу менен иш алып барат. Мисалы, 2022-жылы САЖМ мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын жана өнөктөштөрдүн (донорлордун) колдоосу менен 131 окутуу иш-чарасын жана окуу планына кирбеген 19 иш-чараны өткөргөн. Ал эми 2023-жылы САЖМ тышкы жардамсыз (мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен) болгону 37 иш-чара өткөргөн[87]. Ушуга байланыштуу, САЖМдин потенциалын чыңдоо жана донордук жардамга болгон көз карандылыкты жоюу боюнча чараларды мындан ары да ишке ашыруу зарыл.

САЖМдин бюджети Судьялар кеңеши тарабынан түзүлөт, бирок эмгек акы шарттарына байланыштуу маселелерди Министрлер кабинети чечет[88]. САЖМдин 2022-жылдагы ишмердүүлүгү боюнча отчетко ылайык, бул мекемени каржылоо толугу менен Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин көзөмөлүндө турат.[89]

2021-жылга чейин Жогорку соттун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектеби (САЖМ) судьялык кызматты ээлөөгө талапкер болгон, судьялык иш тажрыйбасы жок адамдарды, ошондой эле судьялык тажрыйбасы бар, бирок кызматтан бошотулгандан же ыйгарым укуктары токтотулгандан кийин конкурска катышуу үчүн арыз бергенге чейин 10 жылдан ашуун убакыт өткөн адамдарды окутууну жүргүзүп келген. Угуучуларды окутуу күндүзгү түрдө жүргүзүлүп, бир жылга чейин уланган.

Тийиштүүлүгүнө жараша, судьялык кызматтарга конкурстук тандоого САЖМде окуудан өткөн жана квалификациялык экзаменди ийгиликтүү тапшырган адамдар гана катыша алышчу.Азыркы учурда САЖМ судьяларды тандоо тутумунун бир бөлүгү болуп саналбайт жана жогоруда белгиленгендей, анын ишмердүүлүгү иштеп жаткан судьяларды үзгүлтүксүз окутуу менен камсыздоого багытталган

Корутундулар

1. АЖМ судьяларды тандоо тутумунун бир бөлүгү болбосо да, судьялардын жана сот аппараттарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууда маанилүү ролду ойнойт. Окутуу программалары үзгүлтүксүз жаңыртылып, эл аралык стандарттарга ылайыкташтырылган, бул өзгөчө этика, баарлашуу көндүмдөрү жана талаш-тартыштарды чечүү сыяктуу тармактарда судьяларды кесиптик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. САЖМ формалдуу түрдө аткаруу бийлигинен көз карандысыз болгону менен, Министрлер кабинетине болгон каржылык көз карандылык сот тутумунун окутуу жаатындагы ыйгарым укуктарынын бир бөлүгү аткаруу бийлигинин көзөмөлүндө экенин көрсөтөт. САЖМ окутуунун мазмунун өз алдынча аныктайт, бирок каржылык көз карандылык жана бюджеттеги так эместиктер билим берүү демилгелерин толук көзөмөлдөөгө тоскоолдук жаратат. Бул жагдай

[87] Мурунку булакта

[88] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №249 токтому “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Адилет жогорку мектебинде мамлекеттик кызматкер болбогон кызматкерлердин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө”. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/7-27180/edition/8689/ru

[89] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Адилет жогорку мектебинин 2022-жылдагы ишмердүүлүгү боюнча отчету URL: http://admin-vshp.sot.kg/public/sites/3/2018/01/Otchet-VSHP-na-russkom-1.pdf)

билим берүү программаларынын сапатына жана туруктуулугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна жана Судьялар кеңешине төмөнкү сунуштар берилет:1) судьяларды тандоо процессин жакшыртуу максатында Адилет жогорку мектебин (АЖМ) судьяларды тандоо тутумунун ажырагыс бөлүгү катары аныктоо. Бул келечектеги судьялар үчүн билим берүүнү структуралаштырылган, ыраатту жана сапаттуу кылууга өбөлгө түзөт. Бул өз кезегинде сот тутумунун көзкарандысыздыгын жана кесипкөйлүгүн жогорулатууга жардам берет. САЖМ келечектеги судьялар үчүн теориялык жана практикалык окутууну, анын ичинде аттестацияны өткөрө алат. Аттестация судья кызмат ордуна конкурс аркылуу катышуу үчүн милдеттүү шарт болуп калат, бул тандоонун сапатын жогорулатып, дайындоо процессиндеги субъективдүүлүктү азайтууга мүмкүндүк берет. 2) САЖМдин толук көзкарандысыздыгын камсыз кылуу үчүн, Министрлер кабинетинин чечимдеринен көзкаранды болбогон механизмдерди түзүү. Бул механизмдер сот тутумунун бюджети эсебинен каржылоону көбөйтүү аркылуу бекемделиши мүмкүн. САЖМ өзүнүн бюджети жана каржылоосу боюнча кеңири көзөмөлгө ээ болушу керек, бул билим берүү программаларынын мүмкүн болгон бюджеттик кыскартуулардан жабыркабашын камсыздайт. Ошондой эле бул жаңы окутуу программаларын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

3. Судьяларды кызматтан бошотуу же убактылуу кызматынан четтетүү жоопкерчилиги жана негиздери

5 - Көрсөткүч. Судьяларды кызматтан бошотуу жана жоопкерчиликке тартуу тартиби анын бейтараптуулугун, адилеттүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылат

КК 5.1. Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун негиздери мыйзамда так белгиленип, укуктук белгисиздикке жол бербейт

Сыпаттамасы

Киев сунуштарынын 25-пунктунда мындай деп айтылат: "Судьяларга карата тартиптик өндүрүш бүткүл судьялар коомчулугунун аброюна шек келтирген одоно жана актоого мүмкүн болбогон кесипкөй эмес жоруктарга тиешелүү болушу керек.Тартиптик жоопкерчилик сот чечимдеринин же өкүмдөрүнүн мазмунуна, анын ичинде ар кайсы соттордун укуктук түшүндүрмөлөрүнүн айырмачылыктарына, ошондой эле сот каталарына же сот тутумуна болгон сын-пикирлерге колдонулбашы керек"[90]. Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу, анын ичинде сот кызматынан бошотуу үчүн колдонулуучу негиздерде укуктук аныктамасыз түшүнүктөр болбошу керек (мисалы, "судья ишин кароодо мыйзам бузуу" же "кесиптик жөндөмсүздүктөн улам судьянын ээлеген кызмат ордуна шайкеш келбөөсү" сыяктуу).Мындан тышкары, жогорку инстанциялардын башкача чечим

[90] Киев конференциясы сот бийлигинин көзкарандысыздыгы маселелери боюнча (Чыгыш Европа, Түштүк Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрү). Киев ш., Украина, 2017-жыл. URL: https://www.coe.int/ru/web/ccje/ (каралган күнү: 2025-жылдын 24-апрели).

чыгарган учурларында судьяны мыйзамды өз алдынча чечмелегени же фактыларды аныктаганы үчүн жоопкерчиликке тартууга болбойт. Мыйзамда судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун (анын ичинде кызматтан бошотуу) так негиздери жана ээлеген кызматка шайкеш эместигинин критерийлери аныкталууга тийиш. Бул нормалар судья мыйзамды ак ниеттик менен чечмелеген учурларын жоопкерчиликтен четтетүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Тартиптик эрежелер укуктук аныктуулук принциптерине жооп бериши зарыл – бул судья өзүнүн жүрүм-турумун туура жолго багыттап, ошол эрежелерди сактаганда жоопкерчиликке тартылуудан кооптонбошу үчүн маанилүү.Мыйзамды чечмелөө, факты менен далилдерди баалоо – судьянын ишти чечүүдө жасаган аракеттери катары, тартиптик жазага негиз болбошу керек, эгерде булар кылмыштуу ниет же одоно этиятсыздык менен байланыштуу болбосо. Ошондой эле, апелляциялык тартипте чечим жокко чыгарылган же өзгөртүлгөн учурларда судья жеке жоопкерчилик тартпашы керек.

Венеция комиссиясы дайыма белгилеп келгендей, антты бузуу судьяны кызматтан бошотуу үчүн стандарт катары колдонууга өтө бүдөмүк түшүнүк болуп саналат (CDL-AD(2013)014)[91]. Ошондой эле, ***Европа адам укуктары боюнча соту*** 2013-жылдын 9-январында ***"Александр Волков Украинага каршы"*** иши боюнча чыгарган чечиминде (№ 21722/11)[92], антты бузуу судьяны бошотуу үчүн негиз катары колдонулушу мүмкүн болгон өтө кең жана так эмес чечмелөөлөргө жол ачат деген тынчсыздануусун билдирген.

Макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинде судьялар өзүнүн ыйгарым укуктарын алардын жүрүм-туруму кынтыксыз деп эсептелгенге чейин сактай тургандыгы белгиленген. Бул талап бузулган учурда, судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу үчүн негиз болуп эсептелет. "Кынтыксыздык" термини Конституциянын судьялардын конституциялык-укуктук макамын жөнгө салган 96-беренесинде бир нече ирет кайталанат.

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзамдын 10-беренесинде такталгандай, кынтыксыз жүрүм-турум талаптарын бузуу — бул судьянын жогорку наамына шайкеш келбеген олуттуу же тутумдуу түрдө тартиптик жорук (жоруктар) жасашы болуп эсептелет. Бул жоруктар Конституциялык мыйзамдын 31-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн. 31-берененин 2-бөлүгүндө тартиптик жорук төмөнкүдөй деп аныкталат: Судьянын кызматтык милдеттерин аткарууда же кызматтан тышкаркы ишмердүүлүгүндө жасаган күнөөлүү аракеттери же аракетсиздиги төмөнкүдөй формада чагылат:

1) адилеттикти ишке ашырууда мыйзамдуулуктун ачык жана одоно бузулушу;
2) судьянын ар-намыс кодексин одоно бузуу;
3) кеңешме бөлмөнүн сырын же жабык сот отурумунда каралган иш боюнча судьяга белгилүү болгон жашыруун маалыматты ачыктоо;
4) мыйзамда белгиленген тартипте адилеттикти ишке ашырууда же мыйзамда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда анын ишмердүүлүгүнө ар кандай кийлигишүү жөнүндө судьялардын өзүн-өзү башкаруу органын кабардар кылбоо же мыйзамда каралбаган башка кийлигишүүлөр;

[91] Венеция комиссиясы, CDL-AD(2013)014. "Судьялардын макамын жөнгө салган мыйзам долбоору боюнча пикир, судьяларды бошотуу маселеси боюнча", 2013-жыл. URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2013)014-e

[92] Европа адам укуктары боюнча соту (ЕАУС), Александр Волков Украинага каршы, 2013-жылдын 9-январындагы чечим, № 21722/11. URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-115778

5) өз мүлкү, кирешеси жана чыгашасы жөнүндө декларацияны бербөө же убагында бербөө, ошондой эле анда билип туруп жалган маалымат көрсөтүү;
6) судьянын ишине терс кесепеттерди алып келген эмгек тартибин одоно бузуу;
7) ушул конституциялык мыйзамдын 7-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1–6 жана 8-пункттарында белгиленген, судьяга карата коюлган башка талаптарды одоно бузуу.

Конституциялык мыйзамдын 7-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1–6 жана 8-пункттарында судьяга карата төмөнкү тыюу салуулар белгиленет. Бул талаптарды бузуу судьяга карата тартиптик санкция колдонууга негиз болушу мүмкүн:
– жеке же юридикалык жактардын иштери боюнча соттордо же башка мамлекеттик органдарда өкүл болуу (мыйзамдуу өкүл болуу учурларынан тышкары);
-соттук териштирүү учурундагы маселе боюнча, ал боюнча соттук акт күчүнө кирмейинче, ачык-айкын пикир билдирүүгө жол берүү;
– судьянын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу белгилүү болгон чектелген жеткиликтүү маалыматты же кызматтык маалыматты мыйзамда белгиленбеген максаттарда ачыктоо же пайдалануу;
– протоколдук же башка расмий иш-чараларга байланыштуу алынган белектерди пайдалануу;
– Судьялардын кеңешинин уруксатысыз чет мамлекеттердин, саясий партиялардын сыйлыктарын, артыкчылык белгилерин, ардак жана атайын (илимий жана спорттук наамдардан тышкары) наамдарын кабыл алуу;
– Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы расмий иш сапарларга жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен чыгуу (бул тыюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эл аралык келишимдерге же Конституциялык соттун, Жогорку соттун же Судьялардын кеңешинин тиешелүү чет мамлекеттердин соттору, эл аралык же чет элдик уюмдар менен өз ара макулдашылган негиздеги иш сапарларына тиешелүү эмес);
– иш таштоого жана митингдерге катышуу.

Каралып жаткан Конституциялык мыйзамда Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу үчүн негиздердин кеңири тизмеси белгиленген, ал кызматтык да, кызматтан тышкаркы жүрүм-турумдун ар кандай аспектилерин камтыйт. Талаптар жана судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун негиздери Конституциялык мыйзамдын бир нече беренелеринде берилгени менен, бул жагдай алардын кабылдоосу жана түшүнүлүшү үчүн белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратат. Ошону менен бирге, тутумдуу талдоо жүргүзүүдө бул жоболор судьянын жүрүм-турумуна коюлган талаптар жана жоопкерчиликке тартуунун негиздери тууралуу жалпыланган түшүнүк берет. Ушуга байланыштуу укуктук аныктуулукту жана колдонууга ыңгайлуулукту жогорулатуу максатында негизги жоболорду бир берене ичинде бириктирүү же аларды ырааттуу структурага келтирүү максатка ылайык болмок.

Конституциянын жана Конституциялык мыйзамдын ушул бөлүгүндөгү жоболорду талдоо учурунда “кынтыксыздык” термининин көп колдонулушу көңүлдү өзүнө бурат. Ошол эле учурда, Конституцияда да, башка мыйзамдарда да бул түшүнүктүн так жана толук аныктамасы берилген эмес. Бул жагдай олуттуу укуктук тобокелдиктерге алып келет, анткени “кынтыксыздыкты” баалоо үчүн так критерийлердин жоктугу судьянын аракеттерин өтө кеңири жана ар кандайча чечмелөөгө шарт түзүп, тартиптик жоопкерчилик маселелерин кароодо негизсиз чечимдерге алып келиши мүмкүн. Мындай тыянак Венеция комиссиясынын Жыйынтык пикиринде да тастыкталат: *“Айрым судьяларга байланыштуу айтсак, учурдагы Конституция да, анын долбоору да 96-берененин 2-пунктунда “кынтыксыздык” терминин судьялык кызматты ээлөөгө жана ыйгарым укуктарын*

сактап турууга алдын ала шарт катары колдонууда. Эгер бул критерий аткарылбаса, судья кызматтан четтетилиши мүмкүн. 2016-жылдагы БДИПЧ/ОБСЕ менен Венеция комиссиясынын биргелешкен жыйынтык пикиринде мындай мазмундагы ой айтылган: мөөнөтүнөн мурда бошотуу ар дайым так жана объективдүү критерийлерге, ачык жана айкын жол-жоболорго негизделиши керек. Эгерде мөөнөтүнөн мурда бошотуунун негиздери башка мыйзам актыларында так жана катаал түрдө аныкталбаса, анда тиешелүү жоболор судьялардын кызматта болуу кепилдигине жана жалпы сот бийлигинин көзкарандысыздыгына коркунуч жаратат. Судьяларды дайындоо жана алардын алмашкыс макамын камсыздоо боюнча конкреттүү жоболор адатта мыйзамдарда каралганы менен, Конституция долбоорунда сот бийлигинин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринен көзкарандысыздыгын камсыз кылуучу негизги принциптер бекемделиши, ал эми алмашкыс макам жана көзкарандысыздык принциптери так жазылышы өтө маанилүү деп саналат" (п. 86)[93]. Мунун негизинде, Венеция комиссиясы "*кынтыксыздык*" термининде укуктук аныктамасыздык жана бүдөмүк мүнөз бар экенин, алар судьяга карата эркин жана субъективдүү чечмелөөлөргө, андан келип чыккан мүмкүн болгон кыянаттыкка жол ачарын белгилеп, бул терминди Конституция долбоорунан чыгарууну сунуш кылган.

Мыйзамдын кынтыксыздык талаптарын бузуу түшүнүгүн ачкан *"судья тарабынан олуттуу же тутумдуу түрдө тартип бузууларды жасоо"* деген формулировкасына карата Венеция комиссиясынын эксперттери ошондой эле бул беренени жетиштүү түрдө ачык-айкын жана алдын ала айтууга боло турган болууну сунуш кылышты: *"..алдын ала билүү» талабы ЕККУ тарабынан көрсөтүлгөн тартиптик тартип бузууларды, алгылыктуу жол көрсөтүүчү көрсөттмө болуп саналат. Жаза чарасы ал колдонулушу мүмкүн болгон адам өзүнүн иш-аракетинин кесепеттерин алдын ала көрө алгыдай жана ошого жараша өзүнүн жүрүм-турумун жөнгө сала ала тургандай так аныкталууга тийиш"* (п.24).[94]

"*Кынтыксыздык*" терминин укуктук аныктамасынын бүдөмүктүгү жана судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу үчүн негиздердин так эместиги боюнча эскертүүлөрдөн тышкары, Венеция комиссиясы Кыргыз Республикасында судьялардын тартиптик жоопкерчилигине байланыштуу нормативдик-укуктук базаны өзгөртүү долбоору боюнча Жыйынтык пикиринде[95] башка да бир катар негизги маселелерге токтолуп, тартиптик жоопкерчиликтин укуктук базасын өркүндөтүү боюнча сунуштарын берген. Атап айтканда, Комиссия этикалык нормаларды тартиптик жоболордон өзүнчө бөлүү зарылдыгын белгилеген, анткени судьянын Ар-намыс кодексинде камтылган этикалык нормалар көп учурда моралдык жана адептик категорияларда жазылгандыктан, аларды укуктук баалоо татаал болот. Ошондуктан, этикалык талаптарды бузуу моралдык жоопкерчиликке алып келиши керек, ал эми жүрүм-турум принциптери тартиптик эрежелерден өзүнчө каралышы тийиш.Мындан тышкары, Комиссия тартиптик органдар соттук чечимдердин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн баалоого укуктуу эмес экенин баса белгилеген, анткени

[93] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен жыйынтык пикир. Венеция комиссиясы тарабынан 2021-жылдын 19–20-мартында онлайн-форматта өткөн 126-пленардык жыйында кабыл алынган. Страсбург / Варшава, 2021-жылдын 19-марты. Венеция комиссиясынын жыйынтык пикири № 1021/2021. БДИПЧ/ОБСЕнин жыйынтык пикири № CONST-KGZ/398/2021. CDL-AD(2021)007*. URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/default.aspx?pdffile=CDL-AD(2021)007-rus

[94]Кыргыз Республикасында соттордун тартиптик жоопкерчилиги чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук базаны өзгөртүү долбоору боюнча биргелешкен жыйынтык пикир. Страсбург / Варшава, 2014-жылдын 16-июну. Венеция комиссиясынын жыйынтык пикири № 770 / 2014. БДИПЧ ОБСЕнин жыйынтык пикири № JUD-KYRG/248/2014. CDL-AD(2014)018. URL: https://www.osce.org/files/f/documents/3/5/121132.pdf

[95] Мурунку булакта

бул алардын ыйгарым укуктарынын чегинен тышкары болуп саналат жана тартиптик эмес, процессуалдык жоболор аркылуу жөнгө салынууга тийиш.

Бул сунуштар тартиптик чараларды колдонууда ыктыярдуулукту азайтууга жана судьялардын корпусунун көзкарандысыздыгын коргоого багытталган. Ошону менен катар алар укуктук жоболорду ачык жана алдын ала болжолдонуучу кылып түзүүгө көмөктөшмөк. Бирок, тилекке каршы, бул сунуштарга тийиштүү көңүл бурулбай калган жана 2016-жылдан тартып жогоруда көрсөтүлгөн сунуштардын бирөө да ишке ашырылган эмес.

Жалпысынан алып караганда, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзамдагы жоболор судьялардын тартиптик жоопкерчилигине байланыштуу эл аралык стандарттарга белгилүү бир деңгээлде шайкеш келет. Бирок, укуктук аныктуулукту толук камсыз кылуу үчүн айрым тартиптик жоруктардын негиздерин так жана түшүнүктүү формада жазуу зарыл, бул болсо түшүнүктөрдүн эки ача чечмеленишин жоюп, судьялардын көз карандысыздыгын ыктымалдуу негизсиз чечимдерден коргоого мүмкүндүк берет.

Мисалы, Конституциялык мыйзамдын 31-беренесинде "одоно бузуу" термини (мыйзамдуулукту одоно бузуу, Судьянын ар-намыс кодексин одоно бузуу ж.б.) бир нече жолу колдонулат. Бирок мыйзамдын текстинен "одоно" жана "одоно эмес" бузуу кандайча айырмаланышы керектиги так көрүнбөйт.Мыйзамдагы так эместик шартында практикалык багыт катары Судьялар кеңешинин чечимдери колдонулууга тийиш болмок. Бирок бул жерде дагы олуттуу маселе бар: Судьялар кеңешинин чечимдери ачык эмес болгондуктан, алар менен таанышууга жана тиешелүү талдоо, жыйынтык чыгарууга мүмкүн болбой калат.

Корутундулар

1. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун негиздери «Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө» Конституциялык мыйзамда белгиленген жана жалпы алганда укуктук аныктаманын принциптерине жооп берет. Бул мыйзамда судья тартиптик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон аракеттердин жана аракетсиздиктердин тизмеси көрсөтүлгөн, бул судьяларга кайсы иш-аракеттер тартиптик чараларга алып келиши мүмкүн экенин алдын ала билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок укуктук аныктаманын принциби толук түрдө ишке ашырылбай келет, анткени бир катар жоболор субъективдүү түшүндүрмөгө жол ачат. Мисалы, «олуттуу мыйзам бузуу», «кынтыксыздык талаптарын бузуу», «олуттуу жоруктар» сыяктуу баалоочу мүнөздөгү түшүнүктөр мыйзамдык жактан так түшүндүрүлбөгөндүктөн, бул судьяларга жана укук колдонуу органдарына уруксат берилген жүрүм-турумдун чектерин түшүнүүдө кыйынчылыктарды жаратат. Мунун кесепетинен укуктук аныктаманын жоктугу жаралып, бир эле жагдай ар кандай контекстке же укук колдонуу субъекттерине жараша ар башкача чечмелениши мүмкүн.

2. Этикалык жоопкерчилик тартиптик жоопкерчиликтен өзүнчө ажыратылган эмес. Венеция комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча өз жыйынтык пикирлеринде этикалык нормаларды тартиптик жоболордон өзүнчө бөлүү зарылдыгын сунуш кылган, анткени этикалык стандарттарды бузуу моралдык, ал эми тартиптик эмес жоопкерчиликке алып келүүгө тийиш. Судьянын Ар-намыс кодексинде камтылган этикалык нормалар моралдык-адептик категорияларда жазылгандыктан, аларды объективдүү укуктук баалоо кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңеш жана Жогорку сот "Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизип, *"мыйзамдуулукту одоно*

бузуу”, “ Судьянын ар-намыс кодексин одоно бузуу”, “кынтыксыздыкты бузуу” жана башка баалоочу категориялар сыяктуу терминдер боюнча так критерийлерди аныктоосу зарыл. Ошондой эле, этикалык нормаларды тартиптик жоболордон өзүнчө ажыратуу керек, анткени этикалык талаптарды бузуу тартиптик эмес, моралдык жоопкерчиликке алып келүүгө тийиш.

2. Судьялар кеңешине Тартиптик комиссиянын тажрыйбасын системалаштыруу жана жалпылоо сунушталат, укук колдонуу практикасында сапатты жана бир түрдүүлүктү жогорулатуу максатында.

КК 5.2 Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу көз карандысыз орган тарабынан жүзөгө ашырылат

Сыпаттамасы

Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу көз карандысыз орган тарабынан жүзөгө ашырылышы керек, анын курамында мүчөлөрдүн кеминде жарымы судьялар тарабынан шайланган судьялар болушу зарыл (эгерде тартиптик орган катары соттун өзү каралбаса).

Киев сунуштарында тартиптик органдар жана тартиптик процедуралар боюнча да сунуштар камтылган (5-, 9-, 25-, 26-пункттар): “*5. Корпоративизмге айыптоолордон сактануу жана адилет тартиптик териштирүүнү камсыз кылуу үчүн, судьялар кеңештери төмөнкү функцияларды бир эле учурда аткарбашы керек: а) тартиптик даттанууларды кабыл алуу жана тартиптик иликтөөлөрдү жүргүзүү; б) ошол эле иштерди карап чыгып, тартиптик чараларды колдонуу боюнча чечим чыгаруу. Тартиптик чечимдерди тиешелүү сотко даттануу мүмкүнчүлүгү болушу керек (караңыз: 9-, 14-, 25-, 26-пункттар). …9. Тартиптик иштерди угуу жана алар боюнча чечим чыгаруу үчүн жооптуу органдар (караңыз: 5-б пункт) курамында судьялар гана эмес, судьялар корпусуна тиешеси жок өкүлдөр да болушу керек. Мындай комиссиялардын курамындагы судьялар комиссия мүчөсү болуп турган мезгилде башка судьяларга же судьялар жамаатына карата башка функцияларды, анын ичинде башкаруу, бюджет маселелери же судьяларды тандоо менен байланышкан иштерди аткарбашы керек. Судьялардын тартиптик маселелери менен алектенген органдар аткаруу бийлиги тарабынан көзөмөлдөнбөшү керек жана алардын ишине эч кандай саясий таасир көрсөтүлбөшү зарыл. Аткаруу бийлигинин Судьялар кеңешине же тартиптик маселелерди чечүүгө ыйгарым укуктуу башка органдарга болгон ар кандай көзөмөлүнөн оолак болуу керек (караңыз: 5, 25–26-пункттар) …26. Судьяларга карата тартиптик иштерди кароо үчүн атайын көз карандысыз орган (сот, комиссия же кеңеш) түзүлүшү керек (караңыз: 9-пункт). Тартиптик иштерди караган органдар ал иштерди козгоого ыйгарым укуктуу болбошу керек жана алардын курамында мындай ыйгарым укукка ээ мүчөлөр болбошу зарыл. Бул органдар иш жүрүп жаткан судьяга процесстик кепилдиктерди камсыздоого тийиш, анын ичинде коргонуу укугун жана компетенттүү сотко даттануу укугун. Тартиптик процедуранын бүтүндөй жүрүшү толук ачык-айкын болушу керек. Тартиптик угуу ачык болушу зарыл, эгерде угуу жүрүп жаткан судья жабык каралышын талап кылбаса. Мындай учурда, суд талаптын негиздүүлүгүн өз алдынча баалап, чечим чыгара алат. Тартиптик иштер боюнча чечимдер негиздүү жана түшүндүрмө менен чыгарылышы керек. Тартиптик маселелер боюнча акыркы чечимдер жарыялануугa тийиш.*”

Мындан тышкары, тартиптик жоопкерчилик боюнча эки өзүнчө орган түзүү сунушталат: биринчиси — судьялардын туура эмес жүрүм-туруму боюнча кайрылууларды алдын ала кароо жана айыптоону колдоо үчүн; экинчиси — тартиптик ишти маңыздуу кароо үчүн. Бул эки орган тең мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинен көз карандысыз болушу керек. Ошондой эле, бул органдардын курамында көпчүлүк бөлүгүн судялар түзүшү максатка

ылайыктуу, алар Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан шайланышы керек. Мындайча айтканда, судьяларга карата айыптоолорду иликтөө процесси бул иштер боюнча чечим кабыл алуу процессинен бөлүнүп турат.

Судьялар кеңештеринин так курамы ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок жалпы таанылган норма боюнча, кеңеш мүчөлөрүнүн кеминде жарымы кесиптештери тарабынан шайланган судьялар болушу керек.[96]

Европалык судьялардын статуту жөнүндө хартиянын [97](Европа Кеңешинин Юридикалык маселелер департаменти, 1998-жылдын 8–10-июлу, DAJ/DOC (98)23) тиешелүү бөлүгүндө мындай деп айтылат: "*1. Жалпы принциптер ... 1.3. Судьяларды тандоо, жумушка алуу, дайындоо, кызматтык көтөрүлүү же ыйгарым укуктарын токтотуу сыяктуу ар бир чечимге байланыштуу, статут аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинен көз карандысыз органды аралаштырууну карайт. Бул органда отурган мүчөлөрдүн жок дегенде жарымы — судьялардын корпусун кеңири чагылдырууну камсыз кылган ыкмалар менен өз кесиптештери тарабынан шайланган судьялар болушу керек".*

Европалык судьялар боюнча Консультативдик кеңеш өзүнүн Судьялар хартиясында дагы бир кадам алдыга жылып, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинен көз карандысыз болгон Судьялар кеңешин же башка атайын органды түзүүнү талап кылат. Бул орган толугу менен судьялардан же кесиптештери тарабынан шайланган судьялардын олуттуу көпчүлүгүнөн турушу керек. Кеңештин судья эмес мүчөлөрү катары белгилүү кесиптик тажрыйбасы бар көрүнүктүү юристтер, университет окутуучулары же коомчулукта таанылган жарандар тандалышы мүмкүн. Сот тутумун заманбап башкаруу укуктук чөйрөгө тиешеси жок тармактарда (мисалы, башкаруу, финансы, маалыматтык технологиялар, социалдык илимдер) иш тажрыйбасы бар мүчөлөрдүн кеңири катышуусун да талап кылышы мүмкүн. Мындай Кеңештин мүчөлөрү — судья болобу же судья эмес болобу — активдүү саясатчылар, парламенттин, аткаруу бийлигинин же администрациянын мүчөлөрү болбошу керек.

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасында судьялар тарабынан этика жана тартиптик нормалардын сакталышын көзөмөлдөгөн адистештирилген көз карандысыз органды түзүүгө түрткү болгон бурулуш учур — 2012-жылдын 8-августундагы №147 Президенттин "Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өркүндөтүү чаралары жөнүндө" Указы болгон[98]. Бул Указда Судьялар кеңешинен өзүнчө, тартиптик маселелер боюнча көз карандысыз орган — тартиптик комиссияларды түзүү каралган. Комиссиялардын курамында судьялар (жарымынан көбү) жана жарандык коомдун өкүлдөрү (жарымынан азы) болушу керектиги белгиленген.

2014-жылы судьялардын тартиптик жоопкерчилиги жаатындагы нормативдик-укуктук базаны өзгөртүү боюнча мыйзам долбоорлорунун топтому иштелип чыккан. Анын ичинде

[96] Караңыз. Venice Commission, Opinion on the Draft Act Amending the Act on the National Council of the Judiciary, on the Draft Act Amending the Act on the Supreme Court proposed by the President of Poland and on the Act on the Organisation of Ordinary Courts, adopted at its 113th Plenary Session (Venice, 8-9 December 2017, CDL-AD(2017)031)

[97] Европалык судьялар статуту жөнүндө хартия. Европа Кеңешинин Юридикалык маселелер департаменти, 1998-жылдын 8–10-июлу, DAJ/DOC (98)23.

[98] Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 "Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өркүндөтүү чаралары жөнүндө" Указы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/61388/edition/1061251/ru

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө"[99] Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу мыйзам долбоору да бар болчу. Бул долбоор тартиптик комиссиянын курамында жарандык коомдун өкүлдөрү жарымын түзүшү керектигин караган.

Венеция комиссиясынын 2014-жылдын 13-14-июнундагы Кыргыз Республикасынын судьялардын тартиптик жоопкерчилиги жаатындагы мыйзамдык базаны өзгөртүү долбоору боюнча корутундусунда төмөнкүлөр белгиленген: *"Мындай курам колдоого арзыйт, анткени ал комиссиянын ишинин ачык-айкындуулугун камсыздоого жана тартиптик териштирүүлөргө коомчулуктун катышуусуна өбөлгө түзөт, ошондой эле судьялар арасындагы корпоратизмдин алдын алууга жардам берет. Мындан тышкары, Конституциялык мыйзамдын 29-1-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Тартиптик комиссиянын курамына Судьялар кеңешинин, Судьяларды тандоо кеңешинин мүчөлөрү жана Жогорку Кеңештин депутаттары кирбеши керек, бул дагы көз карандысыздык жана бейтараптыкты камсыздоонун дагы бир кепилдиги болуп саналат жана позитивдүү жаңылык катары бааланат"*[100]. Мыйзам долбооруна ылайык, тартиптик комиссияга жарандык сектордон талапкерлер окуу жана илимий мекемелерден, адвокатурадан жана башка коммерциялык эмес уюмдардан (саясий партиялардан тышкары) үчү кулак аркылуу сунушталышы керек болчу. Венеция комиссиясы талапкерлерди тандоону ак ниеттүүлүк, кесипкөйлүк жана ачыктык принциптеринин негизинде өткөрүүнү сунуштаган. Бирок, мыйзам долбоорунун баштапкы концепциясы да, Венеция комиссиясынын сунуштары да кийинки мыйзам чыгаруу актыларында тийиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес.

2016-жылдагы Конституциялык өзгөртүүлөргө ылайык[101], Тартиптик комиссия (ТК) конституциялык-укуктук макамга ээ болгон жана 2017-жылы "Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жөнүндө" Мыйзам кабыл алынган.[102] Бул Мыйзамга ылайык, ТК Конституцияга ылайык түзүлгөн көз карандысыз коллегиалдуу орган катары таанылган. ТКнын курамы Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши тарабынан тең бөлүнүп — ар бири курамдын үчтөн бир бөлүгүн түзүп дайындалган. Мыйзам чыгаруу ниетине ылайык, жарандык коомдун өкүлчүлүгүн ТКда камсыз кылуу милдети дал ушул Президент менен парламентке жүктөлгөн.

Бул жагдайда ЕККУ/ДИАУБ жана Венеция комиссиясы 2016-жылдын 14–15-октябрындагы Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоору боюнча биргелешкен корутундусунда төмөнкүлөрдү белгилешкен: *"95-берененин 9-бөлүгүндө жобосунда көрсөтүлгөндөй, Тартиптик комиссиянын (ТК) курамы аныкталат (тактап айтканда, Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши ар бири комиссиянын үчтөн бир мүчөсүн дайындайт), ошондой эле ТК Судьялар кеңешинин курамына кирет деген жобо каттылган.*

[99] «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 26-июнундагы № 94 Конституциялык Мыйзамы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/.

[100] Кыргыз Республикасындагы судьялардын дисциплинардык жоопкерчилиги чөйрөсүндөгү мыйзамдык базага өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн долбоору боюнча биргелешкен корутунду. Страсбург/Варшава, 16-июнь 2014-жыл. Венеция комиссиясынын корутундусу № 770 / 2014. ЕККУ/ДИАУБ Корутундусу № JUD-KYRG/248/2014. CDL-AD(2014)018. б. 76. URL: https://www.osce.org/files/f/documents/3/5/121132.pdf

[101] Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 Мыйзамы "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" // Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын борбордук маалымат базасы. – URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-2302/edition/1062223/ru

[102] Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы № 147 Мыйзамы "Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жөнүндө" // Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын борбордук маалымат базасы– URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-2465/edition/1260392/ru

Бирок, учурдагы Конституцияда тартиптик маселелерди кароо Судьялар кеңешинин ыйгарым укуктарына кирбейт, бул, балким, ТКнын жарым-жартылай автономдуу макамын камсыз кылуу жана Судьялар кеңешинин ага негизсиз таасир этүүсүнө жол бербөө максатында каралган. Ошол эле учурда сунушталган редакция Президент менен Жогорку Кеңештин сот тутумундагы тартиптик маселелерди чечүүдөгү ролун күчөтөт. Бул болсо, Президент жана Жогорку Кеңеш дайындаган мүчөлөр биригип, судьяларга байланыштуу тартиптик маселелерди чечүү үчүн жетиштүү көпчүлүктү түзүп калышы мүмкүн деген жагдайды жаратат. Бул сот органдарынын көз карандысыздыгы жана бийлик бутактарынын бөлүнүшү принциби боюнча тынчсызданууга негиз берет. Чынында эле, Судьялар кеңешине же тартиптик органдарга аткаруу бийлигинин же башка сырткы тараптардын көзөмөлүнөн оолак болуу зарыл. Тартиптик органды түзгөн курам анын көз карандысыздыгы менен калыстыгын аныктаган негизги фактор болуп саналат. Ушул мааниде жарандык коомдун өкүлдөрүн курамга кошуу жана коомчулуктун тартиптик процедураларга катышуусун камсыз кылуу — колдоого арзый турган кадам. Ошондуктан, тартиптик комиссиянын курамын түзүү тартибин кайра карап чыгып, мыйзам чыгаруу жана/же аткаруу бийлиги бул органга чечүүчү таасир эте албашын камсыз кылуу зарыл. Ошол эле учурда комиссияда жарандык коомдун/коомчулуктун жетиштүү өкүлчүлүгү жана анын курамы гендердик тең салмактуулукка ээ болушу керек.”[103]

2021-жылы жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин Тартиптик комиссиянын (ТК) укуктук макамына байланыштуу мыйзамдык өзгөртүүлөр киргизилген. Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө жаңы мыйзам ТКга мурдагы макамын кайтарып, аны Судьялар кеңешине баш ийген орган катары белгилеген. Натыйжада, комиссия ар кандай бийлик бутактарынын катышуусу менен түзүлгөн көз карандысыз түзүм болуудан чыгып, азыр толугу менен Судьялар корпусунун өкүлдөрүнөн турат.

Ошол эле учурда, ТК акыркы чечимдерди кабыл албайт — ал кызматтык иликтөө жүргүзүп, Судьялар кеңешине сунуштар (жыйынтыктар) даярдайт. Судьяларга карата тартиптик жоопкерчилик маселелери боюнча акыркы чечимди Судьялар кеңеши кабыл алат. ТКдан жыйынтык жана материалдар алынгандан кийин, Судьялар кеңеши аларды карап чыгып, судьяны жоопкерчиликке тартуу же тартуудан баш тартуу тууралуу чечим чыгарат.

Тартиптик комиссиянын (ТК) учурдагы макамы жана ишмердүүлүгүнүн тартиби “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзам менен аныкталат [104]. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу тартиби негизинен “Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзам менен жөнгө салынат, ал эми жергиликтүү актылар — Судьялар кеңешинин Регламенти жана Судьялар кеңеши тарабынан бекитилген ТК жөнүндө Жобо менен жөнгө салынат.

Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия (ТК) тогуз мүчөдөн турат жана алар Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасынан үч жылдык мөөнөткө шайланат. Комиссиянын

[103] Венеция комиссиясынын № 863/2016 корутундусу жана БДИПЧ ОБСЕнин № CONST-KGZ/294/2016 корутундусу — Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору боюнча биргелешкен корутунду, ал Венеция комиссиясынын 108-пленардык жыйынында (Венеция, 2016-жылдын 14–15-октябры) жактырылган, 76-пункт.URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2016)025-rus

[104]Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 13-июлундагы № 72 Мыйзамы “ Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” // Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын борбордук маалымат базасы. – URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112312/edition/1112204/ru

курамы Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилет, ошондуктан ТК аткаруу бийлигине карата көз карандысыз орган болуп саналат.

“Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамдын 16-беренесине ылайык, ТКнын курамына Конституциялык соттун, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун төрагалары менен төрага орун басарлары киргизилбейт. Мындай чектөө негиздүү, анткени ал кызыкчылыктардын кагылышын алдын алат. Сот тутумунда жетекчилик кызматтарды ээлеген адамдар тартиптик процесстерге таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн, жана алардын комиссиядагы катышуусу анын көз карандысыздыгына жана калыстыгына шек келтириши ыктымал.

Тартиптик комиссиянын төрагасы жана анын орун басары ТКнын биринчи жыйынында укуктуу курамдын көпчүлүк добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат (“Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренеси). Төрага менен орун басарды укуктуу курамдын көпчүлүк добушу менен шайлоо — демократиялык принциптерге шайкеш келет, анткени бул “жогору жактан дайындоону” болтурбай, комиссия ичинде ишенимдүү кызматташтык мамилелерин түзүүгө өбөлгө болот. Бир жылдык мөөнөт болсо, бийликти кыянат пайдалануу тобокелдигин азайтып, ТКнын жетекчилигин үзгүлтүксүз жаңылап турууга шарт түзөт. Ошол эле учурда, мыйзам кайра шайлануугa тыюу салбайт.

23-берене “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамда Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиянын (ТК СК) судьялардын тартиптик жоопкерчилиги жаатындагы негизги ыйгарым укуктарын аныктайт:

1) ТК СК судьяларга карата түшкөн даттанууларды жана арыздарды кароого ыйгарым укуктуу, бул маңызында судьяга карата даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана фактыларды кызматтык иликтөөдөн өткөрүү болуп саналат. Ошентип, ТК СК тартиптик өндүрүш тутумунда баштапкы орган катары иш алып барат.

2) Кызматтык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча ТК СК төмөнкүдөй жыйынтыктарды даярдап, Судьялар кеңешине өткөрөт:

судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуудан баш тартуу жөнүндө;

тартиптик жаза колдонуу жөнүндө;

судьяны кылмыш же башка жоопкерчиликке тартуу жөнүндө;

судьяны кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө;

судьянын жүрүм-турум талаптарын бузган учурда мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу жөнүндө.

Ошентип, Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия (ТК СК) акыркы чечимдерди кабыл албайт, ал болгону жыйынтыктарды чыгарып, аларды андан аркы кароо үчүн Судьялар кеңешине өткөрөт. Бул анын фактыларды текшерип, талдоо жүргүзгөн жардамчы орган катары ролун баса белгилейт, ал эми акыркы чечим кабыл алуу укугу Судьялар кеңешине таандык бойдон калат. Бир караганда мындай механизм (адегенде ТК, андан соң СК) тартиптик иштерди кылдат кароону камсыз кылууга жана комиссия деңгээлинде субъективдүүлүк же ката кетирүү тобокелдигин азайтууга багытталган, анткени ТКнын жыйынтыктары Судьялар кеңеши тарабынан кайра каралып, толукталышы мүмкүн.

Бирок көйгөй — ТКнын бардык мүчөлөрү ошол эле учурда Судьялар кеңешинин мүчөлөрү болуп саналат жана бул макамда алар жыйынтыкты кароого жана чечим кабыл алууга катышууга милдеттүү. Алар Судьялар кеңешинин курамында көпчүлүктү (15тен 9 мүчө) түзүшү мүмкүн. Мындай шартта Судьялар кеңешинин объективдүүлүгү тууралуу сөз кылууга болбойт. Ошондуктан, ТКнын жыйынтыгы боюнча Судьялар кеңешинин чечим кабыл алуу тартиби толугу менен кайра каралышы керек.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия Судьялар кеңешинин түзүмдүк бөлүгү болуп саналат. Тартиптик комиссия толугу менен Судьялар кеңешинин мүчөсү болгон судьялардан куралат. Мындай курам тартиптик өндүрүш процесстерине башка органдардын өкүлдөрүнүн катышуусун четтетет.
   Тартиптик комиссия судьяларга карата даттануулар боюнча кызматтык иликтөөлөрдү жүргүзүү менен тартиптик өндүрүш тутумунда баштапкы инстанциянын ролун аткарат. Тартиптик чаралар боюнча акыркы чечимдерди Судьялар кеңеши кабыл алат, башкача айтканда, комиссия толугу менен автономдуу орган эмес жана Судьялар кеңешинин жалпы юрисдикциясына баш иет. ТК СКнын курамы (9 судья) Судьялар кеңешинин жалпы курамына (15 судья) салыштырмалуу чечим кабыл алуу процессинин объективдүүлүгү жана көз карандысыздыгы жагынан тең салмактуу деп эсептелбейт. Бул жагдай ТКнын мүчөлөрү Судьялар кеңешинин курамында дээрлик үчтөн экисин түзүшү мүмкүн экендиги менен түшүндүрүлөт, бул болсо кызыкчылыктардын кагылышына алып келүү коркунучун жаратат жана бир эле адамдардын тартиптик өндүрүштүн алдын ала жана акыркы баскычтарына таасир этүүсүнө шарт түзүшү мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү максатка ылайыктуу, анда Тартиптик комиссиянын мүчөлөрү алдын ала жыйынтык чыгарган иштер боюнча чечим кабыл алуу процессинен четтетиле турган функцияларды так бөлүштүрүү механизмдери каралышы керек.
2. Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине толугу менен Судьялар кеңешинен бөлүнгөн жана сот бийлигинен көз карандысыз болгон тартиптик көз карандысыз орган түзүү маселесин кароо сунушталат. Бул орган автономдуу макамга ээ болуп, жогорку деңгээлдеги ачыктыкты жана көз карандысыздыкты камсыз кылышы керек. Мындай органдын курамына судьялардан тышкары жарандык коомдун жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрү да кириши мүмкүн.

КК 5.3. Тартиптик процедура адилет сот өндүрүшүнүн талаптарына жооп берет.

Сыпаттамасы

Тартиптик процедура адилет сот өндүрүшүнүн талаптарына жооп бериши керек. Бул, өзгөчө, судьяга каршы коюлган дооматтарга каршы жүйө келтирүү, коргоочунун кызматынан пайдаланууу жана чечимге даттануу укугун камтыйт. Судьялар жоопкерчиликке калыс чечим кабыл алуу жол-жоболору аркылуу тартылышы керек, бул ыктыярсыздыкка жол бербөөгө багытталган.Ошол эле учурда, тартиптик жана кызматтан бошотуу жол-жоболорунун колдонулушу негизги кызыкдар тараптар (жарандык коом уюмдары) тарабынан калыс деп бааланат. Тартиптик иш боюнча акыркы чечим негизделген болушу керек, ал эми судьянын ал чечимге каршы даттанууга укугу бар. (Бул боюнча караңыз: Сот органдарынын көз карандысыздыгына байланыштуу Негизги принциптердин 17–20-пункттары; судьялардын макамы жөнүндө Европалык хартиянын 5 жана 7-пункттары; Судьаларга байланыштуу

сунуштар: көз карандысыздык, натыйжалуулук жана милдеттер 66–70-пункттары; Судьялардын Магна Картасынын 19-пункту[105], Судьялардын этикасы жана жоопкерчилиги боюнча КСЕС корутундусу[106], Европа адам укуктары боюнча сотунун "Александр Волков Украинага каршы" иши боюнча 2013-жылдын 9-январындагы чечими ж.б.).

Бул жерде соттук жол-жоболор менен окшоштук, биринчи кезекте, адилет сот өндүрүшүнүн негизги стандарттары менен байланыштуу, алар БУУнун "Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө" Эл аралык пактысынын 14-беренесинде бекитилген.[107]

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Тартиптик өндүрүштү соттук жол-жобого мүмкүн болушунча жакындатууда тартиптик органдардын ишмердүүлүгүнүн принциптери негизги мааниге ээ. Мурдагы "Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жөнүндө" Мыйзамда[108]Тартиптик комиссия өз ишин көз карандысыздык, мыйзамдуулук, объективдүүлүк, адилеттүүлүк, коллегиалдуулук, тикелей кароо, ачыктык, айкындуулук, оозеки кароо, иликтөөнүн объективдүүлүгү жана тараптардын укуктук теңдиги принциптеринин негизинде жүргүзөрү так белгиленген болчу. Тилекке каршы, аталган принциптер учурдагы мыйзамдарда толук чагылдырылган эмес.

Кыргыз Республикасынын "Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө" учурдагы Мыйзамы Судьялардын өзүн-өзү башкаруусунун жалпы принциптерин белгилейт. Аларга сот бийлигинин көз карандысыздыгы, коллегиалдуулук, судьялардын макамдарынын биримдиги, ачыктык, өз алдынчалык жана уюштуруучулук жана каржылык маселелерди чечүүдөгү натыйжалуулук кирет (2-берененин 2-бөлүгү).

Ошол эле учурда, мыйзамдарда Судьялар кеңешинин жана ага караштуу Тартиптик комиссиянын өз алдынча Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары катары көз карандысыздыгынын принциби так жана даана бекитилген эмес.

Судьялар кеңешинин алдындагы Тартиптик комиссия жөнүндө жободо судьялардын көз карандысыздык принциптерин сактоо жана сот адилеттигин ишке ашырууга кийлигишпөө милдеттери боюнча өзүнчө жоболор камтылган. Бирок мындай үзүл-кесил жөнгө салуу Судьялар кеңешинин жана Тартиптик комиссиянын ишмердүүлүгүнүн принциптерин мыйзам деңгээлинде так жана толук чагылдыруу зарылдыгын жойбойт.

---

[105] Судьялардын Магна Картасы (негизги принциптер) 2010-жылдын 17-ноябрында Европа судьяларынын Консультативдик кеңеши тарабынан жактырылган.

[106] Европа судьяларынын Консультативдик кеңешинин 2002-жылдын 19-ноябрындагы № 3 Корутундусу — судьялардын кесиптик жүрүм-турумун жөнгө салган принциптер жана эрежелер, өзгөчө этикалык нормалар, кызмат ордуна туура келбеген жүрүм-турум жана калыстык маселелери жөнүндө. Мындан ары — КСЕСтин судьялардын этикасы жана жоопкерчилиги боюнча корутундусу.

[107] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт. 1966-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2200 А (XXI) токтому менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[108] Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 30-июлундагы № 210 Мыйзамы "Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө" // Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын борбордук маалымат базасы. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112312/edition/1112204/ru

Ошол эле учурда, бул органдардын ишмердүүлүгүндө принциптер негизги мааниге ээ: дал ушул принциптер стандарттарды аныктап, алардын уюштуруучулук жана жол-жоболук аспектилерин белгилейт.

Эң оболу, “Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамдын өзүндө Судьялар кеңешинин жана ага караштуу Тартиптик комиссиянын көз карандысыздыгынын принцибин түздөн-түз бекитүү зарыл. Көз карандысыздык — бул Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын өз функцияларын кандайдыр бир тышкы же ички басымдан, саясий кийлигишүүдөн же көрсөтмөлөрдөн эркин аткаруусуна кепилдик берген эркиндик катары түшүнүлүшү керек.
Практикада бул мыйзамда төмөнкүдөй жоболорду белгилөөнү талап кылат:

- Судьялар кеңешинин жана Тартиптик комиссиянын ишине кандай болбосун кийлигишүүгө түз тыюу салуу;
- Судьялар кеңешинин жана Тартиптик комиссиянын мүчөлөрү басым көрсөтүү же кийлигишүү аракеттери жөнүндө дароо кабарлоого милдеттүү болушу;
- Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын мүчөлөрүнө басым көрсөткөн адамдар үчүн жоопкерчилик белгилөө.

Мыйзамдуулук, объективдүүлүк, тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштык принциптери тартиптик өндүрүштө толук бойдон жок. Мыйзамда белгиленген процесстик нормаларга милдеттүү түрдө баш ийүү каралган эмес, ошондой эле Тартиптик комиссиянын мүчөлөрүнөн иштерди объективдүү жана калыс кароо талап кылынбайт, тартиптик өндүрүштүн бардык этаптарында тараптардын тең укуктуулугуна кепилдик берилбейт. Бул болсо эл аралык стандарттарга каршы келет, анткени алар судьяларга карата тартиптик өндүрүш соттук процесске мүмкүн болушунча жакын болушу керектигин талап кылат — анда бардык катышуучулар өз позициясын коргоо жана билдирүү укугуна бирдей ээ болушу шарт.

Ачыктык принциби формалдуу түрдө чагылдырылган (Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиянын жыйындары ачык деп эсептелет), бирок аны ишке ашыруу механизми жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес. Мыйзамда жабык жыйындарды өткөрүү үчүн так негиздер көрсөтүлгөн эмес жана Судьялар кеңешин же Тартиптик комиссияны иштерди кароо убактысы, орду жана кабыл алынган чечимдер тууралуу маалыматты жарыялоого милдеттендирген жобо жок. Ошондой эле коомчулуктун жана ЖМКлардын жыйындарга катышуусуна ачыктыкты кепилдеген нормалар да каралган эмес.

Ошентип, тартиптик өндүрүштө адилеттүүлүктү, ачыктыкты жана көз карандысыздыкты камсыз кылуу үчүн зарыл болгон негизги принциптер толук кандуу жок же жетишсиз деңгээлде бекитилген. Бул судьяларды негизсиз жоопкерчиликке тартуу коркунучун жаратат жана сот тутумуна болгон ишенимди төмөндөтөт. Мыйзамдарга мыйзамдуулук, ачыктык, атаандаштык, объективдүүлүк, өндүрүшкө катышуучулардын тең укуктуулугу жана көз карандысыздык принциптерин так жана кеңири чагылдырган жоболорду киргизүү зарыл.

Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, тартиптик өндүрүш боюнча кайрылуу субъекттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Жеке жана юридикалык жактар (кайрылуу формасы — даттануу).
- Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (кайрылуу формасы — талап).
- Соттордун төрагалары (кайрылуу формасы — талап).
- Башкы прокурор — судьяны кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү жөнүндө Судьялар кеңешине талап менен кайрылат.

- Мамлекеттик органдар — судьяга карата сот тартибинде колдонулуучу башка жоопкерчилик чараларын демилгелей алышат (кайрылуу формасы — талап).

Даттануунун предметтерине келсек, мыйзамда судьянын аракети же аракетсиздиги түздөн-түз арыз ээсинин кызыкчылыктарына таасир этиши керек деген конкреттүү талап жок экенин белгилей кетүү керек. Бул арыз берүүчү процесстин түздөн-түз катышуучусу болбогон учурларда да судьянын аракеттерине даттанууга мүмкүндүк берет. Бир жагынан алганда, мындай жобо судьялардын ишмердигине мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, бирок ошол эле учурда даттануулар укуктарды коргоо максатында эмес, судьяга кысым көрсөтүү максатында берилиши мүмкүн болгон даттануу укугунан кыянаттык менен пайдалануу коркунучун жаратат.

Франция жана Германия сыяктуу бир катар өлкөлөрдө тартиптик даттануулардын соттук териштирүү учурунда судьянын аракетинен түздөн-түз жабыркаган адамдар гана бере алышат. Ошол эле учурда, эл аралык сунуштар, анын ичинде Европа судьяларынын Консультативдик кеңешинин № 3 Корутундусу, арыздарды, айрыкча арыз ээлери түздөн-түз жабыр тартпаган учурларда, алдын ала иргөө зарылдыгын белгилейт.[109] Бул судьяларды негизсиз айыптоолордон коргоого жардам берет жана даттануу укугу менен судьянын көз карандысыздыгын коргоо ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына арыз ээсинин укуктары же кызыкчылыктары судьянын аракетинен түздөн-түз жабыркаган болушу керек деген талапты киргизүү маселесин карап чыгуу максатка ылайыктуу. Анткени тартиптик өндүрүштүн практикасы көрсөткөндөй, даттанууларды, негизинен, соттук процесстин катышуучулары өздөрү берет.

Соттордун төрагаларына Судьялар кеңешине судьяларга карата талап менен кайрылуу укугун берүү өзгөчө көйгөй жаратат. Мисалы, “Жогорку сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Конституциялык мыйзамга ылайык[110],Жогорку соттун төрагасы Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьяларынын аракетине (аракетсиздигине) байланыштуу талап менен кайрыла алат (25-берене, 9-пункт); экинчи инстанциядагы соттун төрагасы биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун судьяларына карата талап менен кайрылат (36-берене, 6-пункт); биринчи инстанциядагы соттун төрагасы — өзүнүн судьяланына карата (41-берене, 4-пункт).Мындай жоболор соттордун төрагаларына тартиптик жоопкерчиликке тартууда негизги ролду ойноого шарт түзөт. Бул жагдайда өзгөчө алсыз абалда калгандар — биринчи инстанциядагы соттор, анткени аларга карата жогорку инстанциядагы соттордун төрагалары тарабынан тартиптик өндүрүштү баштоо коркунучу үч эсе жогорулайт.

Ушуга байланыштуу, судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн сот төрагасынын тартиптик өндүрүштү демилгелөө ыйгарым укуктарын алып салуу максатка ылайыктуу. Эгерде судья эмгек тартибин же этикалык нормаларды бир нече жолу бузса, тартиптик өндүрүштү судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары, мисалы, судьялардын жыйыны

[109] ENCJ: Минималдуу соттук стандарттар V - Дисциплинардык өндүрүш жана судьялардын жоопкерчилиги, Отчет 2014-2015, б. 25. URL: https://www.encj.eu/images/stories/pdf/positions/2014-2015/Minimum_Standards_V_ENCJ.pdf

[110] Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 134 Конституциялык Мыйзамы “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” // Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын борбордук маалымат базасы. – URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112315/edition/1268677/ru

демилгелей алмак. Ал эми судья тарабынан белгилүү бир ишти кароо учурунда процессуалдык мыйзамды одоно бузган, анын билими жана көндүмдөрү судьялык ишке коюлган талаптарга олуттуу түрдө жооп бербей турганын көрсөтүп, сот бийлигине болгон ишенимди солгундата турган аракеттер аныкталса, тартиптик жоопкерчилик маселеси ошол бузуу болгон соттук процесстин катышуучуларынын кайрылуусунун негизинде гана көтөрүлүшү керек. Судьянын көз карандысыздыгы жана макамдын туруктуулугу сот төрагасынын эркине көз каранды болбошу зарыл, болбосо судья өз ишин жетекчисинин көрсөтмөлөрүнө ылайык жүргүзүүгө мажбур болгон кадимки чиновникке айланып калат.

Эл аралык стандарттар судьяларга карата тартиптик териштирүүнү баштоого ыйгарым укуктуу адамдар же органдар боюнча так көрсөтмөлөрдү камтыбайт. Айрым стандарттар жекече судьялардын жогорку жетекчиликтен көз карандысыздыгын сактоо максатында, сот тутумунун жетекчилери тартиптик маселелерде чектелген роль ойношу керек экенин белгилешет. Венеция комиссиясы сот тутумунун төрагасы өзүн көзөмөл жүргүзүүчү эмес, тескерисинче "теңдердин ичиндеги биринчи" (primus inter pares) катары кабыл алынышы керек экенин белгилеген. Ошондой эле, тартиптик териштирүүнү баштоо укуктуулугунун мыйзамдуулугун караштырганда, сот тутумунун төрагасынын башка ыйгарым укуктарын жана анын бул кызматка кандай дайындалганын (судья кесиптештеринин добушу аркылуубы же мыйзам чыгаруу же аткаруу бийлигинин чечими мененби) да эске алуу маанилүү[111]. Эгерде судьялар аткаруу бийлигинин башчысы тарабынан дайындалса, анда сот тутуму коомчулук тарабынан аткаруу бийлигинин куралы катары кабылданып калышы ыктымал. Бул судьяга жана анын чыгарган чечимдерине болгон коомдук ишенимге доо кетирип, аткаруу бийлигине байланыштуу иштер каралганда чыныгы же болжолдуу кызыкчылык жаңжалдары жаралышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 24–34-беренелерине ылайык, тартиптик өндүрүш процесси төмөнкү этаптардан турат:

1-этап – Кайрылууну киргизүү. Жарандар жана юридикалык жактар тартиптик комиссияга арыз түрүндө кайрылышат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары кайрылууларын сунуш түрүндө жөнөтүшөт. Кайрылуу жазуу жүзүндө же электрондук почта аркылуу берилүүгө тийиш, бул жарандарга жана мамлекеттик органдарга тартиптик өндүрүшкө жеткиликтүүлүктү жеңилдетет. Электрондук почта аркылуу кайрылуу жиберилсе, анда электрондук санарип кол тамга талап кылынат. Мыйзам анонимдүү кайрылууларды кабыл алууга жана карауга тыюу салат, бул кызыкдар тараптар тарабынан негизсиз айыптоолордун жана кыянатчылык учурларынын алдын алууга өбөлгө түзөт. Кайрылуу мыйзамда белгиленген реквизиттерди камтышы керек (24-берене).

[111] Мурдагы Югославия Республикасы Македония» — «Фактыларды аныктоо жана судьялардын жоопкерчилигин кароо боюнча ишти козгоо кеңеши жөнүндө Мыйзамдын күчүн жоготуу жөнүндө», «Сот тутуму жөнүндө Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» жана «Күбөлөрдү коргоо жөнүндө Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам долбоорлору боюнча корутунду, CDL-AD(2017)033, 2017-жылдын 11-декабры, 27-пунктунда сот тутумунун төрагасынын өтө кең ыйгарым укуктары бар болушу — бул ыйгарым укуктардын ар бири өзүнчө коркунучтуу болбосо да — соттордун ички көз карандысыздыгына доо кетириши мүмкүн экени айтылат. Ал эми дайындоо ыкмасына байланыштуу Венеция комиссиясы «кесиптеш судьялар тарабынан шайланган төрага — аткаруу же мыйзам чыгаруу бийлиги тарабынан дайындалган (же алардын олуттуу катышуусу менен дайындалган) төрагага караганда, судьялардын көз карандысыздыгына азыраак коркунуч жаратат» деп белгилейт. URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2017)033-e

2-этап – Кайрылууну каттоо жана алдын ала кароо. Кайрылуулар сот тутумунун катчылыгына берилет жана алар кийинки иш күнүнөн кечиктирилбестен катталууга тийиш. Андан соң, кайрылуу сот тутумунун төрагасына тапшырылат, ал кайрылууну ошол эле учурда тартиптик комиссиянын мүчөсү болгон СС мүчөсүнүн бирине берет. Бул мүчө кайрылуунун мыйзам талаптарына ылайык экенин текшерет. Сот тутуму белгилүү негиздер боюнча кайрылууларды маңыздуу кароосуз кайтарып бере алат. Бул механизм белгиленген талаптарга жооп бербеген же сот тутумунун ыйгарым укугуна кирбеген даттанууларды алдын ала чыпкалоого шарт түзөт. Мындай негиздерге төмөнкүлөр кирет: формалдуу талаптардын бузулушу, кайрылуучу тарабынан арыздын чакыртып алынуусу, тексттин окууга мүмкүн эместиги, судья тарабынан жасалган тартиптик укук бузуунун маалыматынын жоктугу, уят сөздөр же шылдыңдоо, судьянын актысына даттануу, сот тутумунун ыйгарым укугунан тышкары талаптар, жаңы жүйөлөрсүз кайталанма кайрылуулар (24–25-беренелер).

Тартиптик комиссиянын жыйынында кайрылууну кайтаруу чечими кабыл алынат, бул чечимдердин негиздүүлүгүн камсыз кылат. Мындан тышкары, мыйзам кайтаруу тууралуу чечимге жүйөөлүү түшүндүрмө берүүнү талап кылат. Эгер кайрылууда техникалык мүчүлүштүктөр (мисалы, формалдуу талаптардын бузулушу) болсо, анда арыз ээсине аларды жоюп, даттануусун кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет. Бирок кайрылуу олуттуу негиздер боюнча (мисалы, судьянын актысына даттануу же мурун ошол эле даттануу каралган учурлар) кайтарылган болсо, анда кайрылууну кайра кароого жол берилбейт.Жалпысынан кайрылууларды кайтаруу жөнүндөгү жоболор эки негизги принципке негизделет: негизсиз даттанууларды чыпкалоо жана техникалык мүчүлүштүктөрдү оңдоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу. Бул өз кезегинде тартиптик жоопкерчилик механизмдерине жеткиликтүүлүк менен судьяларды негизсиз жана сапатсыз даттануулардан коргоо ортосундагы тең салмактуулукту сактоого шарт түзөт (26-берене).

Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамында жана “Судьялар кеңешинин тартиптик комиссиясы жөнүндө” Жобосунда кайрылууну алдын ала текшерүү, кайтарып берүү чечимин кабыл алуу жана арыз ээсинин кемчиликтерди жойгондон кийинки кайрылууларды кароо боюнча так мөөнөттөр көрсөтүлгөн эмес. Мындай так мөөнөттөрдүн жоктугу кайрылуучулар үчүн белгисиздикке жана кармалууларга алып келиши мүмкүн, анткени алар өз кайрылуусуна жоопту же чечимди качан күтүүгө болоорун билишпейт. Бул ошондой эле бюрократиялык тоскоолдуктарга жол ачып, тартиптик комиссиянын ишинин натыйжалуулугуна терс таасир тийгизиши ыктымал.

Мурдагы тартипте кайрылууларды берүү жана кароо мөөнөттөрү так көрсөтүлгөн болчу: кайрылууну өткөрүп берүү үчүн 3 күн, алдын ала текшерүү үчүн 10 иш күнү, кайрылууну кабыл алуу маселеси боюнча чечим кабыл алуу үчүн 3 күн жана кайтарып берүү маселеси боюнча чечим кабыл алуу үчүн тартиптик комиссиянын жыйынын чакыруу мөөнөтү катары 5 күн белгиленген. Ошентип, мурдагы мыйзамда кайрылууларды кароонун ар бир этабы боюнча так мөөнөттөр белгиленип, процессуалдык аныктуулук камсыздалып, кармалуулардан качууга мүмкүн болгон.Азыркы жободо бул мөөнөттөр көрсөтүлбөй калгандыктан, кароо процессинин создугуусуна жана тартиптик комиссиянын ишинин натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Сот тутумунун маалыматына ылайык:

- 2023-жылы келип түшкөн кайрылуулардын жалпы саны – 760;
- 2024-жылдын тогуз айы ичинде келип түшкөн кайрылуулардын саны – 448;
- 2023–2024-жылдары сот төрагалары тарабынан жөнөтүлгөн сунуштардын жалпы саны – 4; алардын ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынан келген сунуштар – 13;

- общее количество представлений, поступивших от Генерального прокурора КР – 9 Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан жөнөтүлгөн сунуштардын жалпы саны – 9[112].

3-этап – Кайрылууну кабыл алуу жана кызматтык иликтөө жүргүзүү. Эгер кайрылууну кайтарып берүү үчүн негиздер табылбаса, анда кайрылуу кабыл алынат жана анын текшерүүсү (кызматтык иликтөө) тартиптик комиссиянын мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт. Бул мүчө арызда көрсөтүлгөн жагдайларды тактап чыгып, тартиптик эреже бузуунун бар же жок экендигин аныктоо боюнча кызматтык иликтөө жүргүзөт.

Эл аралык стандарттарга ылайык, бул этапта — арыз кабыл алынып, андан ары иликтөөгө жөнөтүлгөндө — судьяга анын үстүнөн расмий иликтөө башталганы тууралуу маалымат берилүүгө тийиш, бул ага тийиштүү реакция кылууга мүмкүнчүлүк берет[113]. Бирок талданып жаткан мыйзам бул талаптарга жооп бербейт.

Кызматтык иликтөө — судьяга карата тартиптик процесстеги эң маанилүү этап болуп эсептелет. Ал кайрылууга негиз болгон судьянын аракеттерине же аракетсиздигине байланышкан бардык жагдайларды аныктоого багытталган. Иликтөөнүн негизги максаты — тартиптик эреже бузуу болгон-болбогонун жана судьяны жоопкерчиликке тартууга негиздер бар же жок экенин аныктоо.

СК ТКнын мүчөсү иликтөө жүргүзүү процессинде далилдерди чогултуу боюнча кеңири ыйгарым укуктарга ээ. Иликтөөнүн жүрүшүндө ал судьяны суракка алып, түшүндүрмө жана башка далилдерди талап кыла алат; эгер кайрылуу белгилүү бир ишти карап жаткандагы судьянын аракеттерине байланыштуу болсо — ошол иштин материалдарын изилдөөгө укуктуу; ошондой эле соттук иштерден документтерди жана башка мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана алардын кызмат адамдарынан керектүү маалыматтарды талап кылууга акылуу. Мындан тышкары, ал күбөлөрдү суракка алып, кошумча далилдерди талап кыла алат. Зарыл болгон учурда, кайрылууну берген тараптан оозеки же жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүү талабын коюуга жана кошумча материалдарды сурап алууга укуктуу. Иликтөөнүн максаты — кайрылууга негиз болгон жагдайлардын себептерин жана шарттарын тактоого багытталган ар кандай маалыматтарды чогултуу болуп саналат (Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы, 27-берене).

Мыйзамда “*кызматтык иликтөө*” деген түшүнүктүн колдонулушу суроо жаратат. Бул термин өз маани-маңызында мурдатан эле калыптанып, мыйзам чыгаруу практикасында кеңири колдонулат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык иликтөө жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобого ылайык,[114] *“кызматтык иликтөө” — бул текшерүү болуп саналат жана анын көлөмү да, тиешелүү адамдардын чөйрөсү да мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чегинен чыкпоосу керек*. Башкача айтканда, кызматтык иликтөө (текшерүү) — бул өзүнүн кызматкерлерине карата жүргүзүлүүчү ички ведомстволук

[112]Маалымат Коомдук талдоо институтунун расмий суроо-талабына берилген расмий жооптон алынган..

[113] ENCJ: Сот адилеттигинин минималдуу стандарттары V – Тартиптик өндүрүш жана судьялардын жоопкерчилиги, 2014–2015-жылдар үчүн отчет, 36–37-баракчар URL: https://www.encj.eu/images/stories/pdf/positions/2014-2015/Minimum_Standards_V_ENCJ.pdf

[114]Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы № 356 токтому «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык иликтөөнү уюштуруу жана өткөрүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» // Кыргыз Республикасынын Нормативдик-укуктук актыларынын борбордук базасы.. – URL: https://cbd.minjust.gov.kg/158864/edition/1117594/ru

териштирүү.Ошону эске алганда, судьялардын тартиптик жоопкерчилиги боюнча механизм эл аралык стандарттарга ылайык мүмкүн болушунча соттук процедураларга жакын болушу керек, демек, мыйзамда төмөнкүдөй терминдерди колдонуу ылайыктуу болот: *“тартиптик өндүрүш”, “судьяга карата тартиптик иш”, “тартиптик териштирүү”* жана ушул сыяктуу түшүнүктөр.

Мыйзамга ылайык, тартиптик комиссиянын мүчөсү материалдарды алган күндөн тарта отуз календардык күндүн ичинде кызматтык иликтөөнү аяктоого милдеттүү. Ошол эле учурда, судьяга карата кайрылуу берилген учурдан тарта анын негиздүү себептер менен жумуш ордунда жок болгон мезгили бул мөөнөткө кирбейт.

Мыйзамдын ушул жобосу тартиптик өндүрүштүн создугуусуна шарт түзүшү мүмкүн. Мындан да маанилүүсү — судьянын жумуш ордунда болбой калышы кантип иликтөөгө тоскоол болушу мүмкүн экени так эмес. Мындан сырткары, судьянын жок болушу кандай учурларда “негиздүү себеп” деп таанылары мыйзамда так көрсөтүлгөн эмес.

Жалпысынан алганда, кайрылуу катталган күндөн тарта алты айдан кеч эмес мөөнөттө судья тартиптик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Бирок бул мөөнөткө кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн убакыт жана судьянын жок болгон мезгили кошулбайт (Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы, 27-берене).

Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу үчүн жалпы мөөнөт тартиптик эреже бузуунун жасалган күнүнөн тартып бир жылдан ашпоого тийиш. Бирок бул норма толук кандуу жана негиздүү деп эсептелбей калышы мүмкүн, анткени судьялар иликтөөнүн мөөнөтүн атайылап узартуу максатында “негиздүү себептерди” (ооруп калуу, өргүүгө чыгуу ж.б.) колдонуп кетүү ыктымалдыгы бар. Бул болсо процедуранын жасалма кармалуусуна жана ошол эле учурда тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөтүнүн өтүп кетишине алып келиши мүмкүн, ал эми мыйзам бузуу фактылары ачык-айкын болгон күндө да иш кыскартып коюлушу мүмкүн.

Жоопкерчиликке тартуу мөөнөтүн гана эмес, кайрылуу берүү мөөнөтүн да так регламенттөө маанилүү. Мисалы, тартиптик эреже бузуу жөнүндө билинген учурдан тартып үч айдын ичинде, бирок бузуу жасалган күндөн тарта бир жылдан кеч эмес мөөнөттө кайрылуу берилүүгө тийиш деген жобону киргизүүгө болот. Бул чара далилдерди чогултуу кыйын болгон абдан кечиктирилген учурларда кайрылууларды берүү мүмкүнчүлүгүн чектеп, тартиптик процесстин өз убагында жүргүзүлүшүн камсыз кылмак.

Ошондой эле, судьянын жок болушу мөөнөттөрдү узартууга негиз болуусу үчүн ал объективдүү себептер менен шартталышы керек (мисалы, ооруп калуу, өргүүдө болуу, иш сапары). Мындай себептер так документтештирилиши жана мөөнөт жагынан чектелиши абзел. Мисалы, өргүүдө болуу мөөнөтүн 30 күндөн ашык убакытка иликтөө процессин автоматтык түрдө узартууга негиз боло албайт.

Ошентип, учурдагы редакцияда аталган норма тартиптик процессти узартып жиберүүгө жана кыянат пайдаланууга шарт түзүшү мүмкүн. Кайрылуу берилген учурдан тартып иликтөө бүткөнгө жана чечим кабыл алынганга чейинки мөөнөттөрдү так регламенттөө — тартиптик өндүрүштү ачык-айкын жана адилеттүү жүргүзүүгө өбөлгө түзөт.

4-этап – Кайрылууну тартиптик комиссиянын жыйынында кароо жана чечим кабыл алуу. Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 29–30-беренелерине ылайык, кайрылуу тартиптик комиссиянын жыйынында

ачык түрдө каралат, бул ачыктыктын жана ачык-айкындуулуктун принциптерине формалдуу түрдө шайкеш келет. Жабык жыйын өткөрүү мүмкүнчүлүгү судьянын өтүнүчү боюнча гана каралат. Жабык каралышы судьянын купуялыгына же жеке маалыматтарына коркунуч жаралганда зарыл болушу мүмкүн. Бирок жыйындын жабык өткөрүлүшү так негизделип, чектелген учурлар менен гана чектелүүгө тийиш — процесстин катышуучуларынын кызыкчылыгын коргоо максатында гана.

Кайрылуу берилген судья да, кайрылууну берген адам да тартиптик комиссиянын жыйынына катышуу, түшүндүрмө берүү, иштин материалдары менен таанышуу жана өтүнүч келтирүү укугуна ээ. Бул процессуалдык адилеттүүлүктүн принциптерине туура келет жана тараптардын укуктарын тең салмакта камсыз кылат. Тараптар негиздүү себептер менен жыйынга келбей калган учурда, бул жагдай ишти кароого тоскоолдук жаратпайт.

Тартиптик комиссия өз тарабынан башка адамдарды угууга, документтерди жана башка материалдарды изилдөөгө укуктуу, муну менен ал иштин бардык жагдайларын ар тараптуу жана объективдүү кароого мүмкүнчүлүк алат. Ошондой эле, эгер материалдарда кылмыштын белгилери аныкталса, алар Башкы прокурорго өткөрүлөт, бул болсо тартиптик жоопкерчиликти жана кылмыш-жаза куугунтугун өз-өзүнчө ажыратып кароого шарт түзөт.

Жыйында отурумдун жүрүшүн чагылдырган протокол түзүлөт. Протокол тартиптик комиссиянын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлуп, тартиптик материалга тиркелет. Бирок азыркы шарттарда бул ыкма ачык-айкындуулукту камсыз кылууга жетишсиз деп эсептелет.Процессти так чагылдыруу үчүн бардык жыйындардын аудиожазуусун жүргүзүү мыйзам менен милдеттүү түрдө каралышы керек. Талкууланган бардык жагдайлар зарыл учурда анализ жүргүзүү жана даттануу үчүн сакталып калууга тийиш. Мындан тышкары, жыйынга катышкан тараптарга, ошондой эле ЖМК өкүлдөрүнө жана байкоочуларга, эгерде башка катышуучулар каршы болбосо, видеожазуу жүргүзүүгө же түз алып көрсөтүүгө уруксат берүү зарыл.

Мониторингдин жыйынтыгына ылайык, даттанууну же сунуштаманы кароо процессинде алгач тартиптик комиссиянын мүчөсү тарабынан жүргүзүлгөн кызматтык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча маалыматтык маалымкат окулат. Тартиптик комиссия аталган маалыматты угуп чыгып, сунушталган материалдарды изилдеп, кызматтык иликтөөнү жүргүзгөн комиссия мүчөсүнө суроолорду берет.

Жалпысынан алганда, тараптар (кайрылуу берген субъект жана судья) өз жүйөлөрүн жана далилдерин сунуштоодо чектелбейт. Бирок, жогоруда белгиленгендей, тараптардын тең укуктуулугун жана атаандаштыгын кепилдеген нормалар мыйзамда так жана түз белгилениши өтө маанилүү.

Укуктук жөнгө салуудагы боштуктарга төмөнкүлөр кирет: судьяга карата тартиптик иш боюнча туура кабардар кылуу тартибин жөнгө салган нормалардын жоктугу, тартиптик иштеги бардык документтер жана кызматтык иликтөөнүн материалдары менен таанышуу укугу, каалаган көлөмдө маалымат көчүрүп алуу, документтердин көчүрмөсүн алуу, каршылыктарды жана эскертүүлөрдү берүү, зарыл документтерди тиркөө жана маселеге тиешеси бар адамдарды жыйында суракка алуу жөнүндө өтүнүч келтирүү, ошондой эле четтетүү жөнүндө өтүнүч берүү укугуна ээ болуу.

Тартиптик өндүрүш козголгон судья жыйынга сөзсүз түрдө катышууга тийиштиги мыйзам деңгээлинде так белгилениши керек. Судьянын катышуусу милдеттүү болуп саналат жана тек гана анын негизсиз себептер менен, тиешелүү түрдө кабарлангандан кийин да жыйынга

келбей калган учурларда же дисциплинардык ишти анын катышуусуз кароо өтүнүчү жазма түрүндө берилгенде гана кайрылуу судьянын катышуусуз каралышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын «Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 29-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Судьялар кеңешинин алдындагы Тартиптик комиссиянын отурумдары ачык өткөрүлөт, эгерде тартиптик арыз берилген судья ишти жабык карап чыгуу жөнүндө өтүнүч келтирбесе. Ошону менен бирге, тартиптик ишти кароо процессинин ачык-айкындуулугун жана жалпыга маалымдуулугун камсыз кылган кепилдик жоболору мыйзамда каралган эмес. Мисалы, отурумдун катышуучуларына видео же аудио жаздырууга тоскоол болбогон ачык мүмкүнчүлүктөр боюнча жобо жок. Ошондой эле, тартиптик иштин кароо жүрүшүн жана анын жыйынтыгын техникалык каражаттар менен каттоону милдеттендирген жоболор да мыйзамда каралган эмес.

5-этап – Корутунду кабыл алуу. Кыргыз Республикасынын «Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, судьяга карата кайрылуу жана тартиптик материал боюнча корутунду Тартиптик комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Бирок, белгилей кетүү зарыл, мыйзамда добуштардын тең бөлүнүп калуу жагдайы жөнгө салынган эмес. Мындай учурларда, адатта, чечим комиссиянын төрагасынын добушуна таянып кабыл алынат.

Чечим кеңешүүчү бөлмөдө кабыл алынат, бул талкуу жана добуш берүү процесси жабык өтөт дегенди билдирет. Бул — комиссия мүчөлөрүнүн жеке пикирин жашыруун сактоо жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн колдонулуп келген стандарттуу практика. Ошондой эле, жыйын өтүшүн соттук териштирүү процедураларына жакындатуу максатында, чечимдин кеңешүүчү бөлмөдө кабыл алынышы логикалуу жана негиздүү деп эсептелет.

Тартиптик комиссиянын ар бир мүчөсү, эгерде корутунду менен макул эмес болсо, өзүнүн өзгөчө пикирин негиздемелери менен жазма түрүндө билдирүүгө укуктуу. Бул жагдай ар кандай көз караштардын эске алынышын жана чечим кабыл алууда объективдүүлүктү камсыз кылат. Өзгөчө пикир тартиптик иштин материалдарына тиркелет жана ал Судьялар кеңеши тарабынан ишти кийинки кароодо же даттануу учурунда эске алынышы мүмкүн.

Жамааттык чечим кабыл алуу тартиби комиссиянын кайрылууну кароого катышкан бардык мүчөлөрү, анын ичинде өзгөчө пикири бар мүчөлөр тарабынан да корутундуга кол коюу менен камсыздалат. Бул аркылуу чечимге таасир этпеген учурда да бардык пикирлер эске алынган болуп эсептелет.

6-этап – Судьялар кеңеши тарабынан чечим кабыл алуу. Кыргыз Республикасынын “Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Тартиптик комиссия судьяга карата тартиптик жоопкерчилик маселелери боюнча кароо жыйынтыктарынын негизинде Судьялар кеңешине төмөнкүдөй мазмундагы корутундулардын бирин сунуш кылат:

1) судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуудан баш тартуу жөнүндө;
2) судья тартиптик эреже бузгандыгы үчүн ага тартиптик жаза чарасын колдонуу жөнүндө;
3) судьяны сот тартибинде карала турган кылмыш жоопкерчилигине же башка жоопкерчиликке тартуу жөнүндө;
4) судьяны кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө;
5) судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу жөнүндө.

Мыйзамдын маңызынан алып караганда, Тартиптик комиссиянын корутундулары Судьялар кеңеши үчүн сунуштамалык мүнөздө гана болуп саналат. Акыркы чечимди кабыл алуудагы аныктоочу ролду дал ушул Судьялар кеңеши ойнойт. Ал судьялардын тартиптик

жоопкерчилигине тартылышы боюнча гана эмес, ошондой эле аларды кылмыш жоопкерчилигине тартуу маселелери боюнча да ыйгарым укукка ээ.

Кыргыз Республикасынын «Сот тутумунун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 32–34-беренелерине ылайык, Судьялар кеңеши судьяны кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү жана аны кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө сунуш жөнөтүү тууралуу чечим кабыл алат. Ошондой эле, Судьялар кеңеши тартиптик жаза колдонуу үчүн белгиленген мөөнөт өтүп кеткен учурда же мыйзамда каралган негиздер жок болгон учурда судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуудан баш тартуу чечимин кабыл алууга укуктуу.

Судьялар кеңеши Тартиптик комиссиянын корутундусун кароонун жыйынтыгы боюнча кабыл алган чечиминде, стандарттык реквизиттер менен катар, кызматтык иликтөөнүн негизинде аныкталган жагдайлар да көрсөтүлүүгө тийиш. Ошону менен бирге, Судьялар кеңешинин кабыл алган чечимдерин негиздөө милдетин мыйзам түрүндө ачык көрсөтүү зарыл.

Ошентип, Тартиптик комиссия кызматтык иликтөө жүргүзүп, материалдарды чогултуп, фактыларды изилдеп, жыйынтыгында Судьялар кеңешине корутунду түрүндө сунуш берет. Бул корутунду Судьялар кеңеши үчүн милдеттүү эмес, сунуштамалык мүнөзгө ээ, бирок мыйзамда бул жагдай ачык көрсөтүлгөн эмес. Судьялар кеңеши Тартиптик комиссия сунуштаган материалдардын негизинде чечим кабыл алуу ыйгарым укугуна ээ жана зарыл болгон учурда корутунду менен макул болбой, өз көз карашына таянып өзгөртүүгө да укуктуу, кылдат иликтөө жана далилдерди талдоо негизинде.Ушуга байланыштуу, мыйзамга Тартиптик комиссиянын корутундусунун сунуштамалык мүнөзгө ээ экенин так көрсөткөн өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл, бул укуктук аныктуулукту камсыздап, ыктымалдуу түшүнбөстүктөрдү четтетет.

Мыйзамда Судьялар кеңеши Тартиптик комиссиянын корутундусу менен макул болуу же андан баш тартуу укугуна ээ экендиги жана өз чечимин негиздөө милдети так көрсөтүлүшү керек. Мындай механизм Тартиптик комиссия чогулткан материалдарды текшерүү менен Судьялар кеңешинин акыркы чечим чыгаруу ыйгарым укуктарынын ортосунда тең салмактуулукту камсыздайт.

Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарында судьяларга карата тартиптик процесстин акыркы этабын жөнгө салуу боюнча олуттуу укуктук бошток байкалат. Судьялар кеңешинин мыйзамдарында жана ички актыларында акыркы чечимди кабыл алуу үчүн жыйын өткөрүүнүн тартибин жөнгө салган жоболор толугу менен жок.

Жыйын өткөрүү тартибин жөнгө салган норманын жоктугу укуктук аныктуулуктун бузулушуна алып келип, чечим кабыл алууда субъективдүүлүккө, процесстин создугушуна же ыктыярдуулукка жол ачышы мүмкүн. Иш жүзүндө, Судьялар кеңеши жыйын өткөрүү боюнча жалпы жоболорго таянып иш алып барат: жыйын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экиси катышкан учурда өткөрүлгөн деп эсептелет, чечим жыйынга катышкан мүчөлөрдүн жарымынан көбү добуш бергенде кабыл алынган деп саналат, ал эми чечимдер кеңешүүчү бөлмөдө кабыл алынат ж.б.

Бирок укуктук жөнгө салуудан тышта калып жаткан маанилүү маселелер дагы бар. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет: — Тартиптик комиссиянын корутундусу келип түшкөндөн кийин чечим кабыл алуу мөөнөтү (материалдар менен таанышууга керектүү убакытты эске алуу менен); — Жыйынга тараптардын же алардын өкүлдөрүнүн катышуусу; — Алардын түшүндүрмө берүү, далилдерди көрсөтүү, каршылыктарын билдирүү, суроолорду берүү (анын ичинде Тартиптик комиссиянын мүчөлөрүнө), өтүнүч келтирүү укуктары; — Кызматтык

иликтөөнү жүргүзгөн Тартиптик комиссиянын мүчөсүнүн же анын төрагасынын корутундуда камтылган тыянактарды жана сунуштарды жыйын учурунда расмий түрдө баяндап берүү милдети.

Негизги көйгөй — Тартиптик комиссиянын мүчөлөрү ошол эле учурда Судьялар кеңешинин да мүчөлөрү болуп эсептелет. Демек, алар өздөрү даярдаган корутундунун негизинде чечим кабыл алынуучу жыйынга катышат. Бул жагдай кызыкчылыктардын кагылышын жаратып, кабыл алынган чечимдин адилеттүүлүгүнө шек туудурушу мүмкүн. Эгер тартиптик эреже бузуу боюнча иликтөө жүргүзгөн адамдар ошол эле учурда акыркы чечимди кабыл алууга катышса, анда карапайым бейтараптуулук жана объективдүүлүк сакталбай калуу коркунучу жаралат. Алар кызматтык иликтөөнүн жүрүшүндө чыгарган өз тыянактарын тастыктоого кызыкдар болушу мүмкүн, бул болсо жалпысынан процесстин адилеттүүлүгүнө шек келтирет.

Маселе андан бетер курчуп, эгерде Тартиптик комиссиянын мүчөлөрү Судьялар кеңешинин башка мүчөлөрү жок болгондуктан көпчүлүктү түзүп калса, акыркы чечимди кабыл алууда алардын үстөмдүгү орун алышы мүмкүн. Мындай жагдайда иштин жыйынтыгы алдын ала аныкталып калуу коркунучу жаралат. Бул болсо объективдүүлүк принцибине каршы келет, анткени чечим алдын ала иликтөөгө катышкан ошол эле адамдардын пикиринин негизинде кабыл алынышы мүмкүн.

Мындай кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо максатында эл аралык стандарттар текшерүү жүргүзгөн орган менен акыркы чечим кабыл алган органды бөлүү механизмин сунуштайт. Бул ар бир этапта ишти ар башка адамдар карашын камсыздап, процедуранын объективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн жогорулатат. Киев сунуштамаларына ылайык, судьяга карата иликтөө жүргүзүүнү баштаган көз карандысыз орган акыркы чечим кабыл алуучу көз карандысыз органдан өзүнчө болушу керек, бул алардын көз карандысыздыгын камсыз кылат[115]. Венеция комиссиясы да ушул позицияны карманат, бирок бул үчүн өзүнчө институт түзүүнүн зарылдыгы жок экенин белгилейт. Анын ордуна, тартиптик өндүрүштүн баштапкы этабында *“айыптоочу”* же *“иликтөөчү”* катары катышкан адамдар кийин “судья”[116] катары чечим кабыл алуу процессине катышпоосу жетиштүү деп эсептейт. ЕСПЧ “Каменос Кипрге каршы” ишинде бир эле орган же, жок дегенде, ошол эле судьялар айып коюп, тартиптик өндүрүш жүргүзүп, андан соң кызматтан четтетүү чечимин кабыл алгандыктан, бул жагдай дисциплинардык органдын бейтараптуулугуна шек жаратканын жана Европа адам укуктары боюнча конвенциясынын 6-беренеси бузулганын белгилеген[117]. Бул принцип айрым өлкөлөрдүн мыйзамдарында да чагылдырылган — тартиптик комитеттердин мүчөлөрүнө же иликтөө жүргүзгөн адамдарга иш дисциплинардык органга өткөрүлгөндөн кийин анын кароосуна катышууга тыюу салынат.

Дагы бир олуттуу маселе — мыйзамда Тартиптик комиссиянын чечимдерин же аракеттерин Судьялар кеңешинде даттануу мүмкүнчүлүгү каралган эмес. Ал тургай, формалдуу түрдө мындай мүмкүнчүлүк бар болсо да, иш жүзүндө ал натыйжа бербей калышы мүмкүн, анткени Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү ошол эле учурда Тартиптик комиссиянын мүчөлөрү болуп саналат. Бул болсо кворумдун түзүлүшүн алардын катышуусуна көз каранды кылып, даттануунун маңызын жоготот.

Кыргыз Республикасынын "Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 36-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, эгерде Судьялар кеңеши тартиптик

[115] Караңыз: Киев сунуштары, 9-пункт

[116] ЕАУС, Каменос Кипрге каршы (Каменос против Кипра), №147/07, 31-октябрь 2017-жыл Пункттар 102–110 URL: https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-178752

[117] ЕСПЧ, Каменос Кипрге каршы, Арыз № 147/07, 2017-жылдын 31-октябрындагы сот чечими, 102-110-б.

өндүрүштүн жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттун судьясын мөөнөтүнөн мурда бошотуу чечимин кабыл алса, анда тиешелүү сунуш Президентке жөнөтүлөт

Жогорку соттун судьяларына карата Судьялар кеңеши Президентке судьялардын талапкерлигин Жогорку Кеңешке сунуштоону сунуш кылат. Алардын кызматынан бошотулушу үчүн депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу талап кылынат.

Көптөгөн конституциялык реформаларга, анын ичинде сот тутумуна байланыштуу өзгөртүүлөргө карабастан, Судьялар кеңеши, Президент жана Жогорку Кеңеш катышкан судьяларды кызматтан бошотуунун көп баскычтуу тартиби өзгөрүүсүз бойдон калууда. Ал эми Венеция комиссиясы бул механизмди кайра карап чыгууну бир нече ирет сунуштаган.”..*Жогорку соттун жана Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьяларын мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу чечимин Жогорку Кеңеш Президенттин судьялар кеңешинин тиешелүү чечиминин негизинде берилген сунушунун негизинде кабыл алат. Мунун натыйжасында судьялардын көз карандысыздыгын кепилдөө маселеси боюнча бир катар суроолор жаралат. Биринчиден, саясий органдардын, анын ичинде судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотууга байланыштуу маселелерге аралашуусу саясий таасир этүү же кийлигишүү коркунучун жаратып, соттордун көз карандысыздыгына шек келтириши мүмкүн. Экинчиден, Судьялар кеңешинин чечими Президент жана Жогорку Кеңеш үчүн милдеттүүбү же жокпу — түшүнүксүз бойдон калууда.Бишкектеги жолугушууларда практикалык турмушта Президент жана Жогорку Кеңеш ар дайым Судьялар кеңешинин сунуштары жана чечимдери менен макул экендиги айтылган. Бирок Конституцияда да, сунушталган өзгөртүүлөр долбоорунда да бул маселе боюнча өзүнчө талап жок. Ошондуктан, Президент же Жогорку Кеңеш Судьялар кеңешинин чечимине макул болбой койгон кырдаалды жокко чыгарууга болбойт, бул болсо аталган кеңештин аброюна жана көз карандысыздыгына шек келтириши мүмкүн. Андан тышкары, Конституциялык мыйзамда Соттор кеңешинин чечими Президент жана Жогорку Кеңеш үчүн милдеттүү деп ачык жазылган күндө дагы, Жогорку Кеңештеги депутаттардын үчтөн экиси бул чечимди кандайча ишке ашырышы керек экендиги бүдөмүк бойдон калууда.*”[118]

Мамлекеттик органдардын тартиптик процесстерге катышуусу эл аралык стандарттарда жактырылбаса да, айрым жагдайларда жана белгилүү бир учурларда мындай механизм тескерисинче соттордун көз карандысыздыгын камсыздоого көмөктөшө алат. Анткени бул механизм бийлик бутактарынын судьяларга карата кысым көрсөтүүсүн чектеп турууга шарт түзөт. Мисалы, судьяларды кызматтан бошотуу жараянына Президенттин, Жогорку Кеңештин жана Судьялар кеңешинин катышуусу жоопкерчиликти бөлүштүрүүгө жана кандайдыр бир тараптан болгон ыйгарым укуктарды кыянат пайдаланууга бөгөт коюуга жардам берет. Эгер ар бир орган процедуранын мыйзамдуулугун жана жазанын ылайыктуулугун өз алдынча бааласа, анда саясий басым жасоо коркунучу кыйла төмөндөйт. Мисалы, Судьялар кеңешинин чечими кийин Президент тарабынан бааланат, ал эми жогорку инстанциядагы сотторго келгенде мында дагы Жогорку Кеңеш карайт. Бул болсо сотко кошумча кепилдиктерди берет жана ыктыярсыз же негизсиз чечимдердин кабыл алынышын алдын алууга жардам берет.

Башка жагынан алганда, көп баскычтуу тутум саясий максаттарда колдонулган учурда соттордун көз карандысыздыгын чектеп коюу коркунучун жаратат. Президент же парламент тараптан болгон саясий басым Судьялар кеңешинин сотту кызматтан бошотуу чечимине

[118] Венеция комиссиясынын жана БДИПЧ ОБСЕнин биргелешкен корутундусу (№770/2014 жана JUD-KYRG/248/2014), пункт 100 URL: https://www.osce.org/files/f/documents/3/5/121132.pdf

таасир эте алышы мүмкүн, айрыкча бул органдар айрым иштердин жыйынтыгына кызыкдар болсо.

“Кыргыз Республикасынын Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 35-беремесине жана "Соттордун макамы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, эгер сотту мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу түрүндөгү тартиптик жоопкерчиликке тартуу тартиби бузулган болсо, Судьялар кеңешинин чечими сотко даттанууга жатат. Ошол эле учурда, Судьялар кеңеши тарабынан сотко карата колдонулган башка тартиптик жаза чаралары, ошондой эле Конституциялык соттун, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттун судьяларын мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу боюнча Президенттин жана Жогорку Кеңештин чечимдери сотко даттанууга жатпайт.

Кыргызстанда судьялардын тартиптик жоопкерчиликке тартылышы боюнча Судьялар кеңешинин жана башка органдардын чечимдерин даттануу мүмкүнчүлүгү тууралуу жобону талдоо — судьялардын укуктары жана сот бийлигинин көз карандысыздыгынын принциптери менен байланышкан бир нече негизги аспекттерди баалоону талап кылат. Даттануу укугу — бул соттун көз карандысыздыгын жана анын укуктарын коргоону камсыздоонун маанилүү элементи болуп эсептелет. Чечимди сот аркылуу талашуу мүмкүнчүлүгү өзүн-өзү жөнгө салган орган тарабынан кабыл алынган аракеттерге соттук көзөмөлдү камсыз кылат жана бул ыктымалдуу мыйзам бузууга бөгөт коюучу механизм болуп бере алат. Ошол эле учурда, Судьялар кеңешинин башка тартиптик жаза чаралары боюнча (мисалы, сөгүш же эскертүү) чечимдерин даттанууга чектөө коюу судьялардын көз карандысыздыгы үчүн белгилүү бир коркунучтарды жаратат. Биринчиден, мындай жобо соттук коргоого болгон абсолюттук конституциялык укукту бузуу катары бааланат. Экинчиден, тартиптик жазага байланыштуу чечимдерге тышкы саясий же ички административдик басым болушу ыктымал жана алар судьяларга кысым көрсөтүүчү инструмент катары колдонулушу мүмкүн. Мындайча айтканда, тартиптик жаза чараларына даттануу укугунун чектелиши сот бийлигинин көз карандысыздыгына олуттуу зыян келтирип, өзүм билемдикке, саясий басымга, дискриминацияга жана адилетсиз жаза колдонууга шарт түзүшү мүмкүн.

Жогорку Кеңештин жана Президенттин судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу боюнча чечимдерин судьяга даттануу мүмкүнчүлүгүн четке кагуу — бул органдардын катышуусу формалдуу мүнөздө гана болгон учурда гана негиздүү болушу мүмкүн. Бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Президент менен Жогорку Кеңештин сотту кызматтан бошотуу жараянына катышуусун формалдуу ролу менен чектебейт. Мындан тышкары, судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу мыйзамда белгиленген жол-жоболорду сактоо менен гана ишке ашырылышы керек. Мисалы, “Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндө”[119] мыйзамга ылайык, Президенттин Жогорку соттун судьясынын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу сунушу адегенде тийиштүү комитетте каралат жана бул кароого судья өзү катышууга милдеттүү. Ошондой эле, судья Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында анын кызматтан бошотулушу боюнча маселени кароого да катышууга укуктуу. Тиешелүү жол-жоболордун бузулушу же туура колдонулбашы судьяны кызматтан бошотуу жараянынын каалаган этабында соттук даттануунун предмети болушу мүмкүн жана болушу керек.

[119] "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы No 106 Мыйзамы.

Корутундулар

1. Президент жана Жогорку Кеңеш сыяктуу саясий органдар судьяларды мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу маселесинде чечүүчү ролду ойношот, бул болсо сот бийлигинин көз карандысыздыгына олуттуу коркунучтарды жаратат. Мындай абал соттук ишмердүүлүккө саясий басым жана кийлигишүү коркунучун пайда кылып, сот тутумуна болгон ишенимди солгундатып, бийлик бутактарынын бөлүнүшү принцибин бузат

2. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартууга байланыштуу колдонулуп жаткан мыйзамдардын олуттуу кемчилиги — бул көз карандысыздык принцибинин жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы жана объективдүүлүк, ачык-айкындуулук, тең укуктуулук жана атаандаштык сыяктуу принциптердин жоктугу болуп саналат. Тартиптик өндүрүштү жөнгө салуучу принциптердин мыйзам деңгээлинде бекитилбеши адилет соттук жол-жобонун талаптарына жооп бербейт.

3. Судьялар кеңешинин Тартиптик комиссиясында тартиптик материалдарды кароо тартиби судьялардын аракеттерине байланыштуу даттануулар жана сунуштар менен кайрылууга укуктуу субъекттердин кеңири чөйрөсүн караштырат. Мындай ыкма алардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, бирок ошол эле учурда даттануу укугун кыянаттык менен пайдалануу коркунучун жаратат. Анткени арыз ээсинин кызыкчылыктары судьянын аракеттери менен түздөн-түз жабыркашы керек деген талап каралган эмес.

4. Соттордун төрагаларына тартиптик териштирүүлөрдү демилгелөө укугунун берилиши судьяларга басым көрсөтүү коркунучун жаратат жана алардын көз карандысыздыгына шек келтирет. Айрыкча, төмөнкү инстанциядагы соттор өзгөчө накылай абалда калышат, анткени алар жогорку инстанциядагы соттордун төрагалары тарабынан тартиптик өндүрүштү демилгелөө коркунучуна да дуушар болушат. Мындай тутум судьяларды өз жетекчилеринин көрсөтмөлөрүнө көз каранды кылып коюшу мүмкүн, бул болсо сот бийлигинин көз карандысыздык жана адилеттүүлүк принциптерине каршы келет.

5. Судьяларды тартиптик жаза чараларын колдонуу боюнча Судьялар кеңешинин чечимдерин (мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу чечиминен тышкары) даттануу укугунан ажыратуу — алардын соттук коргоого болгон конституциялык укугун бузат жана сот бийлигинин көз карандысыздыгына коркунуч жаратат. Анткени мындай чечимдер тышкы саясий басымга дуушар болушу же судьялардын жүрүм-турумун көзөмөлдөөчү курал катары колдонулушу мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Президентке судьяларды мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу жараянына саясий органдардын (Президенттин жана Жогорку Кеңештин) катышуусун кайра карап чыгуу маанилүү болуп саналат. Бул органдардын ролу көз карандысыз соттук орган тарабынан кабыл алынган чечимди формалдуу түрдө бекитүү менен гана чектелиши керек.

2. Жогорку Кеңешке, Жогорку сотко жана Судьялар кеңешине төмөнкү чараларды көрүү максатка ылайыктуу: 1)”Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамга төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү: а) негизги принциптерди — көз карандысыздык, мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук, объективдүүлүк жана коллегиалдуулук — так жана мазмундуу түрдө мыйзамда бекитүү. Бул принциптер жөн гана тизмектелбестен, алардын маңызы да толук ачылышы керек. Ошондой эле Судьялар кеңешинин жана анын Тартиптик комиссиясынын ишине кандай болбосун кийлигишүүгө тыюу салган жоболор каралышы

зарыл. б) тартиптик өндүрүштүн ар бир этабы үчүн так мөөнөттөрдү белгилөө — создуктуруу жана атайылап кечеңдетүү учурларын болтурбоо максатында. в) тартиптик ишке катышкан тараптардын процесстик укуктарын камсыз кылган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү. Мисалы: кызматтык иликтөөнүн башталгандыгы тууралуу милдеттүү түрдө жазуу түрүндө кабарлоо; тартиптик өндүрүштүн бардык материалдары менен таанышуу укугу; тартиптик органдардын жыйынына катышуу жана өз позициясын билдирүү укугу, анын ичинде өкүл аркылуу билдирүү мүмкүнчүлүгү. г) даттануу берүү укугуна ээ адамдардын чөйрөсүн чектеген жоболорду киргизүү. Мисалы: соттук процесстин катышуучулары; судьянын аракеттеринен түздөн-түз жабыркаган адамдар; мыйзам менен ыйгарым укук берилген органдар (мисалы, адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл). д) тартиптик иштер боюнча чечимдерди жарыялоо милдетин караган өзгөртүүлөрдү киргизүү (жеке маалыматтарды коргоо талаптарын сактоо менен), ошондой эле жабык жыйындарды өткөрүүнүн негиздерин жана жол-жобосун так аныктоо. Жабык жыйын өткөрүү чечими негизделген түрдө жазуу жүзүндө чыгарылышы керек.

2) "Кыргыз Республикасынын Судьяларынын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзамына Судьялар кеңешинин мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу чечимдеринен тышкары бардык тартиптик чечимдерин да даттанууга мүмкүнчүлүк берүүчү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Ошондой эле судьяларга Жогорку Кеңештин жана Президенттин судьяны кызматтан бошотуу чечимдерин соттук тартипте даттануу укугун камсыз кылуу керек

КК 5.4. Судьяларга карата колдонулган тартиптик санкциялар пропорционалдуу болушу керек

Сыпаттамасы

Судьяларга, эреже катары, пропорционалдуу жана алдын алуучу тартиптик санкциялар колдонулат. Жарандык, кылмыш жана административдик жоопкерчиликтен иммунитеттерге байланыштуу болсо, эл аралык стандарттар алардын колдонуу чөйрөсүн судьялык функцияларды аткаруу менен гана чектөөнү талап кылат: "*Судьялык функцияларды аткаруу менен байланышкан учурлардан башка, сот жарандык, кылмыш же административдик мыйзамга ылайык, башка жарандардай эле жоопко тартылышы мүмкүн*" (***Судьяларга карата сунуштар: көз карандысыздык, натыйжалуулук жана милдеттер,*** 71-пункт)[120]; "*Судьялар кызматтык милдеттеринен тышкаркы жасалган кылмыштар үчүн жалпы мыйзамга ылайык жоопко тартылат. Судьялык функцияларды аткарууда кетирилген байкабастыктагы каталар үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралбайт*" (***Судьялардын Магна картасы***, 20-пункт).[121] Практикада, судья чыгарган чечимдер үчүн (анын ичинде туура эмес чечимдер же судьялык катачылыктар үчүн) кылмыш же административдик жаза каралбашы керек же мындай санкциялар колдонулбашы зарыл. Конституция жана мыйзамдар судьялардын кызматтык ишмердигинен тышкаркы жагдайларда кылмыш жана административдик жоопкерчиликтен өтө кеңири иммунитет карабашы керек. Ошол эле учурда, судьянын иммунитетин жоюу саясий органдын чечими менен болбошу зарыл. Прокуратурадан көз карандысыз сот тутумунун принцибине каршы келген, мисалы, атайын ыкчам-иликтөө иш-чаралары судьяга карата прокурордун санкциясы менен гана жүргүзүлөт

[120] Европа Кеңеши, Министрлер Комитети. CM/Rec(2010)12-сунуштама — соттор жөнүндө: көз карандысыздык, натыйжалуулук жана милдеттер. Бул документ Министрлер Комитети тарабынан 2010-жылдын 17-ноябрында министрлер өкүлдөрүнүн 1098-жыйынында кабыл алынган, 71-пункт. URL: https://rm.coe.int/16807096c1

[121] Соттордун Дүйнөлүк хартиясы (Соттордун Магна Картасы), Европа соттор ассоциациясынын Туруктуу комиссиясы тарабынан 2010-жылдын 17-ноябрында кабыл алынган, 20-пункт.URL: https://www.coe.int/en/web/ccje/magna-carta-of-judges

деген жобо болбойт. Бул судьянын жеке укуктарынын бузулушуна, кеңешүү бөлмөсүнүн купуялыгынын бузулушуна жана судьяга басым көрсөтүү үчүн маалыматтардын алынуусуна алып келиши мүмкүн. Иммунитетти колдонуу чөйрөсү судьялык милдеттерди аткаруу менен гана чектелиши керек. Судьянын иммунитетинен ажыратуу укугу көз карандысыз соттор органынын (Судьялар кеңешинин) ыйгарым укугунда болушу тийиш. Судьяга карата ыкчам-иликтөө иш-чараларын санкциялоо укугу прокуратурага эмес, сотко таандык болушу зарыл.

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" конституциялык мыйзамынын 31-беренесинин 4-бөлүгүндө тартиптик жаза чараларынын төмөнкү түрлөрү көрсөтүлгөн:

1) эскертүү – судьянын аракетине (аракетсиздигине) оозеки сын-пикир берүү түрүндө берилет, эскертүүнүн күчүндө болуу мөөнөтү — 6 ай;

2) сөөлөп коюу – судьянын аракетине (аракетсиздигине) жазуу жүзүндөгү сын-пикир берүү түрүндө, мөөнөтү — 9 ай;

3) сөгүш берүү – жазуу жүзүндөгү сын-пикир берилет, мөөнөтү — 12 ай;

4) судьялык кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу – өзгөчө учурларда, судьянын жүрүм-турумундагы үлгүлүүлүк талаптарын бузгандыгы үчүн тартиптик жаза чарасынын эң жогорку түрү катары колдонулушу мүмкүн.

Мыйзамда ар бир тартиптик укук бузуунун натыйжасында бир гана тартиптик жаза чарасы колдонулушу талап кылынганы оң көрүнүш. Бул чара тартиптик укук бузуунун мүнөзүн, анын жасалышынын шарттары менен кесепеттерин, күнөөнүн формасын, тартиптик укук бузууга жол берген судьянын инсандык өзгөчөлүктөрүн жана анын аракеттери (же аракетсиздиги) менен жарандардын (же юридикалык жактардын) укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын канчалык деңгээлде бузганын эске алуу менен аныкталат.

Ошону менен бирге, Мыйзамда судьянын тигил же бул аракетин квалификациялоочу жоболор жана ага ылайык келген, түрлөрү так белгиленген тартиптик жаза чаралары каралган эмес. Тартиптик санкциялардын түрлөрүнүн кеңири тизмеси алардын ачыкталган жана түшүнүктүү бөлүнүшү болбосо, Тартиптик комиссиянын ишинде бирдиктүү практиканын жок болушу сыяктуу терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Түшүнүктүүлүк үчүн эскертүү же сөгүш түрүндөгү тартиптик жаза ал жасаган тартиптик жорук анча деле маанилүү эмес болгон учурда берилиши керек. Атап айтканда, эгерде анын кесепеттери жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын олуттуу бузууга алып келбесе (мисалы, жарандын же уюмдун бузулган укуктары калыбына келтирилсе же аларды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү жоголбосо ж. Мындай критерийлердин жоктугу чечимдерди кабыл алууда ТКнын мүчөлөрүнүн ээнбаштык жана субъективдүү болушу үчүн жагымсыз шарттарды түзөт.

Өзгөчө көңүл бурууга татыктуу тартиптик жаза чарасы катары судьялык кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу каралат. Бул тартиптик жаза чарасы өзгөчө учурларда гана

колдонулушу керек. Атап айтканда, ал адилет соттуулук милдетин шалаакылык менен аткаруусунун натыйжасында судья тарабынан бир нече жолу жасалган тартип бузуулар үчүн, ага карата колдонулган башка таасир этүү чаралары мындан ары укук бузуулардын алдын алууга жетиштүү болбой калган учурларда колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле бул чара судья өзүнүн кызматтык милдеттерин же кызматтан тышкаркы иш-аракеттерин аткарууда бир эле жолу олуттуу эреже бузган учурда, бул сот бийлигинин кадыр-баркына доо кетирген, судьянын беделине зыян алып келген жана анын судья катары макамына шайкеш келбеген учурларда колдонулууга тийиш.

Ошондой болсо да, «Судьялардын макамы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамда судьянын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу түрүндөгү тартиптик жаза чарасын колдонууга байланыштуу так критерийлер дагы эле көрсөтүлгөн эмес. Албетте, мыйзам ар кандай турмуштук жагдайларды толук камтый албайт жана андай милдетти да аткарбашы керек, бирок кандай учурларда судья өз кызматын уланта албай турганын анык көрсөтүп бере турган багыт берүүчү жоболордун болушу ылайыктуу болмок. Бул чара өзгөчө учурларда гана колдонулат деген жалгыз эскертүү — судьяларды негизсиз жана ыктыярдуу кызматтан алуудан толук коргой албайт.

Демек, тартиптик жоопкерчилик чараларын натыйжалуу жана так колдонуу максатында, тартиптик укук бузуулардын (мисалы, кадимки, орой, тутумдуу ж.б.) түрлөрүн конкреттүү тартиптик жаза чараларына байланыштырып бөлүп көрсөтүүчү нормативдик критерийлерди киргизүү зарыл. Мындан тышкары, Венеция комиссиясынын сунушуна ылайык," мыйзамдын редакциясын өркүндөтүү мүмкүн — ага, өзүнчө бөлүп көрсөтүү аркылуу, пропорционалдуулук принцибин киргизүү сунушталат. Мисалы, тартиптик жаза чаралары тартиптик укук бузуунун оордугуна жараша пропорционалдуу болушу керектигин ачык белгилөө мүмкүн" (п.66)[122].

Корутундулар

1. "Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" КР Конституциялык Мыйзамында судьялардын тартиптик укук бузууларынын оордук даражасына жараша (мисалы, анча маанилүү эмес, орой, тутумдуу ж.б.) классификациясын аныктаган нормалар жок. Бул — эскертүү, жазуу түрүндөгү сын-пикир, сөгүш берүү же ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу сыяктуу тартиптик чаралар тартиптик укук бузуунун оордугуна ылайык келбей калуу коркунучун жаратат. Тартиптик укук бузуулардын ортосундагы айырмачылыктын так критерийлери болбогондуктан, Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын чечимдери ыраатсыз жана ар башка мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, окшош укук бузуулар ар кандай жоопкерчилик чараларына алып келиши мүмкүн, бул мыйзам алдында баарынын бирдейлиги жана укукту колдонуу практикасынын бирдиктүүлүгү принциптерин бузуп коюшу мүмкүн. Мындан тышкары, мыйзамда судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу чарасын колдонууга байланыштуу так багыт берүүчү жоболор жок. Бул чара өзгөчө учурларда гана колдонулушу керек деп белгиленгени менен, ал учурлардын өзү ачык аныкталган эмес. Натыйжада, судьяларды негизсиз жана адилетсиз

[122] Венеция комиссиясынын №770 / 2014 корутундусу, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунун (БДИПЧ) №JUD-KYRG/248/2014 корутундусу. Кыргыз Республикасында соттордун тартиптик жоопкерчилиги тармагындагы нормативдик-укуктук базаны өзгөртүү долбоору боюнча биргелешкен корутунду. Ал Венеция комиссиясынын 99-пленардык жыйынында (Венеция шаары, 2014-жылдын 13–14-июну) кабыл алынган, 100-пункт. URL: https://www.osce.org/files/f/documents/3/5/121132.pdf

кызматтан алуу коркунучу жаралат, бул болсо сот бийлигинин көз карандысыздыгына олуттуу коркунуч туудурат.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна Кыргыз Республикасынын “Судьялардын тутуму жөнүндө” Конституциялык мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл: 1) тартип бузуулардын түрлөрүн (мисалы, анча маанилүү эмес, орой, тутумдуу) так аныктаган нормативдик критерийлерди белгилөө. Бул жаза чараларынын адекваттуулугун камсыздап, субъективдүү чечимдердин алдын алууга шарт түзөт. 2)Өлчөмдүүлүк (соразмердүүлүк) принциптерин киргизүү. Тартиптик жаза чаралары судья тарабынан жасалган бузуунун оордугуна жараша пропорционалдуу болушу керек. Бул Тартиптик комиссиянын чечимдеринин адилеттүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыздайт. 3) Судьяны мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотуу боюнча так критерийлерди белгилөө, кокусунан кабыл алынган чечимдерге жол бербөө үчүн. Кайсы бир учурларда бузуулар судьянын кызматта калуусуна жол бербестей оор экендигин аныктаган жоболорду киргизүү зарыл.

КК 5.5. Судьяларды кызматтан бошотуу боюнча чечимдер, ошондой эле тартиптик практиканын жыйынтыктары ачык мүнөздө болот (көрсөткүч 3.3-түн караңыз, анда Судьялар кеңешинин жана Тартиптик комиссиянын ачык-айкындуулугу чагылдырылган).

Сыпаттамасы

Тартиптик практика коом үчүн ачык болууга тийиш (тартиптик иштерди маңызы боюнча кароо, жалпы эреже катары, коомдук мүнөздө өтүшү керек

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

Судьяларды жана алардын үй-бүлөлөрүн социалдык жактан коргоо (34-берене). Мыйзамда судьялар үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана дарылануга кеткен чыгымдарды компенсациялоо каралган, бул маанилүү социалдык кепилдик болуп саналат. Ошондой эле кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда жаракат алган учурда төлөмдөр каралган. Судья каза болгон же анын ыйгарым укуктары токтотулган учурда анын үй-бүлөсүнө төлөмдөр каралган, бул судьялардын үй-бүлөлөрүн социалдык жактан коргоого өбөлгө түзөт. Маанилүү жагдай катары, узак кызмат өтөгөн судьялар пенсияга кошумча жогору төлөмдөрдү алышат, бул кесипкөйлүктү жана судья кызматында узак мөөнөт иштөөнү стимулдайт.

Судьяларды мамлекеттик коргоо (35-берене). Бул беренеде судьялардын мамлекеттик коргоо чаралары баяндалган, алар судьялардын көз карандысыздыгын жана коопсуздугун камсыз кылуунун маанилүү бөлүгү болуп саналат, айрыкча мүмкүн болгон коркунучтар шартында. Жеке коопсуздукту камсыздоо, мүлктү жана турак жайды коргоо, ошондой эле башка сотко которуу мүмкүнчүлүгү — мунун баары судьяларды коргоо үчүн зарыл чаралар болуп эсептелет. Ошондой эле маанилүү жагдай — коопсуздук чаралары судьянын жакын туугандарына да жайылышы мүмкүн, бул судьянын үй-бүлөсүн комплекстүү коргоону камсыз кылат.

Жалпысынан алганда, судьялардын статусу тууралуу мыйзамдарда социалдык кепилдиктер жаатында судьяларды материалдык жана социалдык жактан коргоонун кеңири спектри каралган, бул эл аралык стандарттарга жооп берет.

Кыргыз Республикасында судьялардын эмгек акысынын шарттары Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Президент тарабынан аныкталат. Бул сот бийлиги менен кеңешүү механизми бар экенин билдиргени менен, акыркы чечимди Президент кабыл алат, ал эми бул жагдай сот тутумунун саясий басымдан көз карандысыздыгына байланыштуу тынчсыздануларды жаратышы мүмкүн.

Дагы бир көйгөй — судьялардын эмгек акысынын шарттарына байланыштуу маалыматтардын жашыруундугу. Эгерде судьялардын эмгек акысына байланыштуу маанилүү маселелерди жөнгө салган актылар “Кызматтык колдонуу үчүн” деген гриф менен жарыяланбаса, бул коомчулук менен кесиптик чөйрөнүн маалыматка жетүүсүн чектейт.

Демократиялык өлкөлөрдө соттук чечимдердин жана судьялардын иш шарттарынын ачык-айкындыгы жарандардын укуктарын камсыздоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Мындай маалыматтарга жетүүнүн чектелиши маалымат алуу укугунун ишке ашырылышына тоскоолдук кылат.

Коомдук мааниге ээ болгон маалыматтарды негизсиз жашыруу — судьяларга байланыштуу маселелерде мүмкүн болгон саясий же административдик манипуляцияларды жашыруу аракети катары кабыл алынышы мүмкүн. Бул сот тутумуна болгон ишенимди солгундатып, судьялардын иш шарттары объективдүү жана адилеттүү критерийлерге эмес, саясий эркке көз каранды деген таасир калтырышы мүмкүн.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары судьялардын материалдык жактан камсыздоонун механизмдерин, анын ичинде эмгек акыны мамлекеттик бюджеттен төлөөнү карайт, бул сот бийлигинин көз карандысыздыгынын принцибине шайкеш келет. Судьялардын эмгек акысынын шарттары Президент тарабынан аныкталгандыктан, бул чечимге саясий эркти

таасир этүү коркунучу бар, ал сот бийлигинин көз карандысыздыгын солгундатып коюшу мүмкүн. Мыйзамдарда ошондой эле судьялар үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу, дарылануга кеткен чыгымдарды компенсациялоо, каза болгон учурда үй-бүлөсүнө төлөмдөр сыяктуу социалдык кепилдиктер каралган. Бул чаралар жалпы алганда судьялардын көз карандысыздыгына оң таасир этет, аларды коргоону жана узак мөөнөт иштөөгө мотивацияны камсыз кылат. Мыйзамдарда каралган судьялардын мамлекеттик коргоо чаралары — жеке коопсуздукту камсыздоо, турак жайды коргоо, судьялардын үй-бүлөлөрүнүн коопсуздугу — судьялардын көз карандысыздыгын камсыздоонун маанилүү элементи болуп саналат.

2. Судьялардын эмгек акысынын шарттары жана соттук ишмердүүлүктүн башка маанилүү аспектилери тууралуу маалыматты жашыруу коомчулук менен кесиптик чөйрөнүн маалыматка жетүүсүн чектейт.

Сунуштамалар

1. Президентке, Жогорку Кеңешке жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине судьялардын эмгек акысынын шарттарын аныктоо процессин кайра карап чыгып, аны саясий эркке көз каранды кылбоо сунушталат. Бул үчүн эмгек акы шарттарын аныктоо боюнча ыйгарым укуктарды Судьялар кеңешине өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.

2. Президентке жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине судьялардын эмгек акысынын шарттарына байланыштуу маалыматтарды жашыруу практикасын кайра карап чыгып, аны ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптеринин алкагында коомчулукка ачык жарыялоону камсыз кылуу максатка ылайык болот.

6. Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы

8-Көрсөткүч. Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы мыйзам менен кепилденет.

8.1. Судьялардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү мыйзам менен жана иш жүзүндө кепилденет

Сыпаттамасы

Судьялардын алмаштырылгыс болушу принциби — сот тутумунун көз карандысыздыгынын негизги таянычы болуп саналат жана сот бийлигинин көз карандысыздыгына байланыштуу бардык эл аралык документтерде чагылдырылган. Мисалы, “***Сот органдарынын көз карандысыздыгына байланыштуу негизги принциптер***” 1985-жылы Милан шаарында өткөрүлгөн БУУнун Жетинчи Конгрессинде кабыл алынып, БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1985-жылдын 29-ноябрындагы №40/32 жана 13-декабрындагы №40/146 резолюциялары менен бекитилген. Бул документте төмөнкүдөй жоболор камтылган: *“… 12. дайындалган же шайланган судьялар милдеттүү пенсия курагына жеткенге же мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин кызмат ордунда калууга кепилдик алышат…18. Судьялар кызматтык милдеттерин аткарууга жөндөмсүз болгон же ээлеген кызмат ордуна ылайык келбеген жүрүм-турум көрсөткөн учурларда гана убактылуу четтетилиши же кызматтан бошотулушу мүмкүн…”*

2007-жылдын 23-августунда жарыяланган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14-беренеси («Соттор жана трибуналдар алдында теңдик жана ар бир адамдын адилет соттук териштирүүгө болгон укугу») боюнча ***№32 Жалпы тартиптеги эскертүүдө***[170] 2007-жылдын 23-августунда жарыяланган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14-беренеси («Соттор жана трибуналдар алдында теңдик жана ар бир адамдын адилет соттук териштирүүгө болгон укугу») боюнча №32 Жалпы тартиптеги эскертүүдө БУУнун Адам укуктары боюнча комитети төмөнкүлөрдү белгилеген: "*Судьялардын ыйгарым укуктары алардын адепке жатпаган жүрүм-туруму же кесиптик жөндөмсүздүгү сыяктуу олуттуу себептерге гана байланыштуу, Конституцияда же мыйзамда белгиленген объективдүүлүктү жана калыстыкты камсыз кылган адилет процедуралардын негизинде гана токтотулушу мүмкүн. Аткаруу бийлигинин органдары тарабынан, мисалы, дайындалган мөөнөтү бүтө электе, судьяларга эч кандай так себептер айтылбастан жана кызматтан бошотууга каршы даттанууга мүмкүнчүлүк берген натыйжалуу укуктук коргоо каражаттары жок шартта кызматтан бошотуу — сот бийлигинин көз карандысыздыгы принцибине каршы келет. Бул, мисалы, судьяларга карата коррупция боюнча айыптар коюлган учурда, мыйзамда белгиленген процессуалдык кепилдиктер сакталбастан аткаруу бийлиги тарабынан кызматтан бошотуу учурларына да тиешелүү...*".

2019-жылдын 24-июнунда ***Европа Биримдигинин Сотунун Чоң палатасы "Комиссия Польшага каршы***" [171](Commission v. Poland) иши боюнча чечим чыгарган. Тиешелүү эл аралык документтерге шилтеме берүү менен, Европа Соту сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыз кылууда судьялардын алмаштырылгыс болушу принциптеринин маанилүү ролу тууралуу төмөнкүдөй эскертүүлөрдү берген: *" 75. Айрыкча, судьялардын ар кандай тышкы кийлигишүүдөн же басымдан эркин болушу — өтө маанилүү ролду ойнойт жана бул үчүн талаш-тартыштарды чечүү милдети жүктөлгөн адамдарды коргой турган белгилүү кепилдиктер талап кылынат... 76.Алмаштырылгыс болушу принциби, өзгөчө, судьялар белгиленген мөөнөткө дайындалган болсо, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин же милдеттүү пенсия курагына жеткенге чейин кызмат ордунда калуусун талап кылат. Бул принцип абсолюттук мүнөзгө ээ болбосо да, ага карата өзгөчө учурларда гана, мыйзамдуу жана ынанымдуу себептерге негизделген, пропорционалдуулук принцибин сактоо менен гана четтөөлөргө жол берилет..."*

Судьялар мыйзамда белгиленген пенсия курагына чейин дайындалышы керек. Сот тутумунун алмаштырылгыс болушу иш жүзүндө камсыздалышы зарыл жана судьялар кызматынан бошотулбашы керек (атайын текшерүү же баалоо аркылуу да), эгерде бул мыйзамга жана өзгөчө учурларда объективдүү негиздерге таянбаса.

Сот органдарынын көз карандысыздыгына байланыштуу негизги принциптерде мындай деп белгиленет: *"Дайындалган же шайланган судьялар милдеттүү пенсия курагына жеткенге чейин же мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин кызмат ордунда калууга кепилдик алышат"* (10, 12-пункттар).

Өлкөдө судьялардын алмаштырылгыс болушу принциби ишке ашырылышы керек жана судьялар белгилүү бир мөөнөткө дайындалбашы зарыл

[170]Жалпы тартиптеги эскертүү №32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу. URL: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom32.html

[171] Караңыз.: https://eur-lex.europa.eu/legal-content/EN/TXT/?uri=ecli%3AECLI%3AEU%3AC%3A2019%3A531

КСЕСтин пикиринде, судьялар белгилүү бир мөөнөткө гана дайындалган өзгөчө учурларда төмөнкү эки шарт сөзсүз түрдө сакталууга тийиш:1) эгер сот өзү кааласа, аны кайра дайындоо үчүн талапкер катары дайындоочу орган карап чыгышы керек; 2) кайра дайындоо чечими толугу менен объективдүү негизде жана судьянын эмгеги менен жетишкендиктерине жараша кабыл алынышы керек, саясий себептер эч кандай эске алынбашы зарыл[172].

Кыргыз Республикасындагы макамы жана чакырыктар

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" Конституциялык мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын бардык судьялар алмаштырылгыс болуп саналат жана өз ыйгарым укуктарын Конституцияда белгиленген мөөнөттүн чегинде сактап калышат (17-берене).

Жогорку соттун судьялары жогорку курактык чектөөгө — 70 жашка — жеткенге чейин шайланат (Конституциянын 95-беренесинин 6-бөлүгү). Жергиликтүү соттордун судьялары биринчи жолу Сот адилеттиги боюнча кеңештин сунушу боюнча Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат, ал эми кийинки дайындоолор жогорку курактык чектөөгө жеткенге чейин жүргүзүлөт (Конституциянын 95-беренесинин 8-бөлүгү).

Венециандык комиссиянын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча корутундусунда мурда мындай деп белгиленген: *"Конституциянын долбоорунда жергиликтүү соттор үчүн, көрүнүп тургандай, 5 жылдык "сыноо мөөнөтү" киргизилүүдө. БДИПЧ/ОБСЕ жана Венециандык комиссия судьяларды сыноо мөөнөтү менен дайындоо сот бийлигинин көз карандысыздыгын бузушу мүмкүн экенин бир нече жолу билдиришкен, анткени бул мезгил ичинде судьяларга өмүр бою дайындалуу чечимин кабыл алууга түрткү берүүчү басым көрсөтүлүшү мүмкүн. Жалпысынан алганда, кыска мөөнөттүү, узартылууга жатпаган сыноо мөөнөтү колдонулушу мүмкүн, бирок бул мөөнөттөн кийин өмүр бою дайындоо же белгиленген мөөнөткө кызматта калуу укугу автоматтык түрдө берилиши керек. Бул эрежеден жалгыз гана өз милдеттерин аткарууда тартиптик чаралардын негизинде кызматтан алынган судьялар четтетилиши мүмкүн. Венециандык комиссия мурда мындай билдирген: эгерде сыноо мөөнөтү менен дайындоо зарыл деп эсептелсе, анда судьялардын калыстыгына шек келтире турган бардык факторлор четтетилиши керек. Мындай факторлордун эң маанилүүсү — ыйгарым укуктарды узартуу чечими көз карандысыз орган тарабынан гана кабыл алынышы керек. Беш жылдык сыноо мөөнөтү толугу менен кайра каралышы же олуттуу түрдө кыскартылышы керек, жана бул маселелер боюнча чечимдерди көз карандысыз орган гана кабыл алышы зарыл; Конституциянын долбоорундагы тиешелүү жобо кайра каралышы керек"* (88-пункт)[173]. Муну менен Венециандык комиссия судьялардын алмаштырылгыс болушу — сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыз кылуучу негизги шарттардын бири экенин баса белгилейт.

---

[172] Консультативдик Кеңештин №1 (2001) корутундусу — Европа Кеңешинин Министрлер Комитетине арналган, сот органдарынын көз карандысыздыгы жана соттордун алмаштырылгыс болушу боюнча стандарттар жөнүндө. (Сунуштама № R (94) 12 — соттордун көз карандысыздыгы, натыйжалуулугу жана ролу жөнүндө, ошондой эле Европа Кеңешинин жана башка эл аралык стандарттардын ушул тармактардагы маселелерге карата колдонулушу жөнүндө). Страсбург, 2001-жылдын 23-ноябры. CCJE (2001) OP №1. 52-пункт.https://rm.coe.int/1680747b8e

[173] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутунду. Венециандык комиссия тарабынан 2021-жылдын 19–20-мартында онлайн режимде өткөн 126-пленардык жыйында кабыл алынган. Страсбург / Варшава, 2021-жылдын 19-марты. Венециандык комиссиянын корутундусу № 1021/2021. БДИПЧ/ОБСЕнин корутундусу № CONST-KGZ/398/20214. CDL-AD(2021)007.*. п.91. URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/default.aspx?pdffile=CDL-AD(2021)007-rus

Кыргызстанда көптөгөн конституциялык реформаларга карабастан, жергиликтүү соттор үчүн баштапкы беш жылдык дайындоо мөөнөтү өзгөрүүсүз бойдон калууда. Ошол эле учурда, 2021-жылдагы конституциялык реформа учурунда жогорку судьяларга карата алмаштырылгыс болушу принциби оң жагына кайра каралып чыкты — эми алар жогорку куралтык чектөөгө жеткенге чейин дайындалат, бул жогорку инстанциядагы соттор үчүн туруктуулукту жана көз карандысыздыкты жогорураак деңгээлде камсыз кылат.

“Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын 22-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, иштеп жаткан судьялар 5 жылдык ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктагандан кийин, мөөнөт бүткөнгө чейин 80 күндөн эрте эмес жана 60 күндөн кеч эмес мөөнөттө Сот адилеттиги боюнча кеңешке жергиликтүү соттун судьясы катары кайра дайындоо жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу. Бул учурда Кеңеш арыз түшкөн күндөн тартып эки жуманын ичинде аны конкурстук тандоо тартибине ылайык карайт. Бул иш жүзүндө иштеп жаткан судья өзүнүн азыркы кызмат ордуна кайра дайындалуу үчүн конкурстук тандоого катышуу тууралуу арыз берип жатканын билдирет.

Иштеп жаткан судьялар үчүн сынактык тандоонун өзгөчөлүгү — сот эки этаптан турган маектешүүдөн өтөт: берилген документтерди баалоо жана кесиптик жана эрктүү сапаттарды аныктоо үчүн маектешүү. Башкача айтканда, иштеп жаткан судьялар компьютердик тестирлөөдөн жана жазуу түрүндөгү тапшырмадан өтүшпөйт.

Иштеп жаткан судья кайра дайындалуу үчүн зарыл болгон 45 упайлык босогодон өткөн күндө да, анын талапкерлигин Президентке сунуштоо же сунуштабоо чечими Сот адилеттиги боюнча кеңеш тарабынан жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Эгер добуштар тең чыкса, төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат. Бул жерде маселе жаралат: судьялык кызматка талапкер зарыл болгон баллдарды топтогонуна карабастан, кайра дайындоо маселеси добуш берүүгө коюлат. Мындай тартип акыркы чечимдин объективдүүлүгүнө байланыштуу суроолорду жаратат. Иш жүзүндө, судья зарыл болгон баллдарды топтосо да, анын тагдыры Сот адилеттиги боюнча кеңештин колунда калат, ал жөнөкөй көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алат. Бул субъективдүү факторлорго же жеке артыкчылыктарга орун калтырып коюшу мүмкүн, бул болсо талапкерлерди тең жана адилет тандоо принцибин гана бузбастан, судьялардын алмаштырылгыс болушу принциптерине да олуттуу зыян келтирет..

Венециандык комиссия Кыргыз Республикасынын “Судьяларды тандоо боюнча кеңеш жөнүндө” мыйзам долбоору боюнча 2011-жылдын 17–18-июнундагы корутундусунун 46–47-пункттарында мурдагы мыйзамдагы ушул сыяктуу беренеге байланыштуу төмөнкүлөрдү белгилеген*: “17.5-беренеде «конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча Кеңеш ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүү өткөрөт жана Жогорку соттун, Конституциялык палатанын, жергиликтүү соттун судьялык кызматына талапкерлерди сунуштоо жөнүндө чечим кабыл алат» деп көрсөтүлгөн. Бул беренеде бири-бирине карама-каршы келген эки жобо бар. Биринчи бөлүгүндө талапкерлерди тандоо «конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча...» жүргүзүлүшү керектиги айтылат, бул болсо талапкерлерди конкурстун жыйынтыгы боюнча объективдүү критерийлерге ылайык тандоо дегенди билдирет. Бирок экинчи бөлүгүндө Кеңеш «...ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүү өткөрөт» деп айтылат, мында Кеңештин мүчөлөрү объективдүүлүк критерийлерине баш ийбейт. Эгер тандоо объективдүү жана конкурстук негизде жүргүзүлсө, анда ачык добуш берүүнүн зарылдыгы жок, анткени мындай учурда объективдүү жыйынтыктар эске алынбай калышы мүмкүн. Эгерде добуш берүү формалдуу түрдө, тандоо процедурасынын жыйынтыгын бекитүү максатында гана өткөрүлсө, анда эч кандай маселе жаралмак*

эмес. Бирок Кеңеш ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүү өткөрөт жана «макул» деген добуш алган талапкерлер судья болуп дайындалуу үчүн сунушталат. Мындай система шартында конкурстук тандоонун жыйынтыктары маанисин жоготот, анткени мыйзам Кеңешти конкурстук тандоодо эң көп упай алган талапкерди сунуштоого милдеттендирбейт. Бул болсо судьялык кызматка объективдүү критерийлер боюнча татыктуу деп табылган эмес, тескерисинче Кеңеш мүчөлөрүнүн жеке жактыруусуна ээ болгон адамдар сунушталышы мүмкүн деген реалдуу коркунучту жаратат"[174].

Эгер иштеп жаткан судьянын талапкерлиги жергиликтүү соттун судьясы катары дайындоого сунушталбаса, анда бош турган кызмат ордуна конкурс жарыяланат. Беш жылдык кызмат мөөнөтү аяктагандан кийин тандоодон өтпөй калган сот башка бош кызмат орундарына жарыяланган конкурстарга талапкер катары катышууга укуктуу, бирок бул укук анын талапкерлиги четке кагылган күндөн тартып бир жылдан эрте эмес ишке ашырылышы мүмкүн (Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" Конституциялык мыйзамынын 22-беренесинин 4-бөлүгү).

Тактап айтканда, жогоруда сүрөттөлгөн процедураны толук кандуу конкурс деп атоо кыйын, анткени иштеп жаткан судья өзүнүн кызмат ордуна жалгыз талапкер болуп саналат. Бул процедураны кайра аттестациялоо деп да болбойт, анткени Сот адилеттиги боюнча кеңеш иштеп жаткан судьялар үчүн өзгөчө баалоо критерийлерин колдонбойт. Ошондой эле бул процедураны ыйгарым укуктарды узартуу деп да атоого болбойт, анткени конкурстан кийин Кеңеш добуш берүү өткөрөт, ал эми дайындоо боюнча акыркы чечимди Президент кабыл алат.

Жогоруда белгиленгендей, мыйзам иштеп жаткан жергиликтүү соттор менен маектешүү өткөрүүдө алардын ишмердүүлүгүнүн сапаты боюнча акыркы кесиптик баалоонун жыйынтыктарын эске алууну милдеттендирет. Жергиликтүү соттордун кесиптик баалоодон өтүү тартиби мыйзам деңгээлинде биринчи жолу 2024-жылдын июль айында бекитилген. Буга чейин бул тартип 2023-жылдын 31-мартында Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген "Жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүнүн сапатын кесиптик баалоо тартиби жөнүндө жобо" менен гана жөнгө салынган.[175]

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө" Конституциялык мыйзамынын 4-бөлүмүндөгү мыйзамдык жаңылыктарга ылайык, мындай баалоо ар 4 жыл сайын Жергиликтүү соттордун судьяларынын кесиптик ишмердүүлүгүн баалоо боюнча комиссия (мындан ары — Баалоо комиссиясы) тарабынан жүргүзүлөт.

Профессионалдык ишмердүүлүктү баалоо тартиби жөнүндө жобонун 5.3-пунктунда белгиленгендей, беш жылдык мөөнөткө дайындалган жергиликтүү судьялар кесиптик баалоодо 85 баллдан жогору жыйынтык алышса, алар Сот адилеттиги боюнча кеңеш тарабынан Президентке жогорку куралтык чектөөгө чейин судья болуп дайындалууга сунушталышы мүмкүн — маектешүү процедурасынан өтпөстөн.[176]Маселе мына ушунда:

[174]Кыргыз Республикасынын судьяларды тандоо боюнча кеңеши жөнүндө" мыйзам долбоору боюнча корутунду. Венеция шаарында 2011-жылдын 17–18-июнунда өткөн Венеция Комиссиясынын 87-пленардык жыйынында кабыл алынган. Демократия аркылуу укук боюнча Европа Комиссиясы (Венеция Комиссиясы). Страсбург, 2011-жылдын 20-июну. Корутунду № 624 / 2011. CDL-AD(2011)019. URL: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2011)019-rus

[175] Кыргыз Республикасынын судьяларынын ишмердүүлүгүнүн сапатын кесиптик баалоону жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо. Судьялар кеңешинин чечими менен 2023-жылдын 31-мартында бекитилген. URL: https://admin-kenesh.sot.kg/public/sites/25/2023/05/Polozhenie-o-poryadke-provedeniya-professionalnoj-otsenki-kachestva-deyatelnosti-sudej-Kyrgyzskoj-Respubliki.pdf

[176] Ошол эле жерде

кесиптик баалоонун жыйынтыгынын негизинде маектешүүсүз сунуштоо жөнүндө норма мыйзам деңгээлинде бекитилген эмес. Тескерисинче, мыйзам иштеп жаткан судьялар үчүн конкурстук тандоодон өтүүнү милдеттендирет. Мындай учурда Конституциялык мыйзам менен локалдык акттын ортосундагы коллизия Судьялар кеңешинин ыйгарым укуктарынан ашып кетүү катары жана Сот адилеттиги боюнча кеңештин ыйгарым укуктарына негизсиз кийлигишүү катары каралышы керек.

Мындан тышкары, судьяларды дайындоо же алардын ыйгарым укуктарын узартуу тартиби мыйзамга гана негизделүүгө тийиш, ал эми ички жоболорго эмес. Бул судьянын макамын туруктуу жана корголгон абалда сактоого кепилдик берет. Ошондой эле, “мүмкүн” деген сөз аракетке милдеттендирбестен, жөн гана ыктымалдуулукту билдирерин эске алуу керек. Бул болсо, кесиптик баалоонун критерийлерине жооп берген учурда да судьялар чындап эле сунушталабы же жокпу деген белгисиздикти жаратат. Мониторинг жүргүзүү учурунда судьялар кесиптик баалоонун жыйынтыгынын негизинде дайындалган учурлар катталган эмес.

Ошентип, беш жылдык мөөнөткө дайындалган судьянын макамында эл аралык стандарттардын талаптарына байланыштуу белгисиздик бар. Эл аралык сот адилеттигинин көз карандысыздыгы боюнча стандарттарга ылайык, Кыргызстанда судьялык кызматындагы беш жылдык мөөнөт толук кандуу сыноо мөөнөтү катары каралышы мүмкүн эмес. Эл аралык практикада судьялар үчүн сыноо мөөнөтү, адатта, 1 жылдан 3 жылга чейин созулат, андан кийин сот кесиптик көрсөткүчтөрдүн негизинде — чечимдердин сапаты жана тартиптик бузуулардын жоктугу сыяктуу критерийлер боюнча объективдүү баалоодон өтөт. Маанилүүсү — сыноо мөөнөтү аяктагандан кийин кайрадан конкурстук тандоо же добуш берүү өткөрүлбөйт. Судьянын ыйгарым укуктарын улантуу чечими көз карандысыз органдар тарабынан баалоонун жыйынтыктарынын негизинде кабыл алынат, бул болсо тышкы басымдын жана саясий кийлигишүүнүн коркунучун минималдаштырат. Германия, Франция, Испания, Грузия жана Италия сыяктуу өлкөлөрдүн мисалдары көрсөтүп тургандай, сыноо мөөнөтүн ийгиликтүү аяктагандан кийин автоматтык түрдө өмүр бою же узак мөөнөткө дайындоо судьялардын көз карандысыздыгын камсыздоонун маанилүү механизми болуп саналат.

Кыргызстанда, тескерисинче, беш жылдык мөөнөт конкурстук негизде дайындалат жана бул мөөнөт аяктагандан кийин сот өзүнүн эле кызмат ордуна кайрадан конкурстук тандоодон өтүүгө жана Президент тарабынан дайындалууга милдеттүү. Бул болсо судьялардын корголушунун деңгээлин олуттуу түрдө төмөндөтөт. Мындай практика эл аралык стандарттарга туура келбейт, анткени конкурстук тандоо жана добуш берүү субъективдүү жана саясий факторлорду камтыйт, бул болсо судьялардын алмаштырылгыс болушу жана көз карандысыздыгы принциптерин бузат.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзам судьялардын алмаштырылгыс болушу принциптерин бекитет. Бирок жергиликтүү соттор баштапкы жолу беш жылдык мөөнөткө дайындалат. Туруктуу макамсыз узак мөөнөттүү ыйгарым укуктар судья өзүнүн кайра дайындалышын күтүп жаткан шартта чечим кабыл алууда басымга дуушар болушу мүмкүн болгон жагдайларды жаратат. Бул болсо судьялардын көз карандысыздыгы үчүн тобокелдиктерди жаратат.

2. Кыргызстанда иштеп жаткан сот өзүнүн баштапкы беш жылдык мөөнөтүн аяктагандан кийин, ошол эле кызмат ордуна кайра дайындалуу үчүн кайрадан конкурстук тандоодон өтүүгө милдеттүү. Ал конкурсту ийгиликтүү өтүп, талап кылынган упай чегине жетсе да, анын

талапкерлиги Сот адилеттиги боюнча кеңеш тарабынан четке кагылышы мүмкүн, анткени акыркы чечим жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Судьялык кызматка талапкерлиги жактырылган күндө да, анын ыйгарым укуктары автоматтык түрдө узартылбайт. Судья дагы бир этаптан — Президент тарабынан бекитүүдөн өтүшү керек, бул болсо кошумча белгисиздикти жана тышкы факторлорго болгон көз карандылыкты жаратат. Мындай тартип судьялардын көз карандысыздыгын камсыздоодо маанилүү болгон алмаштырылгыс болушу принцибине каршы келет.

3. Жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүнүн сапатын кесиптик баалоо тартибине ылайык, жогорку упай алган судьялар маектешүүдөн өтпөстөн ыйгарым укуктарын узартууга сунушталышы мүмкүн. Бирок мындай сунуш милдеттүү эмес жана мыйзамга каршы келет, анткени мыйзам конкурстук тандоону милдеттүү түрдө өткөрүүнү талап кылат. Бул болсо, кесиптик ишмердүүлүгү жогору бааланган судьялар үчүн да ыйгарым укуктары узартыларына ишеним болбой турган белгисиздикти жаратат.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке жана Жогорку сотко төмөнкү сунуштар берилет:

1) жергиликтүү соттордун судьяларын баштапкы беш жылдык мөөнөткө дайындоо боюнча учурдагы практиканы жокко чыгарып, аларды түздөн-түз жогорку курактык чектөөгө чейин дайындоого өтүү сунушталат. Бул учурда судьяларды тандоо процедуралары татаалдаштырылып, алардын көз карандысыздыгын жана кесипкөйлүгүн жогорку деңгээлде камсыз кылууга багытталышы керек. Дайындоонун милдеттүү шарты катары Сот адилеттигинин жогорку мектебинде кесиптик окуудан өтүү жана аттестацияны ийгиликтүү тапшыруу белгилениши зарыл. Бул дайындала турган судьялар өз милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон билимге жана көндүмдөргө ээ экенин кепилдейт. 2) Беш жылдык мөөнөттү жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылгандыктан, учурдагы мезгилде иштеп жаткан судьяларды кайра дайындоо тартибин жөнөкөйлөтүү сунушталат. Бул үчүн “Судьялардын макамы жөнүндө” Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Иштеп жаткан судьялар үчүн конкурстук тандоодон өтүүнү милдеттүү кылуунун ордуна, алардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн жогорку бааларынын негизинде жана Сот адилеттиги боюнча кеңеште кошумча добуш берүү процедураларын өткөрбөстөн, ыйгарым укуктарын автоматтык түрдө узартууну камсыз кылган ачык-айкын жана алдын ала божомолдоого мүмкүн болгон механизмди киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталат.

ЧӨЙРӨНҮ БААЛОО

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Соттордуу түзүү			
1. Аткаруу бийлиги соттордуу түзүүгө жана жоюуга таасир этпейт	1.1. Аткаруу бийлигинин судьялардын ишмердүүлүгүн токтотууга же убактылуу токтото турууга ыйгарым укугу жок	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (жалпы укуктук негиз бар, бирок соттордуу түзүү жана кайра уюштуруу тартиби так жөнгө салынган эмес). Укуктук тажрыйба да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (каалоосуз кийлигишүүлөр катталган эмес, бирок практика сот өз алдынча башкаруу органдары менен так жол-жоболор жана макулдашуулар менен бекемделген эмес).
Судьялар корпусун түзүүгө жооптуу органдар Судьяларды тандоо, дайындоо жана кызматтык карьерасы			
2.Көз карандысыз сот органы саясий органдардын катышуусуз, сот коомчулугу тарабынан түзүлөт	2.1. Көз карандысыз сот органынын (Судьяларды тандоо боюнча кеңештин) курамы саясий органдардын (Президент жана Парламент) түздөн-түз катышуусуз түзүлөт	0,5	$З^{0,5}+П^{0,5}$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (Кеңештин курамында **судьялардын** басымдуулугу менен жалпы курамы аныкталган, бирок талапкерлерди, айрыкча саясий жана жарандык коом субъекттеринен көрсөтүү тартиби так жана бирдиктүү жөнгө салынган эмес, бул болсо таасир этүү коркунучун жокко чыгарбайт). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (айрым учурларда өкүлдөр мыйзамда каралбаган же ачык-айкын эмес жол-жоболор менен дайындалат, бул болсо Кеңештин курамын түзүүдөгү объективдүүлүк менен отчеттуулукту алсыратат).

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
3. Көз карандысыз сот органы сот бийлигинин көз карандысыздыгын, ак ниеттүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылган макамга, ыйгарым укуктарга жана ишмердүүлүк тартибине ээ	3.1. Көз карандысыз сот органы (сот башкаруу органдары) мыйзамдардын негизинде түзүлгөн	1	$З^{1}$+$П^{1}$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (Соттор кеңеши Конституциянын жана атайын мыйзамдын негизинде түзүлгөн, органнын түзүмү жана макамы сот өз алдынча башкаруусунун көз карандысыздыгына коюлган талаптарга жооп берет). Укукту колдонуу тажрыйбасы да шайкештикти көрсөтөт.
	3.2. Көз карандысыз сот органының (Судьялар кеңешинин) курамы сот тутумунун адилеттүүлүгүн камсыз кылат	0,5	$З^{1}$ + $П^{0,5}$ = 0,5 Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (Соттор кеңеши мыйзамдын негизинде жана толугу менен соттордун курамынан түзүлөт, бул болсо көз карандысыздык жана өз алдынча башкаруу критерийлерине жооп берет). Укукту колдонуу тажрыйбасы эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет (биринчи инстанциядагы соттордун катышуусу чектелген, атаандаштык жок, аймактык жана гендердик тең салмаксыздык бар, ошондой эле шайлоолор формалдуу мүнөздө өтөт — бул инклюзивдүүлүк, ачык-айкындуулук жана тең өкүлчүлүк принциптерин алсыратат).
	3.3. Көз карандысыз сот органынын (Судьялар кеңешинин) жана башка сот органдарынын чечимдери ачык-айкын	0,5	$З^{0,5}$ + $П^{0,5}$= 0,5 Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (ачык-айкындуулук принциби формалдуу түрдө бекитилген, бирок чечимдердин ачыктыгы жана коомчулукка жеткиликтүүлүгү боюнча так жол-жоболор жана талаптар жок). Укукту колдонуу тажрыйбасы ачык-айкындуулук принциптеринин ишке ашырылышын камсыздабайт (Судьялар кеңешинин чечимдери жарыяланбайт, коомчулук менен ЖМКларга жеткилик чектелген, тартиптик иштерди ачык кароо иш

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			жүзүндө колдонулбайт, расмий сайтта негизги маалыматтар жетишсиз).
4. Судьяларды дайындоо, кызматтык көтөрүлүү жана кызматтан бошотуу эмгек сиңирген жетишкендиктердин негизинде жүргүзүлөт жана бул процесстер аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинин чектелген таасири менен сот бийлиги тарабынан ишке ашырылат	4.1. Көз карандысыз сот органы (Судьялар кеңеши) судьяларды дайындоо жана кызматтан бошотууда чечүүчү ролду ойнойт, ал эми аткаруу (Президент) жана/же мыйзам чыгаруу (Жогорку Кеңеш) бийлиги сот органының кабыл алган чечимдери менен чектелет	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (конкурстук жол-жоболор жана бир нече органдын катышуусу формалдуу түрдө бекитилген, бирок бейтараптуулукту жана жашыруун добуш берүүнү камсыз кылган тийиштүү кепилдиктер жок). Укукту колдонуу тажрыйбасы көз карандысыздык жана объективдүүлүк принциптеринин толук ишке ашырылышын камсыздабайт (айрым талапкерлердин саясий себептер менен четке кагылышы, формалдуу эмес жол-жоболордун колдонулушу, Сот адилеттиги боюнча кеңештин ролунун олуттуу түрдө алсырашына алып келет).
	4.2. Дайындоо жана кызматтык көтөрүлүү эмгек сиңирген жетишкендиктерге жана мыйзамда бекитилген атаандаштык жол-жоболордун негизинде жүргүзүлөт	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (тандоо жол-жоболору формалдуу түрдө конкурстук элементтерди камтыйт, бирок туугандардын аракеттерине байланыштуу чектөөлөрдүн болушу жеке жоопкерчилик принцибине каршы келет жана дискриминацияга жол бербөө жагынан тынчсызданууу жаратат). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (көп баскычтуу жол-жоболор жана конкурс колдонулат, бирок талапкерлердин кесиптик жана жеке сапаттарын баалоонун натыйжалуулугу чектелүү бойдон калууда, айрыкча маектешүү этабында жана жогорку инстанциядагы судьяларды тандоодо).
	4.3. Судьяларды тандоо жана кызматтык көтөрүлүү	0,5	$З^{1} + П^{0,5} = 0,5$

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
	этаптары ачык-айкын жана ачык жүргүзүлөт		Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин чечимдерин жарыялоо милдеттүүлүгүн жана ачык-айкындуулук талаптарын камтыйт). Бирок укукту колдонуу тажрыйбасы бул талаптардын ишке ашырылышын камсыздабайт (маалыматтар кыскартылган түрдө жарыяланат, негизги чечимдер жана отчеттуулук боюнча маалыматтар жетишсиз, бул коомдук көзөмөлдү чектеп, ишенимди төмөндөтөт).
	4.4. Судьялардын өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган соттук бирикме (Судьялардын өзүн-өзү башкаруу органы) бар	0,5	$З^{1} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (Судьялардын өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн кесиптик ассоциацияларга биригүү укугун кепилдейт). Бирок укукту колдонуу тажрыйбасы бул укуктун активдүү ишке ашырылышын толук камсыздабайт (иштеп жаткан Судьялар ассоциациясы бар, бирок анын өкүлчүлүк жана коргоо функциялары жетиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес).
	4.5. Судьялар үчүн окуу жайлар судьяларды тандоо жол-жобосунун бир бөлүгү болуп саналат жана аткаруу бийлигинен көз карандысыз иштешет	0,5	$З^{0,5} + П^{1} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (Сот адилеттигинин жогорку мектеби формалдуу көз карандысыз макамга ээ, бирок аткаруу бийлигинен каржылык көз карандылык сакталып турат, бул болсо соттук билим берүү тутумунун институционалдык автономиясын чектейт). Укукту колдонуу тажрыйбасы толук шайкештикти көрсөтөт (окуу программалары актуалдуу, үзгүлтүксүз жаңыртылып турат жана соттор менен сот аппаратынын кызматкерлерин даярдоонун эл аралык стандарттарына жооп берет).

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Судьялардын жоопкерчилиги жана кызматтан бошотуу (же кызматтан убактылуу четтетүү) үчүн негиздер.			
5. Судьяларды кызматтан бошотуу жана жоопкерчиликке тартуу жол-жобосу анын бейтараптуулугун, адилеттүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылат	5.1. Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу үчүн негиздер мыйзамда так аныкталган жана укуктук белгисиздикке жол бербейт	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (тартиптик жоопкерчиликке тартуунун негизги себептери белгиленген, бирок баалоочу мүнөздөгү формулировкалардын болушу жана этикалык менен тартиптик бузуулардын ортосундагы айырмачылыктын жоктугу укуктук аныктуулук принцибин алсыратат). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (нормаларды ар түрдүү чечмелөөгө мүмкүнчүлүк берилиши жана тартиптик менен этикалык жоопкерчиликтин ортосунда так чек аранын жоктугу таасир этүү чараларынын ыраатсыз колдонулушуна алып келет).
	5.2. Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу көз карандысыз орган тарабынан ишке ашырылат	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (Тартип комиссиясы формалдуу түрдө түзүлгөн жана иш алып барат, бирок анын курамы тийиштүү деңгээлдеги көз карандысыздыкты камсыздабайт жана тышкы өкүлдөрдүн катышуусун четтетет, бул болсо объективдүүлүк жана бейтараптуулук принциптерине каршы келет). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (бир эле адамдар тартиптик иштерди кароонун ар кандай этаптарына катышуусу мүмкүн, бул кызыкчылыктардын кагылышуу коркунучун жаратат жана жол-жобого болгон ишенимди алсыратат).
	5.3. Тартиптик жол-жобо адилеттүү сот өндүрүшүнүн талаптарына жооп берет	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар **судьяларды** тартиптик жоопкерчилиги жаатында эл аралык стандарттарды жарым-жартылай чагылдырат, бирок объективдүүлүк, тараптардын тең укуктуулугу жана ачык-айкындуулук принциптери

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			түздөн-түз бекитилген эмес. Судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотуу жол-жоболоруна саясий органдардын катышуусу сот бийлигинин институционалдык көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында кошумча тең салмактуулукту талап кылат. Укукту колдонуу тажрыйбасы азырынча тартиптик жол-жоболордо судьялардын көз карандысыздыгын толук кепилдей албайт; даттануулар механизми аркылуу таасир этүү, сот төрагаларынын катышуусу жана даттануу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү болушу сыяктуу тобокелчиликтер сакталып турат, бул болсо жол-жоболук кепилдиктерди кошумча бекемдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт.
	5.4. Судьяларга карата тартиптик санкциялар пропорционалдуу мүнөздө болот	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (тартиптик чаралардын тизмеси бар, бирок мыйзамда бузуулардын оордугу боюнча так классификация жок, бул болсо санкциялардын алдын ала божомолдонушун жана соразмердүүлүк принципинин колдонулушун чектейт). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (жоопкерчилик чараларынын колдонулушунда бирдей эместик жана судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотуу боюнча так багыттардын жоктугу тартиптик практикада бирдиктүүлүктү жана укуктук аныктуулукту бекемдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт).
	5.5. Судьяларды кызматтан бошотуу боюнча чечимдер, ошондой эле тартиптик практика боюнча	0	$З^{0} + П^{0} = 0$ Мыйзамдар Судьялар кеңешинин тартиптик иштер боюнча чечимдерин милдеттүү түрдө жарыялоо талабын камтыбайт, бул болсо жетиштүү деңгээлдеги ачык-айкындуулукту жана коомчулукту

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
	жыйынтыктар ачык-айкын мүнөзгө ээ		маалымдоо мүмкүнчүлүгүн камсыздабайт. Укукту колдонуу тажрыйбасы да ачыктыкты камсыздабайт: тартиптик териштирүүлөр боюнча маалыматтар расмий ресурста жок, бул коомдук көзөмөл мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, тутумга болгон ишенимди төмөндөтөт.
	5.6. Судьяны кылмыш жасагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу Башкы прокурордун сунуштамасынын негизинде жүргүзүлөт жана ал Судьялар кеңешинин жыйынында каралат	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (судьялык иммунитетти жана айып коюу үчүн Судьялар кеңешинин макулдугунун зарылдыгын карайт, бирок процессуалдык аракеттердин алдын ала этаптарында кошумча кепилдиктерди белгилебейт). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (айып коюлгандан мурда атайын кепилдиктерсиз ыкчам-иликтөө жана тергөө аракеттерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктүн болушу судьяларга басым көрсөтүү коркунучун жогорулатат жана коргоо механизмдерин кошумча бекемдөөнү талап кылат).
Сот төрагаларынын ролу жана макамы			
6.Сот төрагалары сот бийлигинин көз карандысыздыгына таасир этпейт	6.1. Сот төрагалары судьялар тарабынан дайындалат же шайланат	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (Жогорку соттун төрагасын дайындоо боюнча көп баскычтуу жол-жобо каралган, бирок талапкерлерди көрсөтүү жана тандоо критерийлери так жөнгө салынган эмес, бул болсо жол-жобонун ачык-айкындуулугун жана алдын ала божомолдонушун чектейт). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (ачык добуш берүү практикасы жана дайындоо процессине аткаруу бийлигинин таасиринин күчөшү сот тутумунун ички көз карандысыздыгынын

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			алсырашына жана саясий таасир этүү тобокелчиликтерине алып келиши мүмкүн).
	6.2. Сот төрагаларынын ыйгарым укуктары судьялардын көз карандысыздыгына таасир этпейт	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (сот төрагаларына тартип маселелери жана иштерди бөлүштүрүү боюнча кеңири ыйгарым укуктар берилген, бирок бул ыйгарым укуктарды тең салмактап туруучу механизмдер жетиштүү эмес). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (айрым соттордун көз карандысыздыгына сот төрагаларынын таасир этүү тобокелчиликтери байкалат, айрыкча тартиптик чараларды демилгелөө жана кадрдык өзгөртүүлөрдү жүргүзүү укугуна байланыштуу).
	6.3. Иштерди судьялардын ортосунда бөлүштүрүү ачык жана айкын жүргүзүлөт	1	$З^{1} + П^{1} = 1$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (иштерди автоматташтырылган бөлүштүрүү каралган жана судьялардын ишинде объективдүүлүк менен ачык-айкындуулукту камсыз кылуучу механизм катары бекитилген). Укукту колдонуу тажрыйбасы да толук шайкештикти көрсөтөт (АТБ өлкө сотторунда иштейт жана ал адилеттүүлүк, ачыктык жана сот адилеттигинин натыйжалуулугу принциптерине ылайык колдонулат).
Сот тутумун каржылоо			
7. Сот тутумун каржылоо анын институционалдык көз карандысыздыгын	7.1. Сот тутуму өзүнүн бюджети аныкталган процесске катышат	0,5	$З^{0,5} + П^{0,5} = 0,5$ Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (сот тутумунун бюджеттик процесстеги автономиясы каралган, бирок

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	**Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
жана соттордун көз карандысыздыгын камсыз кылат			каржылоонун жетиштүүлүгүн аныктаган так нормативдик критерийлер жок). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (каржылоонун көлөмү коюлган максаттарга жооп бербейт жана айрым жылдары программаларда белгиленген көрсөткүчтөрдүн жарымынан азын түзөт, бул болсо сот тутумунун институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн чектейт).
	7.2. Судьялык сый акы мыйзам менен белгиленген жана жетиштүү деңгээлде камсыздалган	0,5	$З^{1}$ + $П^{0,5}$= 0,5 Мыйзамдар эл аралык стандарттарга толук ылайык келет (соттордун туруктуу материалдык жана социалдык камсыздалышын, анын ичинде коопсуздугун жана мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылат, бул болсо сот бийлигинин көз карандысыздыгын бекемдөөгө өбөлгө түзөт). Укукту колдонуу тажрыйбасы бул кепилдиктерди ишке ашырууда ачык-айкындуулукту толук камсыздабайт (соттордун эмгек акысынын шарттары жана негизги каржылык камсыздоо аспекттери жашыруун бойдон калууда, бул коомдук көзөмөл мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, ачыктык деңгээлин төмөндөтөт).
Судьялардын кызмат ордунан бошотулбастыгы			
8. Судьялардын алмашпастыгы мыйзам тарабынан кепилденет	8.1. Судьялардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү мыйзам менен жана практикада кепилденет	0,5	$З^{0,5}$ + $П^{0,5}$= 0,5 Мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай ылайык келет (алмашкыс болуу принциби мыйзамда бекитилген, бирок баштапкы беш жылдык мөөнөт жана кайрадан конкурстук тандоодон өтүү талабы каралган, бул болсо судьялардын макамын туруктуу сактоого тоскоолдук жаратат). Укукту колдонуу тажрыйбасы да жарым-жартылай шайкештикти көрсөтөт (ыйгарым укуктарды узартуу жол-жобосу так эместиги менен айырмаланат жана бир нече органдын

2 - ЧӨЙРӨ. СОТ ТУТУМУ			
Көрсөткүч	Көзөмөлдөчүү көрсөткүчтөр	Баалоо	Баалоого комментарий
			чечимдерине көз каранды, бул болсо судьяларга басым көрсөтүүчү мүмкүн болгон фактор катары кабылданышы мүмкүн).

КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын жазык сот адилеттиги тутумуна жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары өлкөдө туруктуу институционалдык база бар экенин, ошондой эле сот бийлигинин сапаты менен көз карандысыздыгына түздөн-түз таасир этүүчү бир катар негизги компоненттерди комплекстүү кайра карап чыгуу зарылдыгын көрсөттү. Сот тутумунун негиздери Конституцияда жана тиешелүү мыйзамдарда бекитилгенине карабастан, практикалык чөйрөдө сот өндүрүшүнүн натыйжалуулугуна, ачык-айкындуулугуна жана калыстыгына таасир эте турган бир катар структуралык жана жол-жоболук чакырыктар сакталып калууда. Биринчиден, негизги чечимдердин, атап айтканда, судьяларды жана сот төрагаларынын дайындалышы менен тартиптик жоопкерчиликке байланышкан чечимдердин саясий органдардан институционалдык көз каранды болушу тынчсыздандырат. Мыйзамда каралган формалдуу механизмдер көп учурда жетишсиз айкындуулук менен ишке ашырылат, бул кесипкөй коомчулук менен жалпы коомдун ишенимин төмөндөтөт

Ошондой эле эл аралык стандарттарды колдонууда үзгүлтүккө учурагандык байкалат. Алардын көпчүлүгү мыйзамдарда бекитилгени менен, укукту колдонуу тажрыйбасында имплементациясы тандалма жана чектелген бойдон калууда. Мисалы, сот бийлигинин көз карандысыздыгынын негизги таянычы болгон судьялардын алмашкыс болуу принциби жергиликтүү судьяларды дайындоо жана кайрадан бекитүү жол-жоболорунда ыраатсыз ишке ашырылат жана олуттуу так эместиктерге, ошондой эле тышкы таасирлерге жол берет.

Мындан тышкары, сот судьяларды торду тартиптик жоопкерчиликке тартуу чөйрөсүндө тутумдук көйгөйлөр байкалууда. Аларга төмөнкүлөр кирет: тартиптик бузуулардын так айырмаланбагандыгы, тартиптик чечимдердин көбүн обжалдоого укуктун жоктугу, жол-жоболордун жетишсиз ачык-айкындуулугу, этикалык жана тартиптик бузуулардын ортосундагы чектин так аныкталбагандыгы. Бул факторлор сот бийлигинин көз карандысыздыгына терс таасирин тийгизип, адилет сот өндүрүшүнүн принциптерин бузушу мүмкүн.

Мониторингдин жыйынтыктары төмөнкү багыттар боюнча практикаларды өркүндөтүү үчүн колдонулушу мүмкүн:

Негизги жол-жоболорду нормативдик тартипке келтирүү — анын ичинде судьялардын жана сот төрагаларынын дайындалышын, тартиптик механизмдерди жана баалоо жол-жоболорун;

Соттордун өз алдынча башкаруу институттарын бекемдөө — анын ичинде Судьялар кеңешинин ролун кеңейтүү жана анын түзүлүү механизмдерин өкүлчүлүктүүлүк, регионалдык тең салмактуулук жана жыныстык теңдик принциптерин эске алуу менен реформалоо;

Соттук коомчулуктун жана тартиптик органдардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу;

Сот тутумун каржылык жана институционалдык жактан бекемдөө — анын ичинде материалдык камсыздоо, инфраструктура жана административдик автономия маселелеринде көз карандысыз иштөөсүн камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасынын жазык сот адилеттиги тутумун мындан ары терең талдоо жана туруктуу жакшыртуу максатында төмөнкү багыттар боюнча мониторингди улантуу максатка ылайыктуу деп эсептелет:

- Сот тутумун каржылык жана институционалдык жактан бекемдөө — анын ичинде материалдык камсыздоо, инфраструктура жана административдик автономия маселелеринде көз карандысыз иштөөсүн камсыз кылуу.

- Судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу кепилдиктеринин күнүмдүк сот өндүрүшүндө, анын ичинде сот төрагалары менен болгон ички мамилелерде, иш жүзүндө кандайча ишке ашырылып жатканын текшерүү;
- Кесиптик жана этикалык критерийлерди колдонуу, жарандык коомдун катышуусу, ар бир этап боюнча негизделген чечимдердин жана отчеттуулуктун болушу сыяктуу аспекттерди камтып, судьяларды тандоо жана көтөрмөлөө сапатын изилдөө;
- Чаралардын ылайыктуулугу жана алдын ала болжолдоого болуусу, иштерди кароо практикасы жана чечимдердин жеткиликтүүлүгү сыяктуу маселелерди эске алуу менен тартиптик практикага талдоо жүргүзүү;
- Иштерди автоматташтырылган бөлүштүрүү жана сот актыларына жеткиликтүүлүк багыттарында санариптик чечимдерди колдонууга баа берүү;
- Сурамжылоолор жана маектер аркылуу тутумдун иштеши тууралуу эмпирикалык маалыматтарды алуу максатында судьялардын, жактоочулардын жана жарандардын арасында судьялык көз карандысыздыктын кабыл алынышын изилдөө.

Белгиленген багыттар боюнча андан ары тереңдетилген изилдөөлөр сот адилеттигин өнүктүрүүгө, сот тутумуна ишенимди бекемдөөгө жана Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн чыңдоого багытталган туруктуу жана негиздүү сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Изилдөө жүргүзүү учурунда изилдөөчүлөр тобу жыйынтыктардын толуктугуна жана тактыгына таасир эте турган бир катар факторлорго туш болушту. Сот тутуму жана судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча орган тууралуу айрым ички жол-жоболор боюнча маалыматтар жабык болгондуктан, коомдук талдоо үчүн жеткиликсиз болуп, терең баа берүү мүмкүнчүлүгүн чектеди. Айрыкча, Судьялар кеңеши судьяларга карата даттануулар жана сунуштар каралган жыйындарга катышууга мүмкүнчүлүк берген жок. Бул жагдай судьяларга карата колдонулган санкциялардын соразмердүүлүгү жана адилеттүүлүгү, ошондой эле укукту колдонуу практикасында бирдиктүү ыкманын жоктугу тууралуу жыйынтыктардын тактыгына жана толуктугуна терс таасирин тийгизген болушу мүмкүн.

Азыркы өлкөлүк шарттарда изилдөөчүлөр изилдөөгө катышкан адамдардын анонимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча чараларды көрүүгө мажбур болушту. Айрым респонденттер жеке же кесиптик маалыматтарын ачыкка чыгаргысы келбегендиктен, терең жана деталдуу маектерди өткөрүү мүмкүнчүлүгү чектелип, изилдөөнүн толуктугуна жана сапатына таасир этти.

Бул чектөөлөр белгилүү бир деңгээлде жыйынтыктардын интерпретациясына таасир эткени менен, жүргүзүлгөн изилдөөнүн маанисин төмөндөтпөйт. Сот көз карандысыздыгы маселелерин толук түшүнүү үчүн бул чектөөлөрдү жоюуга багытталган кошумча изилдөөлөр талап кылынат.

Ошентип, бул изилдөө Кыргызстандын сот тутумунун учурдагы абалын жана көйгөйлөрүн түшүнүүгө олуттуу салым кошот. Анын жыйынтыктары реформаларды жана ачык-айкындуулукту жогорулатууну талап кылган негизги тармактарды көрсөтүп, сот бийлигинин көз карандысыздыгынын адилеттүүлүктү бекемдөө жана адам укуктарын коргоодогу маанисин баса белгилейт. Жыйынтыктар жана сунуштар жаңы ыкмаларды жана саясаттарды иштеп чыгууга негиз боло алат — алардын максаты адилеттүү, калыс жана ачык сот өндүрүшүн камсыз кылуу. Узак мөөнөттүү келечекте бул сунуштарды ишке ашыруу жана аныкталган чакырыктарды жоюу боюнча иштер өлкөнүн укуктук тутумун өнүктүрүүгө жана адам укуктарынын кепилдиктерин бекемдөөгө олуттуу салым кошо алат.